| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | Салык салынуучу убактылуу айырмаларга карата келечектеги мезгилдерде төлөнүүчү пайда салыгынын суммалары. |
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар боюнча милдеттенме | Төмөнкүдөй суммалардын таза суммасы: (a) отчеттук мезгилдин аягына карата белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенмелердин келтирилген наркы; (b) плюс таанылбаган ар кандай актуардык пайдалар (ар кандай актуардык зыяндарды алып салуу менен); (c) минус али таанылa элек кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай өткөндөгү наркы; (d) алардын эсебинен милдеттенмелер тикелей төлөнүүгө тийиш программанын активдеринин (эгерде бар болсо) отчеттук мезгилдин аягына карата адилет наркын алып салуу менен. |
| Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенмелер | Программанын кандайдыр-бир активдери алып салынбаган, учурдагы жана мурдагы мезгилдерде кызматкердин ишинин натыйжасында келип чыккан милдеттенмени төлөө үчүн зарыл болгон күтүлгөн келечектеги төлөмдөрдүн келтирилген наркы. |
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар боюнча милдеттенме (келтирилген нарк) | Бул кызматкерлердин учурдагы жана өткөн мезгилдерде көрсөткөн кызматтарына байланыштуу келип чыккан милдеттенме боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон, күтүлгөн келечектеги төлөмдөрдүн, активдердин программасы алынып салынбаган, келтирилген наркы. |
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар | Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программалардан башка эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылардын программасы. [ФОЭС (IAS) 19.7] Пенсиялык программалар, алар боюнча пенсиялык жөлөкпулдар катарында төлөнүүгө тийиш болгон суммалар демейде кызматкерлердин эмгек акысына жана / же иштеген жылынын санына негизделген формула боюнча аныкталат. [ФОЭС (IAS) 26.8] |
| Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программалар | Эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылардын программалары, алардын алкагында ишкана өзүнчө ишканага (же фондго) бекитилген төгүмдөрдү төлөйт жана эгерде фонддун активдери алар тарабынан учурдагы жана мурдагы мезгилдерде көрсөтүлгөн кызматтар үчүн тийиштүү болгон бардык сыйакыларды төлөп берүү үчүн жетишсиз болсо, кошумча |

| | |
|---|---|
| | төгүмдөрдү төлөө боюнча түзүлгөн кандайдыр-бир юридикалык же конструктивдүү милдеттенмелерге ээ болбойт. ФОЭС (IAS) 19.7] Пенсиялык программалар, аларга ылайык пенсиялык жөлөкпулдар катарында төлөнүүгө тийиш болгон суммалар ал боюнча инвестициялык кирешелер менен бирге фондго төгүмдөр менен аныкталат. [ФОЭС (IAS) 26.8] |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | |
| Талап боюнча төлөө | |
| бөлүштүрүү | |
| Жактоочулукту көрсөтүү | Ишкана ишмердүүлүктү токтотуунун кең-кесири формалдуу планына ээ болгондо гана жана чыгуунун реалдуу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда гана бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулду төлөөгө ачык милдеттенет. Кең-кесири план бери болгондо төмөнкүлөрдү камтууга тийиш: (а) кызмат көрсөтүүлөрү токтотулууга тийиш болгон кызматкерлердин турган жери, функциялары жана болжолдуу саны; (b) кызмат орундарынын же функциялардын ар бир категориясы үчүн бошонуп кетүүдөгү жөлөкпул; жана (c) план ишке ашырыла турган убакыт. Ишке ашыруу мүмкүн болушунча тезирээк башталууга тийиш жана ишке ашыруу аяктаганга чейинки мезгил программага олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү ыктымалдуулугу аз болгудай түрдө болууга тийиш. |
| Депозитти эсепке алуу | |
| Депозиттин компоненти | Келишимдин компоненти, эгерде ал өзүнчө инструмент болсо, ФОЭС (IAS) 39га ылайык туунду инструмент катары эсепке алынбайт жана ФОЭС (IAS) 39дун колдонуу чөйрөсүнө кирбейт. |
| Амортизацияланууучу нарк | Активдин, анын жоюу наркын алып салгандагы, баштапкы наркы же (финансылык отчеттуулукта) баштапкы нарктын ордуна колдонулуучу сумма. |
| Амортизацияланууучу активдер | |
| Амортизацияланууучу калыбына келтирүүчү нарк методу | Эгерде негизги каражаттардын объектинин атайын мүнөзүнөн улам адилет нарктын рыноктук далилдери жок болсо жана объект сейрек сатылса, улантылып жаткан ишмердүүлүктүн бир бөлүгүн кошпогондо, ишканага кирешени же алмаштыруунун калдык нарк методун пайдалануу менен адилет нарктуу баалоо талап кылынышы мүмкүн. |
| Амортизациялоо | Активдин амортизацияланууучу наркын анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде системалык түрдө бөлүштүрүү. |
| Амортизациялоо методдору | Эгерде мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык амортизациялоо методдору жана ставкалары ФОЭСке ылайык талап кылынгандардан олуттуу айырмаланган суммаларга алып келбесе, (d) идентификацияланууучу таза активдердин топтолгон амортизациясын (c)да кайра эсептебейт (мисалы, эгерде алар салык салуу максаттары үчүн гана кабыл алынган болсо жана ФОЭСке ылайык активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн акылга |

| | |
|---|---|
| | сыярлык баасын чагылдырбаса). |
| Таанууну токтотуу (финансылык инструмент) | Ишкананын балансынан финансылык активди же милдеттенмени же финансылык активдин же милдеттенменин бир бөлүгүн алып салуу. |
| Таанууну токтотуу | |
| Туунду инструмент | Ушул стандартты ФОЭС (IAS) 39дун (2–7-пункттарды кара) колдонуу чөйрөсүндө турган жана төмөнкүдөй бардык үч мүнөздөмөгө ээ болгон финансылык инструмент же башка келишим: (а) анын наркы айрым пайыздык ставка, финансылык инструменттин баасы, товардын баасы, валюталык курс, баалардын же ставкалардын индекси, кредиттик рейтинг жана кредиттик индекс өзгөрүшүнүн же башка өзгөрүлмөнүн (кээде «базалык» деп аталат) натыйжасында көрсөтүлгөн өзгөрүлмө – эгерде бул финансылык эмес өзгөрүлмө болсо – келишим боюнча кандайдыр-бир тарап үчүн мүнөздүү болуп саналбаган шартта өзгөрөт; (b) аны сатып алуу үчүн алгачкы таза инвестиция талап кылынбайт же божомолдорго ылайык рыноктук факторлорго окшош түрдө мамиле кыла турган келишимдердин башка түрлөрүнө салыштырганда алгачкы салыштырмалуу чакан таза инвестиция талап кылынат; жана (с) алар боюнча эсептешүүлөр келечектеги кайсы бир күнгө карата жүргүзүлөт. |
| Тууунду функциялар | Капиталдын компонентине караганда башка, татаал финансылык инструментке камтылган (мисалы, үлүштүк инструментке конвертациялоо мүмкүндүгү) туунду инструменттин кандай гана болбосун мүнөздөмөлөрүнүн наркы (сатып алууга опцион сыяктуу) милдеттенмеге киргизилет. |
| Туунду финансылык инструменттер | Базалык алгачкы финансылык инструментке мүнөздүү болгон бир же бир нече финансылык тобокелдиктердин инструментин тараптардын ортосунда өткөрүп берүүгө алып келүүчү укуктарды жана милдеттенмелерди түзгөн финансылык опциондор, фьючерстер жана форварддар, пайыздык свопторжана валюталык свопторсыяктуу финансылык инструменттер. Адегенде туунду финансылык инструменттер бир тарапка финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди экинчи тарап менен потенциалдуу жагымдуу шарттарда алмашууга келишимдик укукту же башка тарап менен финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди экинчи тарап менен потенциалдуу жагымсыз шарттарда алмашууга келишимдик укук берет. Бирок алар, эреже катары, келишимди түзүү учуруна карата базалык алгачкы финансылык инструментти өткөрүп берүүгө алып келбейт жана мындай өткөрүп берүү сөзсүз эле келишимдин колдонулушунун мөөнөтү учурда болуп өтпөйт. Айрым инструменттер алмашууну жүргүзүү укугун, ошондой эле милдеттенмесин камтыйт. Алмашуу шарттары финансылык рыноктордо баалардын өзгөрүшүнө жараша туунду инструментти түзүү учурунда аныкталгандыктан, бул шарттар же жагымдуу, же жагымсыз болуп калышы мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| Хеджирлөөнүн аныкталган жана натыйжалуу инструменти | c) ФОЭС (IAS) 39дун 9-пунктуна ылайык, туунду финансылык активдер жана туунду каржылык милдеттенмелер ар дайым соодага арналган деп эсептелет (хеджирлөөнүн аныкталган жана натыйжалуу инструменти болгон туунду инструменттерди кошпогондо). |
| Наркты аныктоо | Ушул стандарт наркты аныктоо жана аны кийин чыгашалар катары таануу, анын ичинде сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин эсептен ар кандай чыгарып салуу боюнча колдонмону сунуштайт. |
| Макулдашууда ижара белгилеринин болушун аныктоо | Макулдашуу ижара келишими болуп саналаарын же жоктугун же ал ижара келишимин камтый тургандыгын же жоктугун аныктоо анын маңызына негизделүүгө тийиш жана төмөнкүлөргө байланыштуу экенин же жоктугун баалоону талап кылат: (a) конкреттүү активди же активдерди (активди) пайдалануу макулдашуусун аткарууга; жана (b) макулдашууну аткаруу конкреттүү активди же активдерди (активди) пайдаланууга байланыштуу. |
| Иштеп чыгуу | Жаңы же түп орду менен жакшыртылган материалдарды, түзүлүштөрдү, продуктуларды, процесстерди, системаларды же кызмат көрсөтүүлөрдү коммерциялык өндүрүүнүн же пайдалануунун алдында алардын планын же долбоорун иштеп чыгууда изилдөөнүн натыйжаларын же башка билимдерди колдонуу. |
| Иштеп чыгуу чыгымдары | |
| Акцияга суюлтулган пайда | Башкы ишкананын (алым) жөнөкөй акцияларын кармоочуларга тиешелүү болгон, мезгил ичинде жүгүртүүдө болгон жөнөкөй акциялардын орточо алынган санына бөлүнгөн (бөлүм) пайда же зыян, эки сан маани тең бардык суюлтулган потенциалдык жөнөкөй акциялардын таасирин эске алуу менен ондоп-түзөлөт. |
| Суюлтуу | Конвертацияланууучу инструменттер конвертацияланды, опциондор же варранттар аткарылды же жөнөкөй акциялар макулдашылган шарттарды аткаргандан кийин чыгарылды деген божомолдун натыйжасында акцияга пайданын азайышы же акцияга зыяндын көбөйүшү. |
| Суюлтуу таасири | Акцияга суюлтулган пайданы эсептөө учурунда бул опциондор же варранттар суюлтуу таасирине ээ, эгерде (a) мезгил үчүн тиешелүү жөнөкөй акциялардын орточо рыноктук баасы аткаруу баасынан ашса же (b) тоорукка коюлган инструменттин сатуу баасы инструмент опцион же варрант жөнүндө макулдашуу боюнча тоорукка коюлушу мүмкүн болгондон төмөн жана алынган дисконт жөнөкөй акциялардын рыноктук баасынан төмөн болгон аткаруунун натыйжалуу баасын белгилейт, ал аткарылган учурда алынышы мүмкүн. |
| Суюлтулган потенциалдуу жөнөкөй акциялар | Потенциалдуу жөнөкөй акциялар, аларды жөнөкөй акцияларга конвертациялоо улантылып жаткан ишмердүүлүктөн акцияга пайданы азайтат же акцияга зыянды көбөйтөт. |
| азаюучу калдык методу | Азайып бараткан калдык методу пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде акынын азайышына алып келет. |
| Тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишими | Кайра камсыздандыруу келишими болуп саналбаган камсыздандыруу келишими. |

| | |
|---|---|
| Тикелей эмгек | |
| Операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттуулуктун тикелей методу | Дүң келип түшкөн акча каражаттарынын жана дүң акча төлөмдөрүнүн негизги класстары анын жардамы менен ачып көрсөтүлө турган метод. |
| тикелей операциялык чыгымдар | (ii) мезгил ичинде ижарадан киреше алып келген инвестициялык кыймылсыз мүлк менен байланышкан тикелей операциялык чыгымдар (анын ичинде оңдоо жана техникалык тейлөө). |
| тикелей таандык | |
| Директорлор | |
| Дезагрегирленген маалымат | Эгерде ишкана бир экономикалык чөйрөдө гана рыноктук тобокелдиктин бир тибине гана кабылышы мүмкүн болсо, ал дезагрегирленген маалыматты чагылдырбайт. |
| ачып көрсөтүү | |
| ачып көрсөтүү | |
| Маалыматты ачып көрсөтүү жана берүү | Тиешелүү түрдө, Башкармалык «Банктардын жана окшош финансылык мекемелердин финансылык отчеттуулугундагы маалыматты ачып көрсөтүү» ФОЭС (IAS) 30да жана «Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү жана берүү» ФОЭС (IAS) 32де маалыматты ачып көрсөтүүнү кайра кароо жана жакшыртуу зарылчылыгы бар деген тыянакка келди. Ушул кайра кароонун алкагында Башкармалык ФОЭС (IAS) 32де тобокелдиктердин топтолушу, кредиттик тобокелдик, ликвиддүүлүк тобокелдиги жана рыноктук тобокелдик жөнүндө маалыматты кайталанган ачып көрсөтүүнү алып салды жана маалыматты ачып көрсөтүүнү жөнөкөйлөттү. |
| Мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү | |
| Ачып көрсөтүү жөнүндө талап | |
| Банктардын жана окшош финансылык мекемелердин финансылык отчеттуулугундагы маалыматтарды ачып көрсөтүү | |
| Маалыматтарды ачып көрсөтүү – Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар | |
| Токтотулган ишмердүүлүк | Ишкананын же чыгып калган, же сатууга арналган катарында классификацияланган компоненти, жана (a) ишкердиктин негизги айрым багытын же ишмердүүлүктүн географиялык аймагын билдирет;<br>(b) ишкердиктин өзүнчө негизги багытынын же ишмердүүлүктүн географиялык аймагынын чыгып калышы боюнча |

| | |
|---|---|
| | макулдашылган бириккен пландын бөлүгү;<br>(c) кайрадан сатуу максатында гана алынган туунду ишкана. |
| Ишмердүүлүктү токтотуу | |
| Дисконттоо ставкасы | |
| Дисконттоо | |
| Дискрециялык катышуу шарты | Кепилденген төлөмдөргө кошумча катарында, келишим менен шартталган төмөнкүдөй кошумча пайда алуу укугу: (а) келишим боюнча жалпы пайданын олуттуу бөлүгүн түзүшү мүмкүн; (b) келишимдин шарттарына ылайык суммасы же мөөнөтү эмитенттин кароосуна калтырылган; жана (c) келишимдин шарттарына ылайык төмөнкүлөргө негизделген: (i) келишимдердин белгилүү бир тобунун же келишимдин белгилүү бир түрүнүн ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнө; (ii) эмитенттин ээлигинде турган активдердин белгиленген тобунан түшкөн ишке ашырылган жана/же ишке ашырылбаган инвестициялык кирешелерге; же (iii) келишимди чыгарган компаниянын, фонддун же башка ишкананын пайдасына же зыянына. |
| Чыгып калуунун ордун толтуруу | |
| Чыгып жаткан топ | Бир операциянын натыйжасында сатуу же башка түрдө чыгарылууга жаткан активдер тобу, жана бул операциянын натыйжасында бериле турган ушул активдер менен түздөн-түз байланышкан милдеттенмелер. Эгерде ага ФОЭС (IAS) 36нын 80 – 87-пункттарынын талаптарына ылайык гудвилл бөлүштүрүлгөн, акча каражаттарын жаратуучу бирдик, же эгерде бул акча каражаттарын жаратуучу болуп саналса, топ бизнести бириктиргенде алынган гудвилди камтыйт. |
| Жоюу планы | |
| Чыгып калуу боюнча операция | |
| Өзгөчө пикир | |
| Дивиденддик кирешелүүлүк | |
| Дивиденддер | Пайдаларды үлүштүк инструменттерди кармоочулардын ортосунда белгилүү бир класстын капиталындагы аларга таандык болгон үлүштөргө пропорционалдуу бөлүштүрүү. |
| Символдук аталыш | |
| Күмөндүү карыздар | Эгерде финансылык отчеттуулукту камтыган мезгилдин ичинде ишкананын байланыштуу тараптар менен операциясы бар болсо, ал байланыштуу тараптар менен мамилелердин мүнөзүн, |

| | |
|---|---|
| | ошондой эле бул операциялар жана толук төлөнбөгөн калдыктар жөнүндө маалыматты, анын ичинде финансылык отчеттуулукта мамилелердин потенциалдуу таасирин түшүнүү үчүн пайдалануучуларга зарыл болгон милдеттенмелерди ачып көрсөтүүгө тийиш. Маалыматты ачып көрсөтүүгө карата бул талаптар 17-пункттун талаптарын кошумчалайт. Маалыматты ачып көрсөтүү бери болгондо: (a) операциялардын суммасын; (b) толук төлөнбөгөн калдыктардын суммасын, анын ичинде милдеттенмелерди; жана: (i) алардын мөөнөттөрүн жана шарттарын, анын ичинде алар камсыз кылынган болуп саналаарын же жоктугун; жана (ii) ар кандай берилген же алынган кепилдиктердин майдабараттарын; (c) толук төлөнбөгөн калдыктардын суммасына кирген шектүү карыздар боюнча резервдерди; жана (d) байланыштуу тараптардын ишенимсиз же күмөндүү карыздары жагынан мезгил ичинде таанылган чыгашаларды камтууга тийиш. |
| «Жогорудан төмөн карай» багытындагы операция | Инвестордун (анын ичинде анын консолидацияланган туунду ишканасынын) жана ассоциацияланган ишкананын ортосунда «агым боюнча жогору карай» жана «агым боюнча төмөн карай» операцияларынын натыйжасында келип чыккан пайдалар жана зыяндар инвестордун финансылык отчеттуулугунда ассоциацияланган ишканага инвесторлордун кызыкчылыктары байланышпаган даражада гана таанылат. «Upstream (агым боюнча жогору карай же жогору жак)» операциясы – бул, мисалы, ассоциацияланган ишкананын активдерин инвесторго сатуу. «Кайра иштетүү» – бул, мисалы, инвесторго активдерди ассоциацияланган ишканага сатышы. Ассоциацияланган ишкананын пайдаларындагы жана зыяндарындагы инвестордун үлүшү бул операциялардын натыйжасында алып салынат. |
| кош листинги бар корпорация | |
| кош триггердик келишим | |
| Алда канча эрте колдонуу кубатталат | |
| Пайда же эмгек акы | |
| Суюлтулган пайда | |
| Пайда алуу шарты | Пайда алуу шарты акцияга базалык пайдага таасир этпейт, анткени бул шарт күтүлбөгөн жагдайлар мезгилинин аягына чейин аткарылат деген ишенич жок. |
| Акцияга пайда | ФОЭС - аталыш |

| | |
|---|---|
| Акцияга пайда – эсептешүүлөрү акциялар менен жүргүзүлүүчү финансылык инструменттер жана башка келишимдер | |
| Экономикалык пайда | Көпчүлүк учурларда активди сатып алуу жөнүндө чечимди негиздөө үчүн даярдалган бир эле учурдагы документация келечектеги экономикалык пайдалардын баасын камтыйт. |
| Пайдалануучулардын экономикалык чечимдерди кабыл алууга муктаждыктары | Эгерде төмөнкүдөй өзгөртүү финансылык отчеттуулукту экономикалык чечимдерди кабыл алууда пайдалануучулардын муктаждыктары үчүн алда канча жөндүү жана андан кем эмес ишенимдүү же алда канча ишенимдүү жана бул муктаждыктарга кем эмес ылайыктуу кылса, ишкана чалгындоого жана баалоого чыгымдарга карата өзүнүн эсеп саясатын өзгөртө алат. |
| Экономикалык пайдалануу мөөнөтү | Же болбосо (a) активдин бир же бир нече пайдалануучулар тарабынан экономикалык пайдаланусу мүмкүн деп божомолдонгон мезгил аралыгы, же болбосо (b) бир же бир нече пайдалануучулар тарабынан активден алынуу божомолдонуп жаткан продукциянын бирдиктеринин же ошол сыяктуу бирдиктердин саны. |
| Болжолдонгон кайра өзгөртүүлөрдүн натыйжасы | |
| Күчүнө кирүү күнү | |
| Натыйжалуу пайыздык ставка методу | Финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын эсептөө үчүн, ошондой эле пайыздык кирешени же пайыздык чыгашаларды бөлүштүрүү же тиешелүү мезгил аралыгында пайданын же зыяндын курамында таануу үчүн колдонулуучу метод. |
| Натыйжалуу пайыздык ставка | Келечекте болжолдонгон акча каражаттарынын төлөмүн же түшүүлөрүн ошол финансылык инструменттин жабуу мөөнөтү келгенге чейин, же, керектүү учурларда андан кыскараак мезгил ичинде финансылык активдин же финансылык милдеттенменин таза баланстык наркына чейин дисконттоону камсыз кылган пайыздык ставка. Ишкананын натыйжалуу пайыздык ставкасын эсептөөдө финансылык инструменттин (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опциондун, узартууга опциондун, колл-опциондун жана ушундай опциондордун) бардык келишимдик шарттарын эске алуу менен, бирок күтүлгөн кредиттик чыгымдарды эске албастан, күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары бааланууга тийиш. Эсепке келишим боюнча тараптардын ортосунда төлөнгөн же алынган, пайыздык ставканын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган (ФОЭС (IAS) 18ди кара), бардык сыйакылар жана суммалар, операциялык чыгымдар жана башка бардык премиялар же арзандатуулар киргизилет. Бири-бирине окшош финансылык инструменттердин тобунун акча каражаттарынын агымдары жана колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү ишенимдүү бааланышы мүмкүн деп болжолдонот. Бирок финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин тобунун) акча каражаттарынын агымдарынын ишенимдүү баалоосун же колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүн ишенимдүү баалоо мүмкүн болбогон сейрек учурларда ишкана ушул финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин ушул тобунун) колдонулушунун бүткүл келишимдик мөөнөтүнүн |

| | |
|---|---|
| | аралыгында келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары боюнча маалыматтарды пайдаланууга тийиш |
| Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири | Ишкана өзүнүн баалоо валютасын жана тапшыруу валютасын аныктоодо «Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири – финансылык отчеттуулукту баалоо жана көрсөтүү» ФОЭС (IAS) 21ди сактайт ( «Отчеттуулук валютасы – ФОЭС (IAS) 21ге жана ФОЭС (IAS) 29га ылайык финансылык отчеттуулукту баалоо жана көрсөтүү» ТТК (SIC) 19ду кара). |
| Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдердин баштапкы наркынын элементтери | Төмөндө чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдердин баштапкы наркына киргизиле турган чыгымдардын мисалдары көрсөтүлгөн (көрсөтүлгөн тизмек бардыгын камтыган болуп саналбайт): (а) чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө укуктарды алууга чыгымдар; (b) топографиялык, геологиялык, геохимиялык жана геофизикалык изилдөөлөргө чыгымдар; (с) издөө-чалгындоо боюнча бургулоо иштерине чыгымдар; (d) траншеяларды казуу иштерине чыгымдар; (е) сынамыктарды жана үлгүлөрдү ылгоого жана алууга чыгымдар; жана (ж) пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жүзөгө ашырылышын жана коммерциялык максатка ылайыктуулугун баалоо менен байланышкан чыгымдар. |
| Капиталдаштырууга укугу бар | |
| Ассоциацияланган ишканалар менен операциялар боюнча ишке ашырылбаган пайданы жана зыянды алып салуу | |
| Камтылган туунду инструмент | Гибриддик (аралаш) инструменттин компоненти, ал ошондой эле туунду эмес негизги келишимди камтыйт, анын натыйжасында аралаш инструменттен акча каражаттарынын агымдары өзүнчө туунду инструментке окшош өзгөрөт. |
| Кызматкерлердин сыйакылары | Көрсөткөн кызматтары үчүн кызматкерге ишкана тарабынан берилүүчү эмгек акылардын жана төлөп берүүлөрдүн бардык формалары. |
| Кызматкер үлүшкө ээлик кылышынын планы | |
| Кызматкер үлүштү сатып алышынын планы | |
| Кадрлардын алмашуусунун деңгээли | Кадрлардын алмашуусу жагынан ФОЭСке өтүү күнүнө карата ишкананын актуардык божомолдору ФОЭСке өтүү күнүнөн кийин болуп өткөн пенсиялык программаны кыскартуунун натыйжасында кадрлардын алмашуусунун эсептик көрсөткүчтөрүнүн кыйла көбөйүшүн чагылдырбайт (32-пункт, ФОЭС). |
| Окшош кызмат көрсөтүүчү кызматкерлер жана башка адамдар | Ишканага өзүнүн кызматын көрсөткөн жана (а) юридикалык же салык максаттары үчүн кызматкерлер катары каралган, (b) ишканага анын жетекчилиги астында юридикалык же салык максаттары үчүн кызматкерлер катары каралган адамдардай эле түрдө иштеген же (с) алардын кызмат көрсөтүүлөрү кызматкерлердин кызмат көрсөтүүлөрүнө окшош болгон жеке жактар. Мисалы, бул аныктама бүткүл башкаруучу персоналды, башкача айтканда, ишкананын ишмердүүлүгүн пландаштырууга, |

| | |
|---|---|
| | башкарууга жана контролдоого ыйгарым укуктары бар жана алар үчүн жоопкерчилик тарткан адамдарды, анын ичинде ишкананын аткаруучу эмес директорлорун камтыйт. |
| Эмгек акыга салыктар жана иш берүүчүнүн камсыздандыруу төгүмдөрү | |
| Кабыл алуу | |
| Шарттардын аткарылышын камсыз кылуу | Мөөнөтүнүн өтүп кетиши контрагент эч качан төлөбөйт дегенди билдирбейт, бирок шарттарды кайра кароо, шарттарды аткарууну камсыз кылуу же соттук териштирүү сыяктуу ар түрдүү аракеттерди демилгелей алат. |
| Маалыматты кеңири ачып көрсөтүү | ФОЭСке өтүү жөнүндө маалыматты кеңири ачып көрсөтүүнү талап кылат. |
| Ишкана | |
| ишкана | |
| Ишканага мүнөздүү нарк | Ишкана активди пайдаланууну улантуудан жана пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында анын чыгып калышынан алууну же милдеттенмени төлөө учурунда төлөнүшүн күтүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы. |
| Экологиялык милдеттенмелер | |
| Теңдөөчү резервдер | |
| Капитал, өздүк капитал | Ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин анын активдериндеги калган үлүш. |
| Өздүк капитал – өздүк капитал менен болгон операцияга чыгымдар | |
| Үлүштүк катышуу методу боюнча эсепке алуу методу – зыяндарды таануу | |
| Капиталдын калдыктары | |
| Өздүк капитал | |
| Акционердик капиталдын компенсацияларынын төлөмдөрү (=акциялар менен (= үлүш менен) компенсациялык төлөмдөр) | Кызматкерлердин сыйакылары, мында: (а) кызматкерлер ишкана (же анын башкы ишканасы) чыгарган финансылык үлүштүк инструменттерди алууга укуктуу; же (b) кызматкерлердин алдында ишкананын милдеттенмесинин суммасы ишкана чыгарган финансылык үлүштүк инструменттердин келечектеги баасына байланыштуу. |

| | |
|---|---|
| Акционердик капиталдын компенсациясынын пландары (= Акция (= Акция) компенсациянын пландары) | Расмий же формалдуу эмес макулдашуулар, аларга ылайык ишкана бир же бир нече кызматкерге үлүштүк катышуу түрүндөгү компенсацияны берет. |
| Капиталдын компоненти | Эгерде милдеттенменин компоненти ФОЭСке өтүү күнүнө карата төлөнбөгөн болуп саналса, ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканага инструменттин алгачкы капиталынын компонентин милдеттенменин компонентине чегерилген топтолгон пайыздан бөлүүнүн зарылчылыгы жок (23-пункт, ФОЭС). |
| Акцияларды кармоочулар | |
| Акционердик капиталдын индекси | |
| Үлүштүк инструмент | Ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин калган анын активдериндеги калдык үлүшкө укукту ырастаган келишим. |
| Берилген үлүштүк инструмент | Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча макулдашуунун алкагында ишкана башка тарапка берген ишкананын үлүштүк инструментине (шарттуу же шартсыз) укук. |
| Капиталдагы үлүштөр | ФОЭС (IFRS) 3түн максаттары «капиталдагы үлүштөр» термини кеңири мааниде инвестордун менчигинде турган ишканалардагы инвестор жана менчик ээлери ээлик кылган үлүштү, өз ара байланышкан ишканалардын катышуучуларынын же мүчөлөрүнүн үлүштөрүн белгилөө үчүн колдонулат. |
| Акцияларды чыгаруу | |
| Үлүштүк катышуу методу | Анын учурунда инвестициялар адегенде баштапкы нарк боюнча таанылган жана кийинчерээк сатып алгандан кийин инвестициялар объектинин таза активдерине инвестордун катышуу үлүшүн эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн эсепке алуу методу. Инвестордун пайдасы же зыяны инвестиция объектисинин пайдасындагы же зыянындагы инвестордун үлүшүн камтыйт. |
| Үлүштүк баалуу кагаздар | |
| Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция | Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция, анын учурунда ишкана товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнүн үлүштүк инструменттери (анын ичинде акциялары жана акцияга опциондору) үчүн ордун толтуруу иретинде алат; же товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алат, бирок берүүчү менен операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү милдетин албайт. |
| Болжолдонгон чыгымдар | Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы – бул иштерди аяктоого эсептик чыгымдарды жана сатуу үчүн зарыл болгон эсептик чыгымдарды алып салуу менен демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү сатуунун эсептик баасы. |

| | |
|---|---|
| Болжолдонгон келечектеги акча каражаттарынын агымдары | |
| Акцияларга европалык опцион | |
| Ижаранын юридикалык формасына ээ операциялардын маңызын аныктоо | ФОЭС - аталышы |
| Окуялардын негизинде адилет наркты баалоо | Ал адилет нарктын окуяларга багытталган ушундай бааларын ФОЭС үчүн ушундай баалоо күнүнө карата шарттуу баштапкы нарк катарында пайдалана алат. |
| Отчеттук күндөн кийинки окуялар | ФОЭС – эски аталыш |
| Отчеттук күндөн кийин болуп жаткан окуялар | Отчеттук күндөн кийинки окуялар – бул балансты түзүү күнүнүн жана финансылык отчеттуулукту чыгарууга бекитүү күнүнүн ортосунда болуп жаткан жагымдуу, ошондой эле жагымсыз окуялар. Окуялардын төмөнкүдөй эки тибин бөлүп көрсөтүүгө болот: (a) баланстын күнүнө карата болгон шарттар жөнүндө тастыктаган окуялар (баланстын күнүнөн кийин оңдоп-түзөөчү окуялар); жана (b) отчеттук күндөн кийин келип чыккан шарттарды көрсөтүп турган окуялар (отчеттук күндөн кийин оңдоп-түзөлбөгөн окуялар). |
| Нарктын түшүшүнүн белгилери | 59-пунктта көрсөтүлгөн окуялардын типтеринен тышкары, үлүштүк инструменттеги инвестициялардын наркынын түшүшүнүн объективдүү далили эмитент иштеп жаткан технологиялык, рыноктук, экономикалык же укуктук чөйрөдө болуп өткөн жагымсыз натыйжалары бар кыйла өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматты камтыйт жана үлүштүк инструменттеги инвестициялардын наркынын орду толтурулушу мүмкүн эместигин көрсөтүп турат. |
| Курстук айырма | Валюталардын ар түрдүү алмашуу курстарын пайдалануу менен бир валютадагы айрым сандагы бирдиктерди башка валютага кайра эсептөө учурунда келип чыккан айырма. |
| Активдерди алмашуу | |
| Алмашуу курсу | Бир валютаны башкасына алмаштыруу учурундагы катыш. |
| Алмашуу операциясы | (b) алмашуу операциялары (башкача айтканда, анда инвестициялык кыймылсыз мүлк акчалай эмес активдердин ордуна толугу менен же жарым-жартылай сатып алынган операциялар) качан коммерциялык өлчөмгө ээ болоорун жана коммерциялык өлчөмү бар же жок мындай операциялар кантип эсепке алынаарын көрсөтүү. |
| Аткарыла турган келишим | |

| | |
|---|---|
| Бошотуулар | Башкармалык рентабелдүүлүк боюнча бул чектөөлөрдү карады жана ВС25-пунктунда сыпатталган жалпы принциптен максаттуу бошотууларды иштеп чыкты. |
| Аткаруу күнү | |
| Укуктарды ишке ашыруу | Укуктарды ишке ашырганга чейин жүгүртүүдө болгон бардык акциялардын адилет наркы + укуктарды ишке ашыруудан алынган жалпы сумма. |
| Аткаруунун баасы | |
| Учурдагы милдеттенме | |
| Күтүлгөн нарк | |
| Чыгымдар | |
| Чыгашалар | Отчеттук мезгил ичинде менчик ээлеринин бөлүштүрүүлөрүнө кирбеген өздүк капиталдын азайышына алып келген активдердин чыгышы же азайышынын же милдеттенмелердин пайда болуусунун түрүндө келип чыккан экономикалык пайдалардын азайышы. |
| Кайра камсыздандыруу эсеби | |
| Тажрыйбанын негизинде оңдоп-түзөөлөр | Мурдагы актуардык божомолдордун жана иш жүзүндө болуп өткөндөрдүн ортосундагы айырмалардын натыйжасы. |
| Мөөнөт аяктаган күн | |
| ФОЭСке шайкештик жөнүндө так жана шартсыз билдирүү | Биринчи жылдык финансылык отчеттуулук, анда ишкана ФОЭСке шайкештик жөнүндө так жана шартсыз билдирүү аркылуу Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартын (ФОЭС) колдонот. |
| Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер | Чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдар ишкананын эсеп саясатына ылайык активдер катары таанылат. |
| Чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдар | Пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жактан жүзөгө ашырылышы жана коммерциялык максатка ылайыктуулугу айкын болгонго чейин ишкананын пайдалуу кендердин запастарын чалгындоого жана баалоого байланыштуу тарткан чыгымдары. |
| Пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо | Ишкана белгилүү бир аймакта чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө мыйзамдуу укук алгандан кийин пайдалуу кендердин запастарын, анын ичинде минералдык чийки затты, мунайды, жаратылыш газын жана аларга окшош орду толбой турган ресурстарды издөө, ошондой эле пайдалуу кендерди өндүрүүнүн техникалык жүзөгө ашырылышын жана коммерциялык максатка |

| | |
|---|---|
| | ылайыктуулугун аныктоо. |
| Талкуулоо үчүн версия | |
| Негизги активдерди экспроприациялоо | |
| Өзгөчө беренелер | Ишкананын  демейки ишмердүүлүгүнөн таптакыр айырмаланган окуялардын же операциялардын натыйжасында келип чыккан жана, тиешелүү түрдө, көп жана дайыма кайталанууга тийиш болбогон кирешелер же чыгашалар. |
| Биринчи бети (финансылык отчеттуулуктун же эскертүүлөрдүн) | |
| Ишенимдүү берүү | |
| Адилет нарк | Жакшы маалыматтанган  жана операцияларды жүргүзүүгө ниеттенген тараптардын ортосунда активге алмашууга, милдеттенмени төлөөгө мүмкүн болгон сумма. [ФОЭС (IAS) 2.6, (ФОЭС (IAS) 16.6), ФОЭС (IAS) 17.4, ФОЭС (IAS) 18.7, (ФОЭС (IAS) 19.7), (ФОЭС (IAS) 20.3), ФОЭС (IAS) 21.8, ФОЭС (IAS) 32.11, (ФОЭС (IAS) 38.8), ФОЭС (IAS) 39.9, (ФОЭС (IAS) 40.5), ФОЭС (IAS) 41.8, ФОЭС (IFRS) 1. А, ФОЭС (IFRS) 3.А, ФОЭС (IFRS) 4.А, ФОЭС (IFRS) 5.А] Жакшы маалыматтанган жана операцияларды жүргүзүүгө даяр тараптардын ортосунда активге алмашууга, милдеттенмени төлөөгө же үлүштүк инструментти берүүгө боло турган сумма. [ФОЭС (IFRS) 2.А] |
| Адилет наркты хеджирлөө | |
| Адилет наркты баалоо | Бул адилет наркты баалоого алып келет (ишкана ишенимдүү адилет наркты аныктай албаган учурларды кошпогондо, ФОЭС (IAS) 39, 70-пунктту караңыз), мында адилет нарктын өзгөрүүлөрү пайда жана зыян жөнүндө отчетто таанылат. |
| Туура көрсөтүү | |
| жыйымдар | |
| Башкы ишкананын башка туунду ишканасы | |
| Ишеним облигациялары | |
| Фидуциардык ишмердүүлүк | ФОЭС (IFRS) 7.20 (с) (ii) тасттык жана башка фидуциардык ишмердүүлүк, анын натыйжасы жеке жактардын, тасттардын, пенсиялык программалардын жана башка ишканалардын атынан активдерге ээлик кылуу же аларды инвестициялоо болуп саналат. |

| | |
|---|---|
| ФИФО | Биринчи кезекте биринчилерден болуп сатып алынган же өндүрүлгөн запастардын предметтери сатылат жана, тиешелүү түрдө, мезгилдин аягына карата запастарда калган предметтер соңкулардан болуп сатып алынган же өндүрүлгөндөр болуп саналат деген божомол. |
| ФИФО формуласы | |
| Финансылык ижара | Базалык активдин менчиктик укугуна байланыштуу негизинен бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берүү жүзөгө ашырылган  ижара.  Менчик укугу убакыттын өтүшү менен өткөрүлүп берилиши же берилбеши мүмкүн. |
| Финансылык ижара боюнча милдеттенмелер | ФОЭСтеги өзүнүн бириктирилген кириш балансында L башкы ишканасы 300 өлчөмүндөгү финансылык ижара жана 250 өлчөмүндөгү ижара активдери боюнча милдеттенмелерди тааныйт жана бөлүштүрүлбөгөн пайдага 50нү эсептен чыгарат (B2 (f) пункту). |
| Финансылык актив | Төмөндөгү ар кандай актив:<br>(a) акча каражаттары;<br>(b) башка ишкананын үлүштүк инструменти;<br>(c) келишимдик укук;<br>(i) башка ишканадан акча каражаттарды же башка финансылык активдерди алуу; же<br>(ii) финансылык активдерди же милдеттенмелерди башка ишкана менен  ишканага мүмкүн болгон жагымдуу шарттар менен алмашуу;<br>(d) ал боюнча эсептешүү өздүк үлүштүк инструменттерди берүү жолу менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон жана төмөнкүлөр болуп саналган келишим;<br>(i) ага ылайык ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттерин өзгөрүлүүчү санда алууга милдеттенген же милдеттениши мүмкүн болгон туунду эмес инструмент; же<br>(ii) ал боюнча эсептешүү бекитилген суммадагы акчаны же башка финансылык активди бекитилген сандагы  ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерине алмашуу жолунан айырмаланган жолдор менен жүргүзүлгөн же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон туунду инструмент.<br>Ушул максатта ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери ФОЭС (IAS) 32нин 16А жана 16В-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияллануучу кайра артка сатуу укугу менен  финансылык инструменттерди, жоюу учурунда гана ишкананын таза активдеринин үлүшүнө пропорционалдуу үлүштү башка тарапка берүүгө милдеттенмени ишканага жүктөгөн инструменттерди камтыбайт жана ФОЭС (IAS) 32нин 16С жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары же келечекте ишкананын өзүнүн үлүштүк инструменттерин алууга же берүүгө  келишимдер болуп саналган инструменттер катары классификацияланат. |
| Пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааллануучу финансылык актив же финансылык милдеттенме | Ар кандай төмөнкүдөй шарттарга жооп берген финансылык актив же финансылык милдеттенме. |
| Соодага арналган финансылык актив же милдеттенме | Негизинен баанын кыска мөөнөттүү өзгүрүүлөрүнөн же дилердик маржадан пайда алуу максатында сатып алынган же келип чыккан финансылык актив же милдеттенме. Эгерде сатып алышынын себептерине карабастан, финансылык актив ал боюнча соңку учурда кыска мөөнөттүү пайданы иш жүзүндө |

| | |
|---|---|
| | белгилөөнүн далили бар портфелдин бир бөлүгү болуп саналса, аны соодага арналган катары классификациялоо керек. Эгерде туунду финансылык активдер жана туунду финансылык милдеттенмелер хеджирлөөнүн натыйжалуу инструменттери болуп саналбаса, алар дайыма соодага арналган деп эсептелет. |
| Финансылык капитал | |
| Финансылык конгломерат | ФОЭС (IFRS) 7 ВС6 банктардын, финансылык кызмат көрсөткөн банктык эмес компаниялардын жана финансылык конгломераттардын ортосундагы атаандаштык. |
| Финансылык кепилдик | |
| Финансылык мекеме | |
| Финансылык инструменттер | Бир эле убакытта бир ишканада финансылык активдин жана башка ишканада финансылык милдеттенменин же үлүштүк инструменттин пайда болушуна алып келген ар кандай келишим. |
| Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү жана берүү | ФОЭСтин аталышы |
| Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо | ФОЭСтин аталышы |
| Финансылык милдеттенме | Төмөндөгү ар кандай милдеттенме:<br>(a) келишимдик милдет:<br>(i) башка ишканага акча каражаттарын же башка финансылык активди берүү боюнча; же<br>(ii) финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди башка ишкана менен ишканага жагымсыз шарттар менен алмашуу боюнча; же<br>(b) ал боюнча эсептешүү ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон келишим; жана<br>(i) ага ылайык ишкана өздүк үлүштүк инструменттерин өзгөрүлүүчү санда алууга милдеттенген же милдеттениши мүмкүн болгон туунду эмес инструмент; же<br>(ii) ал боюнча эсептешүү бекитилген суммадагы акчаны же башка финансылык активди бекитилген сандагы ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерине алмашуу жолунан айырмаланган жолдор менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон туунду инструмент.<br>Ушул максатта ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери ФОЭС (IAS) 32нин 16А жана 16В-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификациялануучу кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттерди, жоюу учурунда гана ишкананын таза активдеринин үлүшүнө пропорционалдуу үлүштү башка тарапка берүүгө милдеттенмени ишканага жүктөгөн инструменттерди камтыбайт жана ФОЭС (IAS) 32нин 16С жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары же келечекте ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерин алууга же берүүгө келишимдерди билдирген инструменттер катары классификацияланат. Финансылык милдеттенме аныктамасына жооп берген инструмент өзгөчө учур катары, эгерде ал ФОЭС (IAS) 32нин 16А жана 16В-пункттарынын же 16С жана 16D-пункттарынын бардык мүнөздөмөлөрүнө ээ болсо жана шарттарына ылайык келсе, |

| | |
|---|---|
| | үлүштүк инструмент катары классификацияланат. |
| Финансылык натыйжалуулук | (b) ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана ФОЭСке өтүү анын финансылык абалына, финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына кандай таасир эткенин финансылык отчеттуулукта кантип ачып көрсөтө алаарын көрсөтүү үчүн көрсөтмөлүү мисалды камтыйт, аны ФОЭС (IFRS)тин (IG63-пункту) 39(a) жана (b), 40 жана 41-пункттары талап кылат. |
| Финансылык абал | Балански [финансылык абал жөнүндө отчетто] көрсөтүлгөн ишкананын активдеринин, милдеттенмелеринин жана өздүк капиталынын ортосундагы өз ара байланыш. |
| Финансылык отчеттуулук | |
| Гиперинфляциянын шарттарындагы финансылык отчеттуулук | ФОЭС - аталыш |
| Биргелешкен ишканаларга катышуу жөнүндө финансылык отчеттуулук | |
| Финансылык баяндама | |
| Финансылык тобокелдик | Төмөнкү бир же бир нече факторлордун келечекте өзгөрүшү мүмкүн тобокелдиги: берилген пайыздык ставканын, финансылык инструменттин  баасынын, товардын баасынын, чет өлкөлүк валютанын алмашуу курсунун, баалардын же ставкалардын индексинин, кредиттик рейтингдин же кредиттик индекстин, же башка өзгөрүлмөнүн, финансылык эмес өзгөрүлмөнүн учурунда, ушул өзгөрүлмө келишим боюнча тарапка мүнөздүү болбогон шартта. |
| Финансылык отчеттуулук | «Финансылык отчеттуулуктун толук комплекти төмөнкүлөрдү камтыйт: (а) мезгилдин аягына карата финансылык абал жөнүндө отчетту; (b) мезгил ичиндеги жыйынды киреше жөнүндө отчетту; (c) мезгил ичиндеги капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетту; (d) мезгил ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетту; (е) эсеп саясатынын негизги принциптеринин кыскача баяндамасын камтыган эскертүүнү жана башка түшүндүрмө маалыматты; жана (ж) ишкана эсеп саясатын ретроспективдүү өзгөрткөн же өзүнүн финансылык отчеттуулугунда беренелерди ретроспективдүү кайра эсептөөнү жүргүзгөн, же ал өзүнүн финансылык отчеттуулугунда беренелерди кайра классификациялаган учурда эң эрте салыштырмалуу мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө отчетту. |
| Учурдагы күнгө чейинки финансылык жыл | |

| | |
|---|---|
| Финансылык ишмердүүлүк | Ишкананын капитал салымдарынын жана зайымдарынын өлчөмүндөгү жана курамындагы өзгөрүүлөргө алып келген ишмердүүлүк. |
| Каржылоо механизми | |
| Даяр продукция | |
| Бекемделген келишим | Белгилүү сандагы ресурстарды, белгилүү баада белгилүү күндө же күндөрдө алмашуу боюнча милдеттендирүүчү келишим. |
| Сатып алуу боюнча бекемделген келишим | Байланыштуу эмес тарап менен болгон, эки тарап үчүн милдеттүү жана демейде юридикалык күчү бар макулдашуу: ал (а) операциялардын учурдагы бардык олуттуу шарттарын, анын ичинде баасын жана мөөнөттөрүн аныктайт, жана (b) аткаруу толук ыктымалдуу болушу үчүн аткарбай коюу үчүн жетиштүү көлөмдөгү кечендетүүчү факторлорду камтыйт. |
| Сатып алуу - сатуу бекемделген келишимдери | Резервдер колдо болгон ашык запастар боюнча сатып алуу-сатуу бекемделген келишимдери аркылуу же сатып алуу-сатуу бекемделген келишимдери боюнча келип чыгышы мүмкүн. |
| ФОЭС боюнча биринчи финансылык отчеттуулук | Биринчи жылдык финансылык отчеттуулук, анда ишкана ФОЭСке шайкештик жөнүндө так жана шартсыз билдирүү аркылуу Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартын (ФОЭС) колдонот. |
| First-in, first-out (биринчи түшүү - биринчи сатуу) | |
| ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана | ФОЭС боюнча өзүнүн биринчи финансылык отчеттуулугун берип жаткан ишкана. |
| алгачкы колдонуу | ФОЭС (IFRS) 1 - Финансылык отчеттун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу |
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу | ФОЭСтин аталышы |
| Алгачкы колдонуу | Эгерде ишкананын ФОЭС боюнча биринчи финансылык отчеттуулугу 2004-жылдын 1-январына чейин башталуучу мезгил үчүн түзүлгөн болсо жана ишкана «ФОЭС (IAS)ты алгачкы колдонуу» ТТК-8дин ордуна бухгалтердик эсептин баштапкы негизи катары ушул ФОЭСти колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Бухгалтердик эсептин баштапкы негизи катары ФОЭС (IAS)ти алгачкы колдонуу | |
| Негизги каражаттар | |
| Купондун бекитилген ставкасы | ФОЭС (IFRS) 7.IG8 20X1-жылдын 1-январында ишкана номиналдык наркы 150 000 шарттуу бирдик жана жылдык бекитилген купондук ставкасы 8 пайыз болгон 10 жылдык |

| | |
|---|---|
| | облигацияны чыгарат, бул ушундай мүнөздөмөлөрү бар облигациялар үчүн рыноктук ставкаларга ылайык келет. |
| Бекитилген баа менен келишим | Курулуш келишими, анда подрядчы келишимдин бекитилген баасына же айрым учурларда чыгымдарды көбөйтүү жөнүндө жоболор менен жөнгө салынуучу продукциянын бирдиги үчүн бекитилген ставкага макул болот. |
| Бекитилген өндүрүштүк кошумча чыгашалар | Амортизация жана заводдун имараттарын жана жабдууларын тейлөө сыяктуу өндүрүштүн көлөмүнө карабастан салыштырмалуу туруктуу бойдон калуучу өндүрүшкө кыйыр чыгымдар, ошондой эле заводду башкарууга жана тескөөгө чыгымдар. |
| Кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы | ФОЭС (IFRS) 7.IG10 Ишкана кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы тегиз, пайыздык ставкалардын бардык өзгөрүүлөрү кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгынын жарыш жылуусунун натыйжасы болуп саналат, ал эми LIBOR өзгөртүүлөрү рыноктук шарттардын жалгыз олуттуу  өзгөртүүлөрү болуп саналат деп эсептейт. |
| Өзгөрүлмө ставка | |
| Төмөнкү чек | |
| Болжол | |
| Болжолдонгон операция | Жүргүзүлө элек, бирок күтүлүүчү операция. |
| Чет өлкөлүк валюта | Ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валюта. |
| Чет өлкөлүк валютадагы туунду финансылык инструменттер | ФОЭС (IAS) 39 чет өлкөлүк валютадагы көптөгөн туунду финансылык инструменттерге карата колдонулат жана тиешелүү түрдө алар ушул стандарт колдонулган чөйрөдөн чыгарып салынган. |
| Чет өлкөлүк  валютадагы операция | Чет өлкөлүк валютада жасалган же аны менен эсептешүүнү талап кылган операция. |
| Чет өлкөлүк ишкана | Ишмердүүлүгү отчет берүүчү ишкананын ишмердүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналбаган чет өлкөлүк бөлүм. |
| Валютаны алмашуу – валютанын кескин девальвациясынын натыйжасында келип чыккан зыяндарды капиталдаштыруу | |

| | |
|---|---|
| Алмашуу боюнча валюталык келишим | |
| Валюталардын курстары | IG32 Ишкана өзүнүн баалоо валютасын жана тапшыруу валютасын аныктоодо «Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири» ФОЭС (IAS) 21ди сактайт ( «Отчеттуулук валютасы – ФОЭС (IAS) 21ге жана ФОЭС (IAS) 29га ылайык финансылык отчеттуулукту баалоо жана көрсөтүү» ТТК (SIC) 19ду кара)» . |
| Чет өлкөлүк бөлүм | Отчет берүүчү ишкананын туундусу, ассоциацияланган, биргелешкен ишканасы же бөлүмү болуп саналган, анын ишмердүүлүгү отчет берүүчү ишкананын өлкөсүнөн же валютасынан айырмаланган өлкөдө же валютада негизделген же жүзөгө ашырылып жаткан ишкана. |
| Шарттуу кайтарымсыз зайымдар | Аларга карата кредитор тапшырылган айрым шарттарды аткарган учурда берилген суммаларды талап кылуудан баш тартуу милдетин өзүнө алган зайымдар. |
| Форварддык келишим | |
| Кайра артка сатып алуу жөнүндө форварддык макулдашуу | |
| Негиздер | |
| Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү үчүн негиздер | |
| Франшиза үчүн акы | |
| Чыгашалар функциясы | |
| Колдонуудагы валюта | Ишкана операцияларын жүргүзгөн негизги экономикалык чөйрөнүн валютасы. |
| Фундаменталдык каталар | Учурдагы мезгилде табылган каталар ушунчалык маанилүү болгондуктан, бир же бир нече өткөн мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулук аларды чыгаруу күнүнө карата ишенимдүү деп эсептелиши мүмкүн эмес. |
| каржылоо | Ишкананын, ал эми кээде анын кызматкерлеринин юридикалык жактан отчет берүүчү ишканадан бөлүнгөн жана алардан кызматкерлерге сыйакы төлөнүп жаткан ишканага же фондго төгүмдөрү. |
| Келечектеги акча каражаттарынын агымы | |
| Келечектеги экономикалык пайда | Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин ишканага агымына түз же кыйыр көмөктөшүү мүмкүнчүлүгү. Потенциал үзүрлүү болушу мүмкүн, бул ишкананын операциялык ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Ал ошондой эле акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине конвертациялануу формасына же, мисалы, альтернативдүү өндүрүштүк процесс өндүрүштүк чыгымдарды азайтканда акча каражаттарынын чыгышын кыскартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| Фьючерстик келишим | |
| БЭЖП (GAAP) | Мурдатан колдонулуп келген БЭЖПлар (GAAP) ФОЭСтерден кыйла айырмаланат, ал эми айрым өлкөлөрдө бизнести бириктирүү үчүн бухгалтердик эсепке карата талаптар таптакыр жок. |
| Чыгып калуудан киреше | |
| Башка кирешелер | Кирешенин аныктамасына ылайык келген, бирок сатуудан түшкөн акчага кирбеген экономикалык пайдалардын көбөйүүлөрү. |
| Жалпы сатып алуу кудуретинин негизиндеги ыкма | Баалардын жалпы деңгээлинин өзгөрүүлөрүн эске алуу менен финансылык отчеттуулуктун айрым же бардык беренелерин кайра эсептөө. |
| Таануунун жалпы принциби | Алдын ала долбоордо (ED) Кеңеш ФОЭС (IAS) 16нын таануунун жалпы принциптерине менчиктин, ишкананын жана жабдуунун бир бөлүгү болуп саналган чыгымдарды таанууну гана киргизүүнү сунуш кылды. |
| Географиялык сегменттер | Айрым экономикалык чөйрөдө продуктуларды берүү же кызматтарды көрсөтүү менен алектенген жана башка экономикалык шарттарда иштеп жаткан компоненттерден айырмаланган тобокелдиктерге жана кирешелерге кабылышы мүмкүн болгон ишкананын айырмалоочу компоненти. |
| Үзгүлтүксүз ишмердүүлүк | Жетекчилик ишкананы жабууга же ишмердүүлүгүн токтотууга ниеттенбесе, же анын андай кылбаска башка реалдуу альтернативасы жок болсо, анда ишкананын ишмердүүлүгү үзгүлтүксүз болот. |
| Гудвилл | Келечектеги экономикалык пайданы билдирген, өз-өзүнчө идентификацияланбай жана таанылбай турган бизнестерди бириктирүүдө сатып алынган башка активдердин натыйжасы болуп саналган актив. |
| Башкармалык | Өзүнүн бүткүл тарыхынын ичинде ишкана мүчөлөрдүн акцияларын кайра сатып алуудан бир да жолу баш тарткан эмес, бирок башкармалыктын буга укугу болгон. |
| Башкаруучу орган | |
| Жөнгө салуучу устав | Эгерде кайра сатып алууга жергиликтүү мыйзамдарда, ченемдик актыларда же ишкананын уставында биротоло тыюу салынган болсо, катышуучулардын акциялары өздүк капитал болуп саналат. |
| Мамлекет | "Мамлекет" деп өкмөт, алар жергиликтүү, улуттук же эл аралык экенине карабастан өкмөттүк органдар<br>жана мамлекеттик бийликтин башка органдары түшүнүлөт. |
| Мамлекеттик жардам | Мамлекеттин айрым критерийлерге жооп берген айрым ишканага же бир катар ишканаларга кандайдыр-бир экономикалык пайданы берүүгө багытталган аракеттери. |
| Мамлекеттик жардам – операциялык ишмердүүлүк менен конкреттүү байланыштын жоктугу | ФОЭСтин аталышы |

| | |
|---|---|
| Мамлекеттик субсидиялар | Мамлекет тарабынан ишкананын операциялык ишмердүүлүгүнө тиешелүү өткөн мезгилде же келечекте белгилүү бир шарттарды сактоонун ордуна ресурстарды которуу түрүндө берилген жардам. Мамлекеттик субсидияларга наркын негиздүү баалоо мүмкүн болбогон мамлекеттик жардам формалары, ошондой эле ишкананын демейки соода операцияларынан айырмалоо мүмкүн болбогон мамлекет менен операциялар кирбейт. |
| Мамлекеттик кепилдик | Бул, мисалы, айыл чарба өсүмдүктөрү чогултулганда же пайдалуу кендер казып алынганда жана сатуу форварддык келишим же мамлекеттик кепилдик боюнча кепилденгенде же активдүү рынок бар болгондо жана сатылбай калуунун болор-болбос тобокелдиги болгондо болуп өтөт. |
| Берүү күнү | Ишкана жана башка тарап (анын ичинде кызматкер) акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун шарттары тууралуу макулдашкан, ишканада жана контрагентте макулдашуунун шарттарын жалпы түшүнүү болгон учур жеткен күн. Берүү күнүнө карата ишкана контрагентке ишкананын акча каражаттарына, башка активдерине же үлүштүк инструменттерине укукту, эгерде булар бар болсо, укуктарды өткөрүп берүүнүн айрым шарттары сакталган учурда берет. Эгерде бул макулдашуу ырасталууга (мисалы, акционерлер тарабынан) тийиш болсо, анда бул ырастоо болуп өткөн күн берүү күнү болуп саналат. |
| Активдерге кирген субсидиялар | Мамлекеттик субсидиялар, алардын негизги шарты аларды алуу боюнча талаптарды канааттандырган ишкана узак мөөнөттүү активдерди сатып алууга, курууга же башкача түрдө сатып алууга тийиш экендигинде турат. Ошондой эле активдердин түрлөрүн чектеген кошумча шарттар же болбосо алардын убагында аларды сатып алуу же кармап туруу керек болгон мезгилдер болушу мүмкүн. |
| Кирешеге кирген субсидиялар | Активдерге киргенден айырмаланган мамлекеттик субсидиялар. |
| Ижарага дүң инвестиция | Төмөнкүлөрдүн суммасы: (а) финансылык ижара келишими боюнча ижарага берүүчү алууга тийиш минималдык ижара төлөмдөрүнүн; жана (b) ижарага берүүчүгө тийиштүү кепилденбеген жоюу наркынын. |
| Дүң маржа | |
| Дүң пайда | |
| топ | Башкы ишкана жана анын бардык туунду ишканалары. |
| Топтук тескөө (кызматкерлердин сыйакы) программалары | Катышкан иш берүүчүлөргө инвестициялык максаттарда өз активдерин бириктирүүгө жана инвестицияларды башкарууга чыгашаларды жана административдик чыгымдарды кыскартууга мүмкүндүк берүү үчүн бириккен бир иш берүүчүнүн программасынын жыйындысы, бирок ар түрдүү иш |

| | |
|---|---|
| | берүүчүлөрдүн талаптары алардын өз кызматкерлеринин кызыкчылыгында гана айырмаланат. |
| камсыздандыруу келишимдеринин тобу | |
| Активдердин тобу | |
| Биологиялык активдердин тобу | Өз ара окшош тирүү жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн жыйындысы. |
| Активдерди топтоштуруу | |
| кепилдик | |
| Кепилдик фонду | |
| Кепилденген жоюу наркы | Ижарачынын учурунда – жоюу наркынын ижарачы же ижарачы менен байланыштуу тарап кепилдеген бөлүгү (кепилдиктин суммасы максималдуу сумма болуп саналат, ал кандай болгон күндө да төлөнүшү мүмкүн); ал эми ижарага берүүчүнүн учурунда – жоюу наркынын ижарага берүүчү же ижарага берүүчү менен байланышпаган үчүнчү тарап кепилдеген, финансылык жактан кепилдик боюнча милдеттенмелерди аткарууга кудуреттүү болгон бөлүгү. |
| Үндөштүрүү | |
| Продукцияны жыйноо | Биологиялык активден продукцияны бөлүү же биологиялык активдин жашоо процессинин токтошу. |
| Хеджирлөөнү эсепке алуу | б. БЭЖПнын (GAAP) хеджирлөөнү эсепке алуунун мурдагы практикаларынын уландысы туунду финансылык инструменттерди таанууга же активдер жана милдеттенмелер болуп саналбаган кийинкиге калтырылган дебеттерди жана кредиттерди таанууга мүмкүндүк бере алат. |
| Хеджирлөөнүн натыйжалуулугу | Хеджирлөөчү инструменттин адилет наркындагы же акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөр менен компенсациялануучу хеджирленүүчү тобокелге тиешелүү хеджирленүүчү объекттин адилет наркындагы же акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөрдүн даражасы (ФОЭС (IAS) 39, AG105 – AG113-пункттарын кара). |
| Хеджирленүүчү объект | Актив, милдеттенме, бекемделген келишимдик милдеттенме, толук ыктымалдуу болжолдонгон операция же ишкананын (а) адилет наркындагы өзгөрүүлөр тобокелдигине же акча каражаттарынын келечектеги кыймылына дуушар кылган жана (b) хеджирленгендер катарында аныкталган чет өлкөлүк бөлүмгө салынган таза инвестициялар (хеджирленген объектилердин толук аныктамасы 78-84-пункттарда жана А тиркемесинин AG98 – AG101-пункттарында каралат). |

| | |
|---|---|
| Хеджирлөө | Хеджирлөөнүн бир же бир нече инструменттерин алардын адилет наркынын өзгөрүшү хеджирлөө объектинин адилет наркынын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүн толугу менен же жарым-жартылай компенсациялагыдай түрдө аныктоо. |
| Хеджирлөө инструменти | Белгиленген туунду инструмент же (чет өлкөлүк валютанын алмашуу курстарынын өзгөрүүлөрүнүн тобокелдигин хеджирлөө үчүн гана) белгиленген туунду эмес финансылык актив же туунду эмес финансылык милдеттенме, адилет нарк же анын акча каражаттарынын агымдары, күтүлүп жаткандай, адилет нарктын өзгөрүүлөрүн же хеджирлөөнүн белгиленген объектисинин акча каражаттарынын агымдарын компенсациялай турган акча каражаттарынын агымдары (ФОЭС (IAS) 39дун 72–77 жана AG94 – AG97-пункттары хеджирлөө инструментинин толук аныктамасын камтыйт. |
| Хеджирлөө мамилелери | Ишкана ФОЭСтеги өзүнүн баштапкы балансында ФОЭС (IAS) 39га ылайык хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерине ылайык келбеген хеджирлөө мамилелерин чагылдырууга тийиш эмес (мисалы, хеджирлөөнүн көптөгөн мамилелери, мында хеджирлөөнүн инструменти болуп акча инструменти же чыгарылган опцион саналат; мында хеджирлөө объекти таза позицияны билдирет; же эгерде хеджирлөө төлөө үчүн кармалып турган инвестициялар боюнча пайыздык тобокелдикти камтыса). |
| Хеджирлөөнүн резерви | |
| Кайра сатууга арналган | Запастар сатып алынган жана кайра сатууга арналган товарларды, анын ичинде, мисалы, чекене сатып алуучу сатып алган жана кайра сатууга арналган товарларды, же жерди жана кайра сатууга арналган башка кыймылсыз мүлктү камтыйт. |
| Соодага арналган | «Пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааалануучу финансылык актив же финансылык милдеттенмени» караңыз. |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | Бекитилген же аныкталуучу төлөмдөрү жана төлөөнүн бекитилген мөөнөтү бар туунду эмес финансылык активдер, аларды ишкана төлөгөнгө чейин кармап турууга ниеттенет жана кудуреттүү (ФОЭС (IAS) 39, AG16 – AG25-пункттарын караңыз), буга төмөнкүлөр кирбейт: (а) ишкана баштапкы таануу учурунда пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча аныктагандар; (b) ишкана сатуу үчүн колдо бар катары аныктагандар; жана (c) зайымдар жана дебитордук карыз аныктамасына ылайык келгендер. Эгерде ишкана төлөгөнгө чейин, төлөө мөөнөтүнө чейин кармалып турган инвестициялардын кыйла суммасын (төлөгөнгө<br>чейин кармалып турган инвестициялардын жалпы суммасына карата кыйла) үстүдөгү финансылык жылдын ичинде же мурдагы эки финансылык жылдын ичинде сатса же кайра классификацияласа, ишкана кандайдыр-бир финансылык активдерди төлөөгө чейин кармалып тургандар катары классификациялоого тийиш эмес, буга төмөнкүлөрдү сатуу же кайра классификациялоо кирбейт: (i) финансылык активди төлөө мөөнөтүнө же кайра чакыртуу күнүнө карата ушунчалык жакын болгон (мисалы, төлөгөнгө чейин үч айдан аз), калгандардын рыноктук ставкасынын өзгөрүшү финансылык активдин адилет наркына олуттуу таасир этпейт; (ii) ишкана пландаштырылган төлөмдөр же алдын ала акы төлөө аркылуу финансылык |

| | |
|---|---|
| | активдин иш жүзүндө бүткүл баштапкы негизги суммасын алгандан кийин келип чыккан; же (iii) бирдиктүү окуя менен байланышкан, ишкананын контролунан тышкары болгон, бир жолку болуп саналган жана ишкана тараптан акылга сыярлык күтүлүшү мүмкүн болбогон. |
| Толук ыктымал | Ыктымалдуулугу кыйла жогору |
| Төлөмдү бөлүп төлөө келишими | Ижара аныктамасы ижара жөнүндө келишимдерди камтыйт, алар ижарачыга макулдашылган шарттарды аткаргандан кийин активге менчик укугун алуу мүмкүнчүлүгүн берген абалды камтыйт. Бул келишимдерди кээде бөлүп төлөө менен сатып алууга келишимдер деп аташат. |
| Баштапкы нарк | Баалоо базасы, ага ылайык активдер төлөнгөн акча каражаттарынын же алардын эквиваленттеринин суммасы боюнча же аларды сатып алуу учуруна карата аларды сатып алуу үчүн берилген ордун толтуруунун адилет наркы боюнча чагылдырылат. Милдеттенмелер милдеттенменин ордуна алынган келип түшкөн каражаттардын суммасында же айрым учурларда (мисалы, пайда салыктары), күтүлүп жаткандай, демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө милдеттенмелерди төлөө үчүн төлөнө турган акча каражаттарынын же алардын эквиваленттеринин суммаларында чагылдырылат. |
| Өткөн мезгил ичиндеги зыяндар тажрыйбасы | Жыйынды негизде нарктын түшүшү боюнча баалана турган финансылык активдердин тобундагы акча каражаттарынын агымдары кредиттик тобокелдик мүнөздөмөлөрү, топтогу кредиттик тобокелдиктин ушундай мүнөздөмөлөрү бар активдер боюнча өткөн мезгил ичиндеги зыяндар тажрыйбасынын негизинде бааланат. |
| Өткөн мезгилдердин жыйынды маалыматтары | Айрым ишканалар биринчи мезгилден мурдагы мезгилдер үчүн тандалган өткөн мезгилдердин маалыматтарынын жыйындыларын берет, булар боюнча алар ФОЭСке ылайык толук салыштырмалуу маалыматты берет. Ушул ФОЭС мындай резюмелер таанууга жана баалоого карата ФОЭСтин талаптарына ылайык келишин талап кылбайт. Мындан тышкары, айрым ишканалар мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык салыштырмалуу маалыматты, ошондой эле ФОЭС (IAS) 1 талап кылган салыштырмалуу маалыматты берет. Мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык өткөн мезгилдердин маалыматтарын же салыштырмалуу маалыматты камтыган ар кандай финансылык отчеттуулукту ишкана: (а) мурдатан колдонулуп келген БЭЖПтерди (GAAP) ачыктан-ачык ФОЭСке ылайык даярдалбаган маалымат катары маркалоого; жана (b) аны ФОЭСке ылайык келтире турган негизги оңдоп-түзөөлөрдүн мүнөзүн ачып көрсөтүүгө тийиш. Ишкана бул оңдоп-түзөөлөргө сандык баалоону берүүгө тийиш эмес. |

| | |
|---|---|
| Холдингдик компания | |
| Негизги келишим | |
| Негизги инструмент | |
| Гибриддик инструмент | Гибриддик инструменттин мисалы болуп финансылык инструмент саналат, ал кармоочуга акча каражаттарынын же башка финансылык активдердин суммасынын ордуна эмитентке финансылык инструментти кайра кайтаруу укугун берет, ал көбөйүшү же азайышы мүмкүн болгон акциялардын же товарлардын индекси өзгөрүшүнө жараша өзгөрөт («кайра артка сатып алуу укугу менен инструмент»). |
| Гиперинфляция | Кала берсе бир эле отчеттук мезгилдин чектеринде ар кандай учурда болуп өткөн операциялардын жана башка окуялардын суммаларын салыштыруу адашууга алып барган ылдамдык менен акчанын сатып алуу кудуретинин жоголушу. |
| Гиперинфляциялык экономика | |
| ФОЭС (IAS) | |
| ФОЭС боюнча комитет | |
| ФОЭС боюнча комитеттин фондунун уставы | |
| ФОЭСКФ | |
| Идентификацияланууучу актив | |
| БЭФ | |
| ЭФОТК | |
| ФОЭС ( IFRS) | |
| Тийиштүү ФОЭС | Башкармалык ишкана чыгымдарды баалоонун тиешелүү ФОЭСтин айрым беренелер үчүн бул күнгө чейин жана андан кийин пайдаланышы мүмкүн экенин эске алып, бардык активдерди жана милдеттенмелерди ФОЭСке өтүү күнүнө карата адилет нарк боюнча баалоо талабы негизсиз болоор эле деген тыянакка келди. |
| Нарктын түшүшү | Мында орду толтурулуучу нарк балансттык нарктан ылдый төмөндөйт. |
| Нарктын түшүшүнөн зыян | Активдин балансттык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашкан сумма. |

| | |
|---|---|
| Активдердин наркынын түшүшү | ФОЭСтин аталышы |
| Нарктын түшүшүнө тест | Нарктын түшүшүнө тест ФОЭСке өтүү күнүнө карата орун алган шарттарга негизделүүгө тийиш. |
| Өздөштүрүү боюнча колдонмо | ФОЭС (IFRS) 1<br>ӨЗДӨШТҮРҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО ИЮНЬ 2003-ж. |
| Импорттук алымдар | |
| Практикада колдонуунун мүмкүн эместигинен бошотуу | Талкуулоо үчүн долбоордун сунуштарына ылайык, Стандарт эсеп саясатында өзгөртүүлөрдү ретроспективдүү колдонуу практикасынан, анын ичинде Стандарттагы же Түшүндүрмөдөгү өткөөл жоболорго ылайык киргизилген жоболорду ретроспективдүү колдонууну алып салууну карайт. |
| Практикада колдонуу мүмкүн эмес | Эгерде ишкана талапты колдонуу боюнча бардык мүмкүн болгон аракеттерин жумшагандан кийин аны колдоно албаса, анда аны практикада колдонуу мүмкүн эмес. |
| Шарттуу кошуп эсептелген пайыздык ставка | Төмөнкүлөрдүн тагыраак аныкталышы: (a) окшош кредиттик рейтинги бар эмитенттин окшош инструменти үчүн басымдуулук кылган ставка; же (b) товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн учурдагы акчалай сатылуучу баасында инструменттин номиналдык суммасын дисконттогон пайыздык ставка. |
| Акча түрүндө | Эгерде бул келишимдер ушул мезгилдин ичинде «акча менен» болсо (башкача айтканда, бул мезгил ичинде аткаруу баасы же эсептик баа орточо рыноктук баадан жогору), акцияга пайдага потенциалдуу суюлтуу таасири төмөнкүдөй түрдө эсептелет: (a) келишимди аткаруудан каражат алуу үчүн мезгилдин башталышында жетиштүү сандагы жөнөкөй акциялар чыгарылат (мезгил ичинде орточо рыноктук баа боюнча); (b) чыгаруудан келип түшкөн каражаттар келишимди аткаруу үчүн колдонулат деп болжолдонот (башкача айтканда, жөнөкөй акцияларды кайра сатып алуу үчүн); жана (c) кошумча жөнөкөй акциялар (кабыл алынган жөнөкөй акциялардын жана келишимди аткаруунун натыйжасында алынган жөнөкөй акциялардын санынын ортосундагы айырма) акцияга суюлтулган пайданын эсебине киргизилүүгө тийиш. |
| Ижаранын башталышы | Ижара келишиминин алда канча эрте күнү жана тараптар ижаранын негизги жоболорун кабыл алган күн. |
| Күтүлбөгөн киреше | |
| Күтүлбөгөн операциялар | Кошумча операциялар активди ал жетекчиликтин ниеттерине ылайык иштей алышы үчүн зарыл болгон абалга келтирүү үчүн зарыл болуп саналбагандыктан, кошумча операциялардан кирешелер жана тиешелүү чыгашалар пайданын же зыяндын курамында таанылат жана кирешелердин жана чыгашалардын тиешелүү классификацияларына киргизилет. |
| Киреше | Отчеттук мезгил ичиндеги, ишкана ээлеринин салымдарына тиешелүү болгондордон тышкары, өздүк капиталдын көбөйүшүнө алып келген, активдердин келишинин же көбөйүшүнүн, же милдеттенмелердин азайышынын натыйжасында келип чыккан экономикалык пайдалардын көбөйүшү. |

| | |
|---|---|
| | |
| Кирешелүү ыкма | |
| Пайда жана зыян жөнүндө отчет = Кирешелер жөнүндө отчет | |
| Пайда салыгы | |
| Пайда салыгы боюнча чыгашалар | |
| Пайда салыктары | ФОЭСтин аталышы |
| Пайда салыктары – ишканaнын же анын акционерлеринин салык статусун өзгөртүү | |
| Пайда салыктары – кайталап бааланган амортизацияланбай турган активдердин ордун толтуруу | ФОЭСтин аталышы |
| Пайыздык ставкасы жогорулаган артыкчылыктуу акциялар | Артыкчылыктуу акциялар, алар ишкана дисконту бар артыкчылыктуу акцияларды сатышын ага компенсация үчүн баштапкы төмөн дивиденддерди же инвесторлорго сыйлыгы бар артыкчылыктуу акцияларды сатып алууну компенсациялоо үчүн алда канча кийинки мезгилдерде рыноктук дивиденддеn жогору дивиденддерди карайт, алар кээде жогорулап бараткан пайыздык артыкчылыктуу акциялар деп аталат. |
| Кошумча үлүш | Ошентип, акцияга базалык пайданы максималдуу бөлүштүрүү үчүн потенциалдуу жөнөкөй акцияларды ар бир чыгаруу же сериясы алда канча көбүрөөк суюлтулуучудан алда канча азыраак суюлтулуучуга карай ырааттуулукта каралат, башкача айтканда, «кошумча акцияга пайдасы» аз болгон, суюлтуу таасири бар потенциалдуу жөнөкөй акциялар кошумча акцияга пайдасы алда канча жогору болгон эсептердин алдында акцияга суюлтулган пайданын эсебине киргизилет. |
| Индикатор [нарктын түшүшүнүн] | |
| Операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттарынын агымы | Анын учурунда пайда же зыян акчалай эмес мүнөздөгү операциялардын натыйжаларын, өткөндөгү же келечектеги операциялык келип түшкөн акча каражаттарынын агымдарын же |

| | |
|---|---|
| жөнүндө отчеттуулуктун кыйыр методу | төлөмдөрдү ар кандай кийинкиге калтырууларды же чегерүүлөрдү, ошондой эле акча каражаттарынын инвестициялык же финансылык агымдары менен байланышкан кирешелердин же чыгашалардын беренелерин эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн метод. |
| Жекече актив | |
| Өзүнчө финансылык отчеттуулук | Өзүнчө финансылык отчеттуулукту түзүүгө милдеттүү болгон туунду ишканалары бар топтор үчүн чыгымдар кыйла болушу мүмкүн, анткени ишканалар ар бир менчикке ээлик кылуу үчүн өзүнчө туунду ишканаларды түзө алат. |
| Аргасыздан конвертациялоо | Конвертацияланууучу артыкчылыктуу акцияларды төлөө же аргасыздан конвертациялоо мурда чыгарылган конвертацияланууучу артыкчылыктуу акциялардын бир бөлүгүнө гана таасир этиши мүмкүн. |
| Тармактык сегменттер | |
| инфляция | |
| Баалардын өзгөрүшүнүн таасирин чагылдырган маалымат | ФОЭС – эски аталышы |
| Алгачкы классификация | |
| Баштапкы тикелей чыгымдар | Өндүрүүчүлөр же дилерлер болуп саналган ижарага берүүчүлөр тарабынан тартылган чыгымдарды кошпогондо, түздөн-түз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана ижараны уюштурууга кеткен кошумча чыгымдар. |
| Баштапкы баалоо | |
| Алгачкы ачык жайгаштыруу | «Материалдык эмес актив» ФОЭС (IAS) 38ге (10-пункт, ФОЭС) ылайык таануу үчүн талаптарга ылайык келген шартта, ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана ушундай окуянын күнүнө карата материалдык эмес активдин адилет наркын акцияларды менчиктештирүү же алгачкы ачык жайгаштыруу катары,бул окуянын күнүнө карата анын шарттуу баштапкы наркы катары (19-пункт, ФОЭС), пайдаланууну чече алат. |
| Баштапкы таануу | |
| Маңызы боюнча жокко чыгаруу | Үчүнчү тарапка төлөм, анын ичинде траст (кээде «маңызы боюнча жокко чыгаруу» деп аталат) карызкорду юридикалык бошотуу жокто кредитордун алдындагы анын негизги милдеттенмесинен өзүнөн өзү бошотпойт. |
| Камсыздандыруу кызыкчылыгы | |
| Камсыздандыруу агенттигинин комиссиялары | |

| | |
|---|---|
| Камсыздандырылган активдер | Камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруучунун таза келишимдик укуктары. |
| Камсыздандыруучу компания | |
| Камсыздандыруу келишими | Бир тарап (камсыздандыруучу) экинчи тараптын (камсыздандыруу полисин кармоочу) олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин аталган болушуна ишенич жок келечектеги айкын эмес окуя (камсыздандыруу учуру) камсыздандыруу полисин кармоочуга терс таасирин тийгизген учурда ага компенсация төлөп берүүгө макулдук берүү аркылуу өзүнө алган келишим. (Бул аныктама боюнча колдонмо үчүн ФОЭС (IFRS) 4түн В тиркемесин кара.) |
| Камсыздандыруу келишимдери | ФОЭСтин аталышы |
| Камсыздандыруучу ишкана | |
| Камсыздандыруу милдеттенмеси | Камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруучунун нетто-келишимдик милдеттери. |
| Камсыздандыруу милдеттери | |
| Камсыздандыруу тобокелдиги | Финансылык тобокелдиктен айырмаланган, келишимди кармоочудан аны чыгарган тарапка өткөрүп берилүүчү тобокелдик. |
| Камсыздандыруу своптору | |
| Камсыздандыруу учуру | Камсыздандыруу келишиминде каралган жана камсыздандыруу тобокелдигин түзгөн келечектеги айкын эмес окуя. |
| Камсыздандыруучу | Камсыздандыруу учуру келген учурда камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруу полисин кармоочуга компенсация төлөөгө милдеттенмеси бар тарап. |
| Материалдык эмес актив | Физикалык формасы жок идентификацияланууучу акчалай эмес актив. |
| Материалдык эмес активдер | ФОЭСтин аталышы |
| Материалдык эмес активдер - веб-сайтка чыгымдар | ФОЭСтин аталышы |
| Интеграцияланган чет өлкөлүк операция | Стандарт отчет берүүчү ишкананын операцияларынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган чет өлкөлүк операциялардын (мындан ары «ажыралгыс чет өлкөлүк операциялар» деп аталат) жана чет өлкөлүк ишканалардын ортосундагы айырманы ажыратуу үчүн ФОЭС (IAS) 21дин мурдагы версиясынын талаптарын кайра карайт. |

| | |
|---|---|
| пайыз | |
| Пайыздык чыгашалар (кызматкерлердин сыйакылары боюнча программа үчүн) | Төлөмдөр төлөнүүгө карата бир мезгилге жакын тургандыгынан улам келип чыккан белгиленген төлөмдөрү менен программа боюнча милдеттенменин келтирилген наркынын мезгил ичиндеги көбөйүшү. |
| Ижара келишиминде камтылган пайыздык ставка | Дисконттоо ставкасы, ал ижара башталган учурга карата төмөнкүлөрдүн келтирилген наркын аныктайт: (а) минималдык ижара төлөмдөрүнүн; жана (b) кепилденбеген жоюу наркы ижарага алынган активдин адилет наркына барабар болууга тийиш. |
| Ижара келишимине камтылган пайыздык ставка | Пайыздык ставка, аны колдонууда ижара мөөнөтүнүн башталышында (а) минималдык ижара төлөмдөрүнүн жана (b) кепилденбеген жоюу наркынын жалпы келтирилген наркы (i) ижараланган активдин адилет наркынын жана (ii) ижарага берүүчүнүн бардык баштапкы тикелей чыгымдарынын суммасына барабар болгон жагдайга алып келет. |
| Пайыздык ставканын тобокелдиги | Финансылык инструмент боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын адилет наркы рыноктук пайыздык ставкалар өзгөрүшүнөн улам өзгөрө тургандыгынын тобокелдиги. |
| Пайыздык ставкалардын стриби | Мисалы, ишкана пайыздык ставкалар тилкесине кирген учурда, ага ылайык контрагент карыздык инструменттен акча каражаттарынын негизги агымдарына эмес, пайыздар боюнча акча каражаттарынын агымдарына укук алат, акча каражаттарынын агымдарына карата 17-23-пункттар колдонулат. |
| Пайыздык ставкалардын свопу | |
| Стрип пайыздары гана | (е) Негизги келишим (i) камтылган туунду инструментти камтыбаган финансылык инструменттен келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууга укукту бөлүүнүн натыйжасында эң башынан келип чыккан жана (ii) негизги карыздын алгачкы келишиминде жок болгон кандайдыр-бир шарттарды камтыбаган учурда пайыздарды гана же негизги сумманы гана төлөө тилкесиндеги мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карата камтылган опциону негизги келишим менен тыгыз байланышкан. |

| | |
|---|---|
| Биргелешкен ишканаларга катышуу үлүштөрү | ФОЭСтин аталышы |
| Аралык финансылык  отчет | Аралык мезгил ичинде финансылык отчеттуулуктун толук топтомун (ФОЭС (IAS) 1де сыпатталгандай) же болбосо кыскартылган финансылык отчеттуулуктун толук топтомун ( ФОЭС (IAS) 34тө  сыпатталгандай) камтыган финансылык отчет. |
| Аралык финансылык  отчет | ФОЭСтин аталышы |
| Аралык финансылык  отчет | |
| Аралык  мезгил | Толук финансылык жылдан кыска финансылык отчеттуулук мезгили. |
| Пайданын ички ченеми | (а) Адегенде ишкана мезгилдин башталышына карата милдеттенменин байкалуучу рыноктук баасын жана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын пайдаланып, мезгилдин башына карата милдеттенменин кирешелүүлүгүнүн ички ченемин эсептеп чыгат. |
| Ички тобокелдикти өткөрүп берүү | |
| Ички түзүлгөн | Эгерде ишкананын ичинде түзүлгөн материалдык эмес актив ФОЭСке өтүү күнүнө карата таануу критерийлерине ылайык келсе, ишкана тиешелүү чыгымдарды мурдатан колдонулуп келген БЭЖПга (GAAP) ылайык чыгаша катары тааныган күндө да, ал активди ФОЭСте өзүнүн баштапкы балансында тааныйт. |
| Ишкананын ичинде түзүлгөн гудвилл | |
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) | |
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет | |

| | |
|---|---|
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитеттин фонду | |
| Бухгалтерлердин эл аралык федерациясы | |
| Эл аралык финансылык отчеттуулуктун түшүндүрмөлөрү боюнча комитет | |
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) | ФОЭС (IFRS) 1ди анын максатынын жана Тыянактар үчүн негиздин, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына карата кириш сөздүн жана Финансылык отчеттуулукту даярдоонун жана берүүнүн концепциясынын контекстинде кароо керек. |
| Ички топтук | Башкармалык консолидацияланган топтун курамына кирген ишкананын финансылык отчеттуулугу ички топтук кеңири операциялардын натыйжаларын камтышы мүмкүн деп белгиледи. |
| Ички нарк | Контрагент жазылууга же алууга (шарттуу же шартсыз) укугу бар акциялардын адилет наркынын жана бул акцияларга контрагент учурда (же келечекте) төлөөгө тийиш баанын (эгер бар болсо) ортосундагы айырма. Мисалы, аткаруу баасы 15 а.б. болгон акция опционунун адилет наркы 20 а.б. болгон акцияга карата анын ички наркы 5 а.б. болот. |
| Еврону киргизүү | ФОЭСтин аталышы |
| запастар | «Төмөндөгү активдер: (a) демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө сатууга арналган; (b) ушундай сатуу максатында өндүрүш процессинде турган; же (c) өндүрүш же кызмат көрсөтүү процессинде керектелүүчү материалдар же чийки заттар. Запастар сатып алынган жана кайра сатуу үчүн кармалып турган товарларды, анын ичинде, мисалы, чекене сатуучу тарабынан сатып алынган жана кайра сатуу үчүн кармалып турган товарларды, же кайра сатууга арналган жерди же башка мүлктү камтыйт. Запастар ошондой эле ишкананын даяр продукциясын, өндүрүлгөн же бүткөрүлбөгөн өндүрүшүн камтыйт жана өндүрүштүк процессте пайдаланылышы күтүлүп жаткан материалдарды жана буюмдарды камтыйт. Кызматтарды көрсөтүүчүнүн учурунда, запастар, ФОЭС (IAS) 2нин 2-пунктунда сүрөттөлгөндөй, алар боюнча ишкана тиешелүү кирешелерди али тааный элек кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдарды камтыйт (ФОЭС (IAS) 18ди кара). |
| Инвестициялар объекти | Үлүштүк катышуу методу – бул эсепке алуу методу, анын учурунда инвестициялар адегенге сатып алынган нарк боюнча таанылат жана андан соң сатып алгандан кийинки инвестициялар объектисинин таза активдерине инвестордун үлүшүнүн өзгөрүүлөрүн эске алуу менен оңдоп-түзөлөт. |

| | |
|---|---|
| Инвестициялык ишмердүүлүк | Акча каражаттарынын эквиваленттерине кирбеген узак мөөнөттүү активдерди жана башка инвестицияларды сатып алуу жана чыгаруу. |
| Инвестициялар | |
| Инвестициялык келишим | |
| Инвестициялык рейтинг | ФОЭС (IFRS) 7.IG18 (b) Эгерде ишкананын контрагенттери бир же бир нече кредиттик сапаттарга (мисалы, камсыздалган зайымдарга же камсыздалбаган зайымдарга же бир же бир нече кредиттик рейтингдерге (мисалы, инвестициялык деңгээлге же спекулятивдик деңгээлге) токтолсо, ал контрагенттердин ар бир топтолушуна байланыштуу келип чыккан тобокелдиктерге кабылууну өзүнчө ачып көрсөтөт. |
| Инвестициялык натыйжалуулук | |
| Инвестициялык кыймылсыз мүлк | Ижара төлөмдөрүн алуу максатында же нарктын кошумча өсүшүнөн пайда алуу (пайдалануу укугу формасындагы актив катарында менчик ээси же болбосо ижарачы тарабынан), же тигинисин да, мунусун да алуу максатында кармалып турган кыймылсыз мүлк (жер же имарат (же болбосо имараттын бир бөлүгү), тигиниси да, мунусу да), алар: (a) товарларды өндүрүүдө же алар менен жабдууда  же кызмат көрсөтүүдө же болбосо административдик максаттарда; же (b) демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө сатуу үчүн колдонулбайт. |
| Инвестициялык салык кредиттери | |
| Инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддору | 1. Ушул стандарт ассоциацияланган ишканадагы инвестицияларды эсепке алууда колдонулууга тийиш. Бирок ал төмөнкүлөр ээлик кылган ассоциацияланган ишканалардагы инвестицияларга карата колдонулбайт: (a) венчурдук капиталы менен уюмдар же (b) өз ара фонддор, пайлык фонддор жана ушундай ишканалар, анын ичинде инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддору. |
| Ассоциацияланган ишканаларга салынган инвестициялар | ФОЭСтин аталышы |
| Инвестор | |
| Биргелешкен ишканадагы инвестор | Биргелешкен ишканага биргелешкен контролдугу болбогон биргелешкен ишкананын тарабы. |

| | |
|---|---|
| Инвесторго таандык болгон ишкана | |
| Аргасыз жоюу | |
| Кийин жокко чыгаруу укугу болбогон милдеттенме | (d) кийин жокко чыгаруу укугу болбогон милдеттенмелер, ошондой эле баланстан тышкаркы беренелерден келип чыккан жагдайлар жана шарттуу милдеттенмелер. |
| Чыгарылган капитал | |
| Чыгарылган акциялар | |
| Эмитент | |
| Пункт | |
| Беренелер боюнча негиз | |
| Запастар беренеси | Наркты конкреттүү идентификациялоо айрым чыгымдар запастардын идентификацияланган беренелерине кирээрин билдирет. |
| Биргелешкен контроль | Экономикалык ишмердүүлүктү келишимдик макулдашуу менен биргелешип контролдоо. [ФОЭС (IAS) 24.9];<br>Келишимде каралган, маанилүү<br>ишмердүүлүк жагынан чечимдерди кабыл алуу контролду бөлүшүп жаткан тараптардын бир добуштан макулдугун талап кылганда гана орун алган ишмердүүлүккө<br>контролдукту бөлүштүрүү. [ФОЭС (IAS) 28.2, ФОЭС (IAS) 31.3] |
| Биргелешкен ишкана | Ишмердүүлүккө биргелешип контролдук жүргүзгөн тараптарда ишмердүүлүктүн таза активдерине карата укуктардын болушун болжолдогон биргелешкен ишкердик. |
| Биргелешкен жумушчу топ | |
| Биргелешип контролдонгон ишканалар – биргелешкен ишкананын катышуучуларынын акчалай эмес салымдары | ФОЭСтин аталышы |
| Биргелешип контролдонуучу ишкана | Корпорацияны, өнөктөштүктү жана башка ар бир катышуучунун үлүшү бар субъекттерди түзүүнү камтыган биргелешкен ишкана. Ишкана башка субъекттердей эле иш алып барат, болгону анын катышуучуларынын ортосундагы келишимде ишкананын экономикалык ишмердүүлүгүн биргелешип контролдоо<br>белгиленген. |
| Юрисдикция | |

| | |
|---|---|
| Негизги башкаруучу персонал | Ишкананын ишмердүүлүгүн пландаштыруу, жетектөө жана контролдоо үчүн түз же кыйыр ыйгарым укуктарга ээ болгон жана жоопкерчилик тарткан адамдар, анын ичинде бул ишкананын ар кандай (аткаруучу же башка) директору. |
| Акыркы келди, биринчи кетти (LIFO) | |
| Ижара | Ижарага берүүчү макулдашылган мезгил аралыгында ижарачыга активдерин пайдалануу укугун акы төлөмгө же бир нече акы төлөмдөрүнө алмашуу иретинде өткөрүп берген келишим. |
| Ижара мөөнөтү | |
| кайра артка ижаралоо | Негизги каражаттардын объектин таануунун натыйжасында келип чыккан пайда же зыян объектти таануу токтотулган учурда пайданын же зыяндын курамына киргизилүүгө тийиш (эгерде ФОЭС (IAS) 17 кайра артка ижаралоо менен сатуу жагынан башканы талап кылбаса). |
| Ижарага алынган активдер | |
| Ижара боюнча пайыздар | Инвестициялар үчүн кармалып турган айрым ижара укуктары мурдагыдай эле операциялык ижара (мисалы, кыйла шарттуу ижара акысы бар ижара) катары классификацияланат жана, тиешелүү түрдө, ФОЭС (IAS) 40ка ылайык инвестициялык кыймылсыз мүлк болушу мүмкүн эмес. |
| Ижара же лизинг | ФОЭСтин аталышы |
| Юридикалык жак | |
| Юридикалык кошулуу | Эки компаниянын кошулушу, мында же болбосо: (а) бир компаниянын активдери жана милдеттенмелери башка компанияга өткөрүп берилет, ал эми биринчи компания таратылат; же эки компаниянын активдери жана милдеттенмелери жаңы компанияга өткөрүп берилет жана алгачкы эки компания таратылат. |
| Укуктук милдеттенме | Төмөнкүлөрдөн келип чыккан милдеттенме: (а) келишимден (анын айкын же болжолдонгон шарттары аркылуу); (b) мыйзамдардан; же (c) мыйзамдын башка аракеттеринен. |
| башкы ишкана | |
| Юридикалык укуктар | |
| Юридикалык туунду ишкана | |
| юридикалык жактан камсыз болгон укук | |

| | |
|---|---|
| Мыйзамдык талап | |
| Кредитор | |
| Ижарачы | |
| Ижарачы тарабынан кошумча зайым каражаттарын тартуунун пайыздык ставкасы | Бирдей ижара келишими боюнча ижарачы тарабынан төлөнүүчү пайыздык ставка же аны аныктоого мүмкүн болбогон учурларда, ижара башталган күнгө карата ижарачы активди сатып алууга керектүү каражаттарды ошондой эле мөөнөткө же ошондой эле камсыздандыруу менен карызга алуу мүмкүн болгон пайыздык ставка. |
| Ижарага берүүчү | |
| Аккредитивдер | |
| Кредиттик таянычы бар жазуу жүзүндөгү опцион | Мисалы, ишкана нөлдүк наркы бар пайыздык ставканын фиксаторун сатып алышы мүмкүн, ал өзүнө акчадан тышкаркы левериджди пайдалануу менен жазуу жүзүндөгү опционду камтыйт (мисалы, ишкана белгиленген минималдык пайыздык ставканын жана учурдагы рыноктук пайыздык ставканын ортосундагы он эсе көп айырманы төлөйт). |
| Кабыл алынган милдеттенмелер | Бирок сатып алуучу сатып алып жаткан ишкана ушул бизнести бириктиргенден кийин кабыл алуучу жана карата сатып алуучу ФОЭСке өтүү күнүнө карата али кармап турган жаңы сатып алынган активдерге жана милдеттенмелерге карата 25-пунктту колдонот. |
| Милдеттенме | Өткөн мезгилдеги окуялардан келип чыккан,  аны төлөө экономикалык пайда берүүчү ресурстардын  чыгышына алып келүүсү күтүлгөн  ишкананын азыркы учурдагы милдети. |
| Милдеттенменин компоненти | Эгерде милдеттенменин компоненти мындан ары ФОЭСке өтүү күнүнө карата төлөнбөгөн болуп саналбаса, ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканага инструменттин капиталынын алгачкы компонентин милдеттенменин компонентине чегерилген топтолгон пайыздан бөлүү зарылчылыгы жок (23-пункт, ФОЭС (IFRS)). |
| Карыздык инструменттерди чыгаруу | |
| Лицензиялык жыйым | |
| Лицензиялык макулдашуу | |
| Түбөлүктүү рента | |
| LIFO<br>(акыркы келди, биринчи кетти) | Акыркы сатылып алынды же өндүрүлдү делген товарлар биринчи болуп сатылаары, демек, мезгилдин аягына карата запаста калган товарлар биринчи сатылып алынган же өндүрүлгөн товарлар болуп саналышаары жөнүндө жоромол. |

| | |
|---|---|
| Линиялык статья | |
| Бизнестин түрү | |
| Ликвиддик активдер | |
| ликвиддүүлүк | Бул мезгил үчүн финансылык милдеттенмелерди эске алуу менен жакынкы келечекте акча каражаттарынын болушу. |
| Ликвиддүүлүктү көрсөтүү | |
| Ликвиддүүлүк тобокелдиги | Финансылык милдеттенмелерине байланыштуу милдеттерин аткарууда ишканада кыйынчылыктар пайда болот деген тобокелдик. |
| Соттук жөнгө салуулар | |
| Зайым | |
| Зайымдык актив | |
| Зайым боюнча милдеттенмелер | |
| Зайымдар жана дебитордук карыз | Бекитилген же аныкталган төлөмдөрү бар туунду эмес активдер, алар активдөө рыногунда бааланбайт, буга төмөнкүлөр кирбейт: (a) ишкана тез арада же жакынкы келечекте сатууга ниеттенип жаткан, соодага арналган катары классификацияланууга тийиш болгон жана ишкана баштапкы таануу учурунда пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары аныктаган; (b) баштапкы таануу учурунда ишкана сатуу үчүн колдо бар катары аныктаган; же (c) сатуу үчүн колдо бар катары классификацияланууга тийиш болгон кредиттик сапаттын начарлашынын учурларын кошпогондо, алар боюнча кармоочу өзүнүн бардык алгачкы инвестицияларын ордун толтура албаган активдер. Зайымдар же дебитордук карыз болуп саналбаган активдердин пулунда сатып алынган үлүш (мисалы, өз ара фонддогу же окшош фонддогу үлүш) зайым же дебитордук карыз болуп болуп саналбайт. |
| Зайымдар боюнча кредитордук карыз | Кредит берүүнүн демейки шарттарындагы кыска мөөнөттүү соода боюнча кредитордук карыздан башка финансылык милдеттенмелер. |
| Дефолт учурундагы  зайымдар боюнча кредитордук карыз | |
| Кызматкерлердин узак мөөнөттүү сыйакылары | Отчеттук мезгилдин аягына карата таанылган зайымдар боюнча кредитордук карыз жагынан ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш: (a) карыздын, пайыздардын, төлөө фондунун негизги суммасын же зайымдар боюнча кредитордук карыздын шарттарын мезгил ичинде ар кандай аткарбай коюу жөнүндө кең-кесири маалыматты; (b) дефолт учурунда отчеттук |

| | |
|---|---|
| | мезгилдин аягына карата зайымдар боюнча кредитордук карыздын баланстык наркын; жана (c) дефолт жоюлганын же жоктугун же финансылык отчеттуулук чыгарууга бекитилгенге чейин зайымдар боюнча кредитордук карыздын шарттары кайра каралганын же каралбаганын. |
| Узак мөөнөттүү инвестициялар | |
| Зыян тартуу учуру | Финансылык активдин же финансылык активдердин тобунун наркы түштү жана нарктын түшүшүнөн зыяндар активди баштапкы таануудан кийин болуп өткөн бир же бир нече окуялардын натыйжасында нарктын түшүшүнүн объективдүү далилдери бар болгон учурда гана келип чыгат («зыян тартуу учуру») жана зыян тартуунун бул учуру (учурлары) ишенимдүү бааланышы мүмкүн болгон финансылык актив же финансылык активдердин тобу боюнча акча каражаттарынын келечектеги болжолдонгон агымдарына таасир этет. |
| Акцияга зыян | Ишкана суммалар терс (башкача айтканда, акцияга зыян) болсо дагы акцияга базалык жана суюлтулган пайданы көрсөтүүгө тийиш. |
| Зыяндарды таанууга тест | |
| зыяндар | Экономикалык пайдалардын азайышы, алар, ушундай катары, өзүнүн мүнөзү боюнча башка чыгашалардан айырмаланбайт. |
| Катышуунун контролдоочу үлүшү | |
| жетекчилик | |
| Жетекчиликтин комментарийи | Финансылык отчеттуулукка кирген, ФОЭСке ылайык даярдалган сыпаттоочу отчет. Жетекчиликтин комментарийлери пайдалануучуларга финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн суммалардын, атап айтканда, ишкананын финансылык абалынын, финансылык натыйжалуулугунун жана акча каражаттарынын агымдарынын тарыхый түшүндүрмөсүн берет. Анда финансылык отчеттуулукта көрсөтүлбөй калган ишкананын перспективалары жөнүндө комментарий жана башка маалымат берилген. Жетекчиликтин комментарийлери ошондой эле жетекчиликтин максаттарын жана бул максаттарга жетишүү стратегияларын түшүнүү үчүн негиз болуп саналат. |
| Маржа | |
| Рыноктук шарт | Аткаруунун баасы, укуктарды өткөрүп берүү же үлүштүк инструментти аткаруу мүмкүнчүлүгү ага байланыштуу болгон, ишкананын үлүштүк инструменттеринин рыноктук баасы менен байланыштуу болгон натыйжаларга жетишүүнүн шарты, мисалы, акциянын белгилүү бир баасына же акцияларга опциондун ички наркынын белгилүү бир суммасына жетишүү же башка ишканалардын үлүштүк инструменттеринин рыноктук бааларынын индексине карата ишкананын үлүштүк инструменттеринин рыноктук баасына негизделген белгиленген максаттуу көрсөткүчкө жетишүү. |

| | |
|---|---|
| | |
| Рыноктук баа | Эгерде таасир суюлтуучу болуп саналса, акцияга суюлтулган пайданын эсеби, эгерде отчеттук мезгилдин аягына карата рыноктук баа күтүлбөгөн жагдайлардын мезгилинин аягына карата рыноктук баа болгон болсо, чыгарыла турган жөнөкөй акциялардын санына негизделет. |
| Рыноктук пайыздык ставка | Эгерде жасалма төмөндөтүлгөн пайыздык ставкалар бааланса, сатуудан пайда рыноктук пайыздык ставканы алган учурда колдонула турган пайда менен чектелет. |
| Рыноктук тобокелдик | Финансылык инструменттин адилет наркы же ал боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдары рыноктук баалардын өзгөрүшүнөн улам өзгөрөт деген тобокелдик. Рыноктук тобокелдик тобокелдиктин төмөнкүдөй үч түрүн камтыйт: валюталык тобокелдик, пайыздык ставкалык тобокелдик жана башка баа тобокелдиги. |
| Рыноктук нарк | Активдүү рынокто финансылык инструментти сатып алуу учурунда сатуудан алынуучу жана төлөнүүгө тийиш болгон сумма. |
| Рыноктук, товардык | |
| Маскалар менен иштөө | |
| Өз ара чегеришүү жөнүндө башкы макулдашуу | Кандай болбосун бир келишим аткарылбаган же токтотулган учурда бир контрагент менен финансылык инструменттер жагынан бир катар операцияларды жүргүзүп жаткан ишкана макулдашууда камтылган бардык финансылык инструменттер боюнча бирдиктүү нетто-эсептешүүнү жүргүзүүгө тийиш экендигин караган макулдашуу. |
| Чыгымдар менен кирешелердин шайкеш келиши | Тартылган чыгымдардын жана кирешенин айрым беренелерин алуунун ортосундагы түз байланыштин негизинде чыгашалар пайда жана зыян жөнүндө отчетто [жыйынды киреше жөнүндө отчетто] таанылган процесс. Бул процесс бир эле операциялардын же башка окуялардын түз жана биргелешкен натыйжасы болуп саналган кирешелерди жана чыгашаларды бир эле учурда же аралаш таанууну камтыйт. Бирок салыштыруу концепциясын колдонуу активдер же милдеттенмелер аныктамасына шайкеш келбеген беренелерди баланста (финансылык абал жөнүндө отчетто) таанууга мүмкүндүк бербейт. |
| Маанилүү оңдоп-түзөөлөр | 2004-жыл үчүн акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттун маанилүү оңдоп-түзөөлөрүнүн түшүндүрмөсү. |
| Олуттуу каталар | Эгерде финансылык отчеттуулук ишкананын финансылык абалын, финансылык натыйжалуулугун же акча каражаттарынын агымдарын айрым көрсөтүүгө жетишүү үчүн атайылап жасалган олуттуу каталарды же болбосо олуттуу эмес каталарды камтыса, ал ФОЭСке шайкеш келбейт. |
| Маанилүү камтылбай калуулар | Эгерде беренелердин маанилүү камтылбай калуулары же бурмалоолору өз-өзүнчө же жыйындысында финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынуучу пайдалануучулардын экономикалык чечимдерине таасир этиши мүмкүн болсо, алар |

| | |
|---|---|
| | маанилүү болуп саналат. |
| маанилүүлүк | Эгерде маалыматтын камтылбай калышы же бурмалоосу финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынуучу пайдалануучулардын экономикалык чечимдерине таасир этиши мүмкүн болсо, маалымат маанилүү болуп саналат. |
| Төлөө мөөнөтү | |
| Төлөө суммасы | |
| баалоо | Балaнста [финансылык абал жөнүндө отчетто] же пайда жана зыян жөнүндө отчетто  [жыйынды киреше жөнүндө отчетто] таанылууга же көрсөтүлүүгө тийиш финансылык отчеттордун элементтери боюнча акчалай суммаларды аныктоо процесси. |
| Баалоо үчүн негиздер | |
| Баалоо күнү | ФОЭС (IFRS) 2нин максаттары үчүн берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркы бааланган күн.   Окшош кызмат көрсөткөн кызматкерлер жана башка адамдар менен операциялар үчүн баалоо күнү болуп берүү күнү саналат. Кызматкерлер (жана окшош кызмат көрсөткөн адамдар) болуп саналбаган тараптар менен операциялар үчүн баалоо күнү болуп ишкана товарларды алган же контрагент кызмат көрсөткөн күн саналат. |
| Баалоодогу же таануудагы шайкеш эместиктер | ФОЭС (IFRS) 7.B5 (a) (iii) ... маалыматты ушул ачып көрсөтүү, андай болгон учурда келип чыгышы мүмкүн болгон, баалоонун же таануунун негизинде турган жагдайларды баяндап сыпаттоону өзүнө камтыйт. |
| Пайда салыгы боюнча ортодогу чыгашаларды баалоо | |
| Катышуучулардын үлүштөрү | Кооперативдин мүчөлөрүндө болгон катышуу үлүштөрү көп учурда катышуучулардын үлүштөрү, пайлар ж.б. деп аталат, жана ушул түшүндүрмөнүн максаттары үчүн алар «катышуучулардын үлүштөрү» деп аталат. |
| Кооперативдик ишканалардагы катышуучулардын үлүштөрү жана ушул сыяктуу инструменттер | ФОЭС аталышы |
| Мүчөлүк төгүмдөр | |
| Товарлар | Запастар сатып алынган жана кайра сатууга арналган товарларды, анын ичинде, мисалы, чекене сатып алуучудан сатып алынган жана кайра сатууга арналган товарларды, же кайра сатууга арналган жерди жана башка мүлктү камтыйт. |
| кошулуу | |
| Бухгалтердик эсеп методу | |

| | |
|---|---|
| Пайдалуу кендер жана минералдык продуктулар | Четтөө минералдык рудаларды казып алуунун эрте стадиясы менен чектелбестигин тактоо үчүн мурдагы стандартка түзөтүүлөр киргизилген, алар «минералдык рудалар» сөздөрүн «пайдалуу кендерге жана минералдык продуктуларга» алмаштырат. |
| Минималдык ижара төлөмдөрү | Ижара мөөнөтүнүн ичинде ижарачыдан талап кылынуучу же талап кылынышы мүмкүн болгон төлөмдөр, аларга шарттуу ижара төлөмү, ижарага берүүчү тарабынан жана ага төлөнүүчү кызмат көрсөтүү жана салыктар боюнча чыгымдарды кошпогондо төмөндөгүлөр менен:<br>(a) ижара берүүчүгө, ижарачы тарабынан же ижарачыга байланыштуу тараптан бардык кепилденген суммалар;<br>(b) ижарага берүүчүгө, бардык жоюу наркы ижара берүүчүгө төмөнкүлөр тарабынан кепилденет:<br>(i) ижарачы;<br>(ii) ижарачыга байланыштуу тарап; же<br>(iii) ижарага берүүчүгө байланышы жок, кепилдик боюнча милдеттенмелерди аткарууга финансылык кудурети бар үчүнчү жак. |
| Азчылыктын үлүшү | Караңыз, «Контролдонбоочу үлүш» |
| Шайкеш эместик | |
| Бурмалоолор | Эгерде беренелердин маанилүү камтылбай калуулары же бурмалоолору өз-өзүнчө же жыйындысында финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынуучу пайдалануучулардын экономикалык чечимдерине таасир этиши мүмкүн болсо, алар маанилүү болуп саналат. |
| Жеңилдетүүчү чара | ФОЭС (IFRS) 7.IG15(b)(iv) хеджирлөө же жеңилдетүүчү чаралар сыяктуу каражаттардын уланып жаткан натыйжалуулугунун мониторинги боюнча ишкананын жол-жоболору. |
| Акчалай актив | Акча каражаттары жана бекитилген же аныкталган акча суммаларында алынуучу активдер. |
| Акча беренелери (акчалай активдер, акчалай финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер; акча-кредиттик финансылык инструменттер) | Накталай валюта бирдиги жана бекитилген же аныкталган сандагы валюта бирдигинде алынуучу жана төлөнүүчү активдер (финансылык активдер) жана милдеттенмелер (финансылык милдеттенмелер). |
| Макулдашуунун (келишимдин) сакталышына контролдук кылуу | (d) Жаңы ФОЭС күтүлбөгөн натыйжаларга ээ болушу мүмкүн экенине карабастан, эгерде башка тарап финансылык отчеттуулукту келишимдин же макулдашуунун сакталышына контролдук кылуу үчүн пайдаланса, мындай мүмкүнчүлүк перспективдүү колдонууну актабайт (BC13(a)-пункту). |
| Өлүмгө учуроо тобокелдиги | |

| | |
|---|---|
| Иш берүүчүлөр тобунун биргелешкен пенсиялык программалары | Белгиленген төгүмдөрү менен пенсиялык программалар (буга мамлекеттик пенсиялык программалар кирбейт) же белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар (буга мамлекеттик пенсиялык программалар кирбейт), алар: (а) жалпы контроль алдында турбаган ар кайсы ишканалар тарабынан киргизилген активдерди бириктирет; жана (b) төгүмдөр жана төлөмдөрдүн өлчөмдөрү аларды алган кызматкерлер кайсы ишканада иштегенине карабастан аныкталган шартта, бул активдерди кызматкерлерге сыйакыларды төлөп берүү үчүн пайдаланышат. |
| Иш берүүчүлөр тобунун биргелешкен пенсиялык программалары (кызматкерлердин сыйакылары боюнча программасы үчүн) | |
| Көп санда камтылган туунду инструменттер | ФОЭС (IFRS) 7.17. Эгерде ишкана бир эле мезгилде милдеттенмелердин жана капиталдын компоненттерин камтыган инструмент чыгарса, (ФОЭС (IAS) 32нин 28-пунктун караңыз), бул инструментте өз ара көз каранды болгон наркы менен (мисалы, кайра артка конвертацияланчу карыздык инструмент) көп санда туунду инструменттер камтылса, ишкана бул инструменттин болгон мүнөздөмөлөрүн  ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Пайлык кооператив | |
| Өз ара байланышкан ишкана | Инвестордун менчигинде турган ишканадан айырмаланган, түздөн-түз өзүнүн менчик ээлерине, мүчөлөрүнө же катышуучуларына дивиденддерди, чыгымдардын азайтылышын же башка экономикалык пайдаларды камсыз кылган ишкана. Мисалы, өз ара камсыздандыруу коому, кредиттик бирлик же кооперативдик ишкана өз ара байланышкан ишканалар болуп саналышат. |
| Өз ара фонд | Стандарт инвестицияларды туунду ишканаларга консолидациялоо жөнүндө талаптар венчурдук капитал уюмдарына, өз ара фонддорго, пайлык фонддорго жана ушундай ишканаларга жайылтылат деп белгилейт. |
| Өз ара камсыздандыруу компаниясы | |
| Улуттук талаптар | (а) улуттук талаптарга ылайык финансылык отчеттуулукту берүүнү токтотот, алдын ала аларды, ошондой эле финансылык отчеттордун башка топтомун көрсөтөт, алар ФОЭСке шайкештик жөнүндө айкын жана сөзсүз ырастоосун камтыйт. |
| «Чыгашалардын мүнөзү боюнча» методу | |
| Терс гудвилл | Сатып алуучунун адилет нарктагы үлүшүн алмашуу операциясынын күнүнө карата сатып алынган идентификацияланууучу активдердин жана милдеттенмелердин сатып алуу наркынан ар кандай (калган) ашышы. |
| Таза активдер | |

| | |
|---|---|
| Таза база | |
| Чыгып калуудан түшкөн таза киреше | Негизги каражаттардын объектин таанууну токтотуунун натыйжасында келип чыккан пайда же зыян түшкөн таза кирешелердин, эгерде булар бар болсо, жана объекттин баланстык наркынын ортосундагы айырма катары аныкталууга тийиш. |
| Таза курстук айырмалар | (viii) финансылык отчеттуулукту колдонуудагы валютадан башка тапшыруу валютасына кайра эсептеген, анын ичинде чет өлкөлүк операцияны отчет берүүчү ишкананын тапшыруу валютасына которуу учурунда келип чыккан таза курстук айырмалар. |
| Идентификациялануучу таза активдер | Инвестицияларды сатып алууда ассоциацияланган ишкананын идентификациялануучу таза активдеринин адилет наркында инвестициялардын жана инвестордун үлүшүнүн ортосундагы ар кандай (оң же терс) айырма гудвилл катары каралат (ФОЭС (IAS) 22ни кара). |
| Таза киреше | |
| Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялар | Отчет берүүчү ишкананын бул операциянын таза активдериндеги үлүшүнүн суммасы. |
| Ижарага таза инвестиция | Ижара келишиминде камтылган пайыздык ставканы колдонуу менен дисконттолгон ижарага дүң инвестиция. |
| Таза зыян | |
| Таза акча позициясы | |
| Таза позиция | Эгерде ишкана таза позицияны мурдатан колдонулуп келген БЭЖПга (GAAP) ылайык хеджирлөө объекти катары белгилесе, ал ушул таза позициядагы өзүнчө беренени ФОЭСке ылайык хеджирлөө объекти катары белгилей алат, мында ал ушуну ФОЭСке өткөн күндөн кеч эмес жасашы шарт. |
| Таза пайда | |
| Таза пайда же зыян [мезгил ичиндеги] | Төмөнкүдөй компоненттерден турат: (а) демейки ишмердүүлүктөн пайда же зыян; жана (b) өзгөчө беренелер. |
| Мезгил ичиндеги таза пайда же зыян, эсеп саясатындагы фундаменталдык каталар жана өзгөрүүлөр | |
| Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы | Өндүрүштү аяктоого кеткен эсептик чыгымдарды жана сатууга кете турган эсептик чыгымдарды алып салгандан кийин демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү сатуунун эсептик баасы. |
| Таза сатуу баасы | Сатуу чыгымдары алып салынган, жакшы маалымдар, ниети бар тараптардын ортосундагы коммерциялык операциянын алкагында активди сатуудан алууга боло турган сумма. |
| Нетто эсеп = Нетто эсеп (Кайчы талаптардын чегерүүлөрүн жүргүзүү) | |
| Бейтараптык | Финансылык отчеттуулукта камтылган бир жактуу маалыматтан эркиндик. |

| | |
|---|---|
| Жакында сатып алынган актив | |
| Улуулугу боюнча кийинки башкы ишкана | Эгерде башкы ишкана да, түпкү контролдоочу тарап да ачык пайдалануу үчүн жеткиликтүү финансылык отчеттуулукту түзбөсө, ошондой эле муну жасаган, улуулугу боюнча кийинки башкы ишкананын аталышы ачып көрсөтүлүүгө тийиш. |
| Банктык эмес финансылык сервистик компания | ФОЭС (IFRS) 7.BC6 Башкармалык көптөгөн өлкөлөрдө жөнгө салуучу бөгөттөрдүн төмөндөшү жана банктардын, банктык эмес финансылык компаниялардын жана финансылык конгломераттардын ортосундагы атаандаштыктын өсүшү көптөгөн ишканалар демейде ишмердүүлүгү банк сыяктуу түзүмдөр тарабынан жөнгө салынган жана контролдонгон ишканалар гана көрсөткөн финансылык кызматтарды көрсөтүшүнө алып келди деп белгиледи. |
| Жоюлбай турган ижара | Ижара, ал: (a) айрым күтүлбөгөн кыйыр жагдайлар келип чыкканда; (b) ижара берүүчүнүн макулдугу менен; (c) эгерде ижарачы ошол эле ижара берүүчү менен ошол эле эквиваленттүү активге жаңы ижара келишимин түзсө; же (d) анын учурунда ижара мөөнөтүнүн башында ижараны улантуу акылга сыярлык айкын болуп саналган кошумча сумманы ижарачы төлөгөндөн кийин гана бузулушу мүмкүн болгон ижара. |
| Акчалай эмес операциялар | |
| Жылдын аякташынын дал келбеген күндөрү | Жылдын аякташынын дал келбеген күндөрү IN 12. Эгерде ассоциацияланган ишкананын үлүштүк катышуу методун колдонуу учурунда пайдаланылуучу финансылык отчеттуулугу инвестордун отчеттук күнүнөн айырмаланган отчеттук күнгө карата даярдалган болсо, айырма үч айдан ашууга тийиш эмес. |
| Жүгүртүүдөн тышкаркы (узак мөөнөттүү) активдер | Жүгүртүүдөгү актив аныктамасына ылайык келбеген актив. |
| Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк | ФОЭС аталышы |
| Туунду эмес инструмент | туунду эмес инструмент, ал өзгөрүлмө сандагы жеке өзүнүн үлүштүк инструменттерин берүү боюнча эмитент үчүн келишимдик милдеттерди камтыбайт. |
| Туунду эмес келишим | |
| Кызматкерлердин пайдасын бөлүштүрүүнүн дискрециялык эмес планы | Мисалы, потенциалдуу жөнөкөй акциялар менен байланышкан пайыздык чыгашалардын азайышы жана буга байланыштуу пайданын көбөйүшү же зыяндын азайышы кызматкерлер пайданы бөлүштүрүшүнүн дискрециялык эмес планы менен байланышкан чыгашалардын көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн. |
| Финансылык эмес активдер | Адилет нарк боюнча эсепке алуу модели кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделинен айырмаланат, ал айрым |

| | |
|---|---|
| | финансылык эмес активдер үчүн уруксат берилген. |
| Линиялуулуктун жоктугу | |
| Рыноктук эмес баалуу кагаздар | |
| Акчалай эмес актив | |
| Акчалай эмес мамлекеттик субсидиялар | |
| Кайра сатып алынбай турган | Артыкчылыктуу акцияларды кайра сатып алууга болбогон учурда тиешелүү классификация алар бере турган башка укуктар менен аныкталат. |
| Сатып алууга орду толтурулбай турган салыктар | (а) соода арзандатууларын жана бааны төмөндөтүүлөрдү алып салганда, анын сатып алуу баасы, анын ичинде импорттук алымдар жана сатып алууга орду толтурулбай турган салыктар. |
| Өндүрүштүк кубаттуулуктардын нормалдуу деңгээли | Пландуу техникалык тейлөөнүн натыйжасында ойдогудай жагдайларда бир нече мезгилдин же сезондун ичинде өндүрүшкө орточо жетишилет деп күтүлөт. |
| Векселдер (алууга / төлөөгө) | (b) Алууга жана төлөөгө векселдер |
| Номиналдык сумма | |
| | |
| Максат | |
| милдеттендирүүчү окуя | Юридикалык же конструктивдүү милдетти түзө турган, анын натыйжасында ишканада ушул милдеттенме боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн реалдуу альтернативалары болбогон окуя. |
| Милдеттенме, милдет | Белгилүү бир түрдө аракеттенүүгө же ишти аткарууга милдет же жоопкерчилик. Милдеттенмелер милдеттендирүүчү келишимдин же мыйзамдык талаптын болушунун натыйжасында юридикалык күчкө ээ болушу мүмкүн. Бирок милдеттенмелер ошондой эле демейки иш практикасынан, адаттардан жана жакшы иш мамилелерин сактоо же акыйкаттуу аракеттенүү ниетинен келип чыгышы мүмкүн. |
| Объекттерди жоюу жана курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча милдеттенмелер | «Баалоо милдеттенмелери, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер» ФОЭС (IAS) 37ге ылайык ишкана пайдалуу кендердин запастарын чалгындоону жана баалоону жүргүзүү иштеринин натыйжасында белгилүү мезгил ичинде келип чыккан активдердин объекттерин жоюу же курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча ар кандай милдеттенмелерди тааныйт. |
| Байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставка | ФОЭС (IFRS) 7.IG9 Ишкана LIBOR’ду байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставка катары пайдаланат. |

| | |
|---|---|
| Байкоо жүргүзүлүүчү рыноктор | ФОЭС (IFRS) 7.IG14 Баалоонун бул методу байкоо жүргүзүлүүчү рыноктордун маалыматтарынан айырмаланган өзгөрүлмөлөрдү камтыйт. |
| Байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставка | ФОЭС (IFRS) 7.9 (c) Рыноктук тобокелдиктин пайда болушуна алып келүүчү рыноктук шарттардын өзгөрүүлөрү байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставканын, товарларга баанын, валюталык курстун же баалардын же ставкалардын индексинин өзгөрүүлөрүн камтыйт. |
| Байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баа | Адегенде ишкана милдеттенменин байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баасын пайдаланып мезгилдин башына карата милдеттенменин кирешелүүлүгүнүн ички ченемин жана мезгилдин башына карата милдеттенме боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын эсептейт. |
| эскирүү | |
| Сунуш кылынган баа | |
| Офсет (өз ара чегерүү) | |
| Өз ара чегерүү | Караңыз, «Чегерүү, мыйзамдуу укук» |
| Оордотулган келишим | Ал боюнча милдеттерди аткарууга сөзсүз боло турган чыгымдар аны аткаруудан күтүлгөн экономикалык пайдадан ашкан келишим. |
| Баштапкы сальдо | |
| Операциялык ишмердүүлүк | Ишкананын кирешелерди алып келүүчү негизги ишмердүүлүгү жана инвестициялык же финансылык болуп саналбаган башка ишмердүүлүгү. |
| Операциялык цикл | Кайра иштетүү үчүн активдерди сатып алуунун жана аларды акча каражаттарында же алардын эквиваленттеринде ишке ашыруунун ортосундагы убакыт. |
| Операциялык ижара | Финансылык ижарадан айырмаланган ижара. |
| Операциялык ижара - стимулдар | ФОЭС аталышы |
| Опцион | Кармоочуга жөнөкөй акцияларды сатып алууга укук берген финансылык инструмент. |
| Опциялык келишим | Форварддык келишимдин эки тарабы макулдашылган убакта өз милдеттенмелерин аткарууга тийиш, ошол эле учурда, эгерде опционду кармоочу аны аткаруу чечимин кабыл алса, опциондук келишим боюнча аткаруу болуп өтөт. |
| Опциондордун баасын түзүү модели | |
| Демейки ишмердүүлүк | Өз ишинин алкагында ишкана жүзөгө ашырып жаткан ар кандай ишмердүүлүк жана аны менен байланышкан, ишкана кошумча же ушул ишмердүүлүктөн келип чыккан алга илгерилетүүгө катышып жаткан ишмердүүлүк. |

| | |
|---|---|
| Демейки бизнес | Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы – бул сатуу үчүн зарыл болгон иштерди аяктоого эсептик чыгымдарын алып салгандан кийин демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү сатуунун эсептик баасы. |
| Жөнөкөй акция | Үлүштүк инструменттердин бардык башка класстарына баш ийген үлүштүк инструмент. |
| Баштапкы нарк | Мындан тышкары, эгерде материалдык эмес актив ФОЭС (IAS) 38деги таануу критерийлерине (анын ичинде баштапкы нарктын ишенимдүү баалоосуна), ошондой эле кайталап баалоо үчүн (анын ичинде активдүү рыноктун болушу) ФОЭС (IAS) 38дин критерийлерине ылайык келсе гана, ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана шарттуу баштапкы нарк катары (18-пункт, ФОЭС) төмөнкүдөй суммалардын бирин колдонууну тандай алат. |
| Ички түзүлгөн  зайымдар жана дебитордук карыз | Ишканада болгон зайымдарды жана дебитордук карызды карап чыгуу. |
| Кредит берүүгө болгон чыгымдар | |
| Кызматкерлердин башка узак мөөнөттүү сыйакылары | Кызматкерлердин  сыйакылары  (буга эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылар жана бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар кирбейт), алар кызматкерлер тиешелүү кызмат көрсөткөн мезгил аяктагандан кийин он эки айдын ичинде төлөнүүгө тийиш эмес. |
| Башка баа тобокелдиги | Финансылык инструменттин адилет наркы же ал боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдары рыноктук баалардын өзгөрүшүнөн улам (буга пайыздык тобокелдик же валюталык тобокелдик менен байланышкандар кирбейт), бул өзгөрүүлөр конкреттүү финансылык инструмент же анын эмитенти үчүн мүнөздүү болгон факторлордон же рынокто жүгүртүлүп жаткан бардык ушундай финансылык инструменттерге таасир эткен факторлордон келип чыкканына же чыкпаганына карабастан, өзгөрүп туруу тобокелдиги. |
| Акчадан тышкары | Актив менен байланышкан милдеттенме: (i) эгерде бул опциондун «акчасы бар» же «өзүнүн алдындагы» деген статусу бар болсо, анын убакыт ичиндеги наркын алып салуу менен көрсөтүлгөн опционду аткаруу баасы боюнча же (ii) эгерде бул опциондун «акчадан тышкары» деген статусу бар болсо, көрсөтүлгөн опциондун убакыт ичиндеги наркын алып салуу менен өткөрүп берилген активдин адилет наркы боюнча бааланат. |
| Түз сатуу | |
| Аутсорсингди уюштуруу | (мисалы, бул ишкананын маалыматтарын иштетүү функцияларынын аутсорсинги) |
| Кошумча чыгашалар | |
| Биржадан тышкаркы рынокто | Инвестордун карыздык же үлүштүк инструменттери ачык рынокто (ички же чет өлкөлүк фонд биржасында же биржадан тышкаркы рынокто, анын ичинде жергиликтүү жана региондук рыноктордо) соодаланбайт. |

| | |
|---|---|
| Менчик ээси ээлеп турган кыймылсыз мүлк | Товарларды өндүрүүдө же берүүдө же кызмат көрсөтүүдө же болбосо административдик максаттарда пайдалануу үчүн (финансылык ижара келишими боюнча менчик ээси же ижарачы тарабынан) кармалып турган мүлк. |
| Өздүк капитал | |
| Менчиктин үлүшү | |
| Төлөнгөн капитал | |
| башкы ишкана | Бир же бир нече туунду ишканасы бар ишкана. |
| Башкы-туунду мамилелер | |
| Жарым-жартылай катышуусу бар туунду ишкана | Башкы ишкана өзү толук менчикте турган туунду ишкана болуп саналат же башкы ишкана башка ишканага жарым-жартылай ээлик кылуу менен туунду ишкана болуп саналат жана анын башка ээлери, анын ичинде башка добуш укугу болбогондор маалымдар болушкан жана башкы ишкана бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдабаганына каршы эмес. |
| Катышуучулар [пенсиялык программадагы] | Пенсиялык программанын мүчөлөрү, ошондой эле ушул программа боюнча төлөмдөрдү алууга укуктуу башка адамдар. |
| Пайдага катышууга укук берген үлүштүк инструменттер | ФОЭС (IAS) 33түн негизги максаты буларда турат: шарты менен чыгарылуучу акциялардын таасири сыяктуу тандалган татаал маселелер боюнча кошумча көрсөтмөлөрдү жана көрсөтмөлүү мисалдарды берүүгө чектелген кайра кароону кароо; туунду ишканалардын, биргелешкен ишканалардын же ассоциацияланган ишканалардын потенциалдуу жөнөкөй акциялары; пайдага катышууга укук берген үлүштүк инструменттер; чыгарылган пут опциондор; сатып алынган пут жана колл опциондор; жана милдеттүү түрдө конвертациялоо менен инструменттер. |
| Өткөн учурда бизнести бириктирүү | ФОЭС мурдатан колдонулуп келген БЭЖПга (GAAP) ылайык гудвиллге берилген суммаларды жана башка сатып алынган активдерди жана бизнести бириктирүү күнүнө карата ФОЭСке ылайык аларды шарттуу баштапкы наркы катары өткөн бизнести бириктирүүнүн жүрүшүндө кабыл алынган милдеттенмелерди караганына карабастан, ишкана өзүнүн ФОЭСинин башталышында балланстык наркты оңдоп-түзөөгө тийиш. |
| Мөөнөтү өткөн | Эгерде контрагент келишимде белгиленген мөөнөттө төлөмдү жүргүзбөсө, финансылык актив мөөнөтү өткөн болуп саналат. |
| Өткөн окуя | |
| Өткөн мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы | Кызматкерлердин эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакыларды киргизүүнүн же өзгөртүүнүн же алардын башка узак мөөнөттүү сыйакыларынын натыйжасында келип чыккан мурдагы мезгилдердеги кызматкерлердин кызмат көрсөтүүлөрү үчүн белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенмелердин келтирилген наркынын өзгөрүшү. Мурдагы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы оң (мында төлөмдөр ушундай киргизилгендиктен же өзгөргөндүктөн, белгиленген |

| | |
|---|---|
| | төлөмдөр боюнча пенсиялык программа боюнча милдеттенменин келтирилген наркы көбөйөт), ошондой эле терс (мында учурдагы төлөмдөр ушундай түрдө өзгөргөндүктөн, белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенменин келтирилген наркы азаят) болушу мүмкүн. |
| Кредитордук карыз | |
| Пенсия | |
| Пенсиялык милдеттенмелер | 2004-жылдын ичинде пенсиялык милдеттенмелер130га көбөйдү, бул сатуулардын (50), жүгүртүүлөрдүн коромжуларынын (30) жана административдик чыгымдардын (50) баштапкы наркынын өсүшүн пайда кылды. |
| Пенсиялык программа | |
| Аткаруунун пайыздык методу | Келишимди аткаруу стадиясына таянуу менен кирешелерди жана чыгашаларды таануу. Үлүш методго ылайык келишим боюнча түшкөн киреше аяктоо стадиясына жеткен учурдагы тарткан келишим боюнча чыгымдар менен салыштырылат, анын натыйжасында отчетто аткарылган иштердин үлүшүнө киргизилиши мүмкүн болгон түшкөн киреше, чыгашалар жана пайда чагылдырылат. |
| Натыйжалуулукка жетишүү шарты | |
| Кызмат кылуу мөөнөтү | |
| Белгилүү мөөнөткө аннуитет | |
| Белгилүү мөөнөткө колдонулуучу | Кумулятивдик натыйжаны же бул өзгөрүүнүн конкреттүү мезгилге таасирин аныктоо иш жүзүндө мүмкүн болбогон учурларды кошпогондо, эсеп саясатындагы өзгөрүү ретроспективдүү колдонулууга, ал эми мурдагы мезгилдер үчүн маалымат кайра эсептелүүгө тийиш. |
| Мөөнөтсүз карыздык инструменттер | «Мөөнөтсүз» карыздык инструменттер («мөөнөтсүз» облигациялар, карыз милдеттенмелери жана векселдер сыяктуу) келишимдик укукту кармоочуга демейде белгисиз келечекке белгиленген мөөнөттөрдө же болбосо негизги сумманын кирешесин алууга укугу болбостон пайыздардын эсебинен төлөмдөрдү алууга укукту же муну ыктымалдыгы аз же келечекте өтө алыс кылган шарттарда карыздын негизги суммасын кайра кайтарууга укукту берет. |
| Туруктуулук бонусу | |
| Персонал | Эгерде кызматтарды  көрсөтүүчүлөрдө запастар бар болсо, алар буларды өндүрүүгө чыгымдар боюнча баалайт. Бул чыгымдар негизинен кызмат көрсөтүүгө түздөн-түз катышкан персоналга, анын ичинде жетекчилик кылуучу персоналга эмгек акыга чыгымдардан жана башка чыгымдардан, ошондой эле кошумча чыгашалардан турат. |
| Фантомдук акциялар | |

| | |
|---|---|
| Физикалык капитал | |
| Программанын (пенсиялык программанын) активдери | а) Кызматкерлердин узак мөөнөттүү сыйакылар фондунун активдери; жана б) тиешелүү камсыздандыруу полистери. |
| Планды аткаруу күнү | |
| Камсыздоо катарында | (b) Ишкана милдеттенмелерин камсыздоо катарында өткөрүп берген финансылык активдердин баланстык наркын, шарттуу милдеттенмелерин камсыздоо катарында өткөрүп берген финансылык активдердин баланстык наркын жана (60(а) жана 63(g)-пункттарына ылайык) камсыздоо катарында өткөрүп берген активдерге тиешелүү ар кандай олуттуу шарттарды ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Камсыздандыруу полисин кармоочу | Камсыздандыруу учуру келгенде камсыздандыруу келишими боюнча компенсация алууга укугу бар тарап. |
| Кызыкчылыктарды бириктирүү методу | |
| Портфель | |
| Пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө | |
| Портфелди өткөрүп берүү | |
| Эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылардын программалары | Ишкана бир же бир нече кызматкерине алардын эмгек ишмердүүлүгүнүн аякташы боюнча сыйакыларды төлөп берүүнү камсыз кылган формалдуу же формалдуу эмес макулдашуулар. |
| Эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылар | Эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча кызматкерлерге төлөп берилүүчү (бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдан башка) сыйакылар. |
| Салык салуудан кийинки пайда же зыян | |
| Укуктарды өткөрүп берүүнүн кийинки чектөөсү | |
| Потенциалдуу жөнөкөй акция | Өз кармоочусуна жөнөкөй акцияга менчик укугун бере ала турган финансылык инструмент же башка келишим. |
| Потенциалдуу добуш укуктары | Ишкана акцияларга варранттарга, акцияларды сатып алууга опциондорго, жөнөкөй акцияларга конвертациялануучу карыздык же үлүштүк инструменттерге же башка ушундай инструменттерге ээ болушу мүмкүн, алар аткарылган же конвертацияланган учурда ишканага добуш укугун бере алат же башка жактын финансылык жана операциялык саясаты жагынан башка тарапка добуш укугун (потенциалдуу добуш укугун) азайта алат. |
| Алдын ала биригүү | |

| | |
|---|---|
| Эл аралык финансылык отчеттуулуктун түшүндүрмөлөрү боюнча комитетке карата баш сөз | |
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына карата баш сөз | |
| Артыкчылыктуу акциялар боюнча дивиденддер | Артыкчылыктуу акциялар боюнча дивиденддерге салык салгандан кийинки суммаларды, капитал катары классификацияланган артыкчылыктуу акциялар жана артыкчылыктуу акциялардын башка ушундай натыйжалары боюнча эсептешүүлөрдөн пайданы же зыянды эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн (а) жана (b) суммалары болууга тийиш. |
| Артыкчылыктуу акция | Жөнөкөй акциялар артыкчылыктуу акциялар сыяктуу акциялардын типтерине катышкандан кийин гана мезгил ичиндеги пайдага катышат. |
| Премия | |
| Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү | IG32 Ишкана өзүнүн баалоо валютасын жана тапшыруу валютасын аныктоодо «Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири» ФОЭС (IAS) 21ди сактайт. ( ФОЭС (IAS) 21ге жана ФОЭС (IAS) 29га ылайык «Отчеттуулук валютасы – финансылык отчеттуулукту баалоо жана көрсөтүү» ТТК (SIC) 19ду кара). |
| Түзүүчүлөр | Ушул алга карай эволюциялык кадам отчетторду түзүүчүлөргө жана пайдалануучуларга адилет нарк боюнча эсепке алуу модели бар зор иш тажрыйбасын алууга мүмкүндүк берет жана айрым кыймылсыз мүлк рынокторуна толук өнүгүүгө жетишүү үчүн убакыт берет. |
| Алдын ала акы | |
| Учурдагы милдеттенме | |
| Келтирилген нарк | Демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө келечектеги таза акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген дисконттолгон наркын азыркы мезгилде баалоо. |
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенменин келтирилген наркы | Караңыз, «Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенме (келтирилген нарк)» |
| Көрсөтүү, берүү, тапшыруу | |
| Тапшыруу валютасы | Финансылык отчеттуулук тапшырылган валюта. |
| Финансылык отчеттуулукту берүү | ФОЭС аталышы |
| Мурдатан колдонулуп келген БЭЖП (GAAP) (Бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган принциптери) | ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана түздөн-түз ФОЭСке өтүүнүн алдында пайдаланган бухгалтердик эсептин принциптери жана эрежелери. |
| Баанын жана пайданын коэффициенттери | |

| | |
|---|---|
| Баалардын индекси | |
| Баа тобокелдиги | Баа тобокелдигинин төмөнкүдөй үч тиби бар: валюталык тобокелдик, пайыздык тобокелдик жана рыноктук тобокелдик. «Баа тобокелдиги» өзүнө пайданы жоготуу мүмкүнчүлүгүн гана эмес, ошондой эле алуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт. |
| Бухгалтердик эсептин алгачкы негиздери | Эгерде ФОЭС боюнча ишкананын биринчи финансылык отчеттуулугу 2004-жылдын 1-январына чейин башталуучу мезгил үчүн түзүлсө жана ишкана бухгалтердик эсептин алгачкы негизи катары «ФОЭС (IAS)ти алгачкы колдонуу» ФОЭС (IAS) 8дин ордуна ушул ФОЭСти колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Алгачкы экономикалык чөйрө | Ишкана иштеп жаткан алгачкы экономикалык чөйрө демейде ал топтолгон жана акча каражаттарын чыгымдаган чөйрө. |
| Базистик финансылык инструменттер | Туунду финансылык инструменттер болуп саналбаган дебитордук, кредитордук жана үлүштүк баалуу кагаздар сыяктуу финансылык инструменттер. |
| Негизги максат | (а) Кеңештин негизги максаты – ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкананын жана ФОЭСти алгачкы колдонгон, ошол эле учурда ФОЭСке өткөн ар түрдүү ишканалардын ортосунда финансылык отчеттуулуктун салыштырылышын камсыз кылуу (ВС10-пункт). |
| Отчеттуулуктун негизги форматы | |
| Негизги суммадан гана стрип | (е) Пайыздарды гана же негизги сумманы гана төлөө тилкесинде мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карата камтылган опцион, мында негизги келишим: (i) адегенде финансылык инструменттен келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууга укукту бөлүүнүн натыйжасында келип чыккан, ал өз алдынча камтылган туунду инструментти камтыган эмес жана (ii) алгачкы негизги карыздык келишимде жок болгон кандайдыр-бир шарттарды камтыган эмес. |
| Принциптерге негизделген ыкма | 3-учурда ФОЭСтин төмөндөгү 31-34-пункттары ФОЭС (IAS) 10дун принциптерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылат. |
| Мурдагы мезгилдин катасы | Мурдагы бир же бир нече мезгилдер үчүн ишкананын финансылык отчеттуулугунда ишенимдүү маалыматты пайдаланбоонун же туура эмес пайдалануунун натыйжасында келип чыккан камтылбай калуулар жана бурмалоолор, мында маалымат: (а) бул мезгилдер ичинде финансылык отчеттуулук чыгарууга бекитилген учурда жеткиликтүү болгон; жана (b) алар ушул финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү учурунда алынат жана эсепке алынат деп негиздүү күтүүгө мүмкүн болчу. Мындай каталарга математикалык каталардын, эсеп саясатын колдонуудагы каталардын, ката кетирүүнү же фактыларды туура эмес чечмелөөнүн натыйжалары, ошондой эле алдамчылык кирет. |
| Жеке ишкана | |
| Менчиктештирүү | IG50 ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана материалдык эмес активдин адилет наркын акцияларды менчиктештирүү же алгачкы жолу ачык жайгаштыруу сыяктуу окуянын күнүнө карата ушул окуянын күнүнө карата шарттуу баштапкы нарк катарында пайдаланууну чече алат (ФОЭСтин19-пункту), мында |

| | |
|---|---|
| | материалдык эмес актив ФОЭС (IAS) 38ге (ФОЭСтин 10-пункту) ылайык таануу үчүн талаптарга ылайык келиши шарт». |
| Проформа | |
| Пропорционалдуу негиз | |
| Ыктымалдуулукту таануу критерийлери | |
| Ыктымалдуу | Ыктымалдуулугу ыктымалсыздыгына караганда жогору. |
| Ыктымал максималдуу зыян | |
| Продукцияга кепилдик милдеттенмелер | |
| Өндүрүштүк кошумча чыгашалар | |
| Өндүрүштүк процесс | (с) материалдар же буюмдар формасында, алар өндүрүштүк процессте же кызмат көрсөтүүдө колдонулат. |
| Пайда | |
| Салык салуудан кийинки пайда | |
| Салыкты алып салганга чейинки пайда | |
| Пайданы бөлүштүрүү | |
| Аткарылган иштер үчүн төлөмдү талап кылуу | |
| Арадагы төлөм | |
| чектөөлөр | Жергиликтүү мыйзамдар, ишкананын ченемдик актылары же уставы катышуучулардын акцияларын сатып алууга тыюунун ар түрдүү типтерин, мисалы, шартсыз тыюуларды же ликвиддүүлүк критерийлерине негизделген тыюуларды сала алат. |
| Болжолдонуучу шарттуу бирдик методу | Ар бир кызмат мезгилин кошумча сыйакынын бирдигине укугун жогорулатууга негиз катары караган жана акыркы милдеттенмени калыптандыруу максатында ар бир бирдикти өзүнчө эсептеген актуардык баалоо методу (кээде кызмат кылуу мезгилине пропорционалдуу бөлүнгөн сыйакыны кошуп эсептөө методу же кызматтын сыйакысынын/ мөөнөтүнүн методу деп аталат). |
| Менчик үлүшү | Операциялык ижара келишими боюнча ижарачы кармап турган менчиктин үлүшү төмөнкүдөй шартта инвестициялык мүлк катары классификацияланышы жана эсепке алынышы мүмкүн:<br>(а) инвестициялык кыймылсыз мүлк аныктамасынын калган |

| | |
|---|---|
| | талаптары сакталат; (b) операциялык ижара, эгерде бул финансылык ижара болгон болсо, ал «Ижара» ФОЭС (IAS) 17ге ылайык эсепке алынат; жана (c) ижарачы активди таануу үчүн Ушул стандартта баяндалган адилет нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонот. |
| Негизги каражаттар | Төмөнкү материалдык активдер:<br>(a) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүдө же берүүдө колдонуу үчүн, башкаларга ижарага берүү үчүн же административдик максаттар үчүн кармалып турган; жана<br>(b) бир мезгилден ашык мөөнөттө колдонулуусу күтүлгөн активдер. |
| Негизги каражаттар – объекттердин наркынын түшүшүн же жоготууларын компенсациялоо | |
| Негизги каражаттар – олуттуу техникалык кароого же капиталдык оңдоого чыгымдар | |
| Пропорционалдуу бириктирүү | Эсепке алуу жана отчеттуулук методу, мында биргелешип контролдонуучу ишкананын активдеринин, милдеттенмелеринин, кирешелеринин жана чыгашаларынын ар бирине биргелешкен ишмердүүлүктүн катышуучусунун үлүшү ишкердин финансылык отчеттуулугунда ушундай беренелер менен сап боюнча биригет жана ишкердин финансылык отчеттуулугунда өзүнчө беренелер катары чагылдырылат. |
| Пропорционалдуу пайыз | |
| Сунуш кылынып жаткан жакшыртуулар | BC82 2002-жылдын июнундагы алдын ала долбоор ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканага ал сунуш кылынган жакшыртууларды биринчи жолу колдонуп жатканда ар кандай финансылык активди соодага арналган карата аныктоо мүмкүнчүлүгүн сунуш кылган. |
| Перспективдүү колдонуу | Эсеп саясатында өзгөрүүнү перспективдүү колдонуу жана өзгөрүүлөрдүн бухгалтердик баалоого таасирин таануу болуп, тиешелүү түрдө, төмөнкүлөр саналат: (a) жаңы эсеп саясатын эсеп саясаты өзгөргөн күндөн кийин орун алган операцияларга, башка окуяларга жана шарттарга карата колдонуу; жана (b) ушул өзгөрүүдөн улам учурдагы жана келечектеги мезгилдерде бухгалтердик баалоодогу өзгөртүүлөрдүн таасирин таануу |
| Резерв | Белгисиз мөөнөттөгү же көлөмдөгү милдеттенме |
| Шарттуу нарк | |
| Баалоо милдеттенмелери, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер | ФОЭС - аталышы |
| ыйгарым укук | ФОЭС (IFRS) 7.BC19 Башкармалык бул көп учурда милдеттенменин кредиттик тобокелдиги менен байланышкан, атап айтканда, мындай өзгөрүүлөр кыйла болуп саналган учурдагы адилет нарктын өзгөрүүсүнүн акылга сыярлык көрсөткүчү болуп саналат жана анын жардамы менен кредиттик тобокелдиктен пайданын же зыяндын натыйжасынын маңызын |

| | |
|---|---|
| | түшүнүүгө боло турган маалыматты пайдалануучуларга берүүгө мүмкүндүк түзөт деп эсептеди. |
| этияттуулук | Айкын эместик шарттарында баалоону жүргүзүүдө активдердин же кирешелердин жогорулатылышына же милдеттенмелердин же чыгашалардын төмөндөтүлүшүнө жол бербеген аракеттердин даражасын колдонуу. |
| Мамлекеттик ишкана | |
| Ачык баалуу кагаздар рыногу | Ушул стандартты жөнөкөй акциялары же потенциалдуу жөнөкөй акциялары ачык рынокто жүгүртүлүп жаткан ишканалар, ошондой эле жөнөкөй акциялары же потенциалдуу жөнөкөй акциялары баалуу кагаздардын ачык рыноктoруна чыгаруу процессинде турган ишканалар колдонууга тийиш. |
| Ачык котировкалануучу ишкана | |
| Жарыяланган баа | |
| Сатып алгандыгы үчүн сыйакынын суммасы | |
| Сатып алуу ыкмасы | |
| Сатып алуу баасы | Запастардын сатып алууга чыгымдар сатып алуу баасын, импорттук алымдарды жана башка салыктарды камтыйт (буга кийин салык органдарынан ишкана тарабынан орду толтурулуучу чыгымдар кирбейт), ошондой эле ташууга, жүктөө-түшүрүү иштерине чыгымдар жана даяр продукцияны, материалдарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу менен түздөн-түз байланышкан чыгымдар. |
| Сатып алынган опциондор | |
| Пут опцион (Сатууга опцион) | Кармоочуга айрым мезгил ичинде айрым баа боюнча жөнөкөй акцияларды сатуу укугун берген келишимдер. |
| мөөнөтүнөн мурда төлөө укугу менен | |
| Кайра артка сатуу укугу менен инструмент | Инструменттин ээсине инструментти анын эмитентине акча каражаттарына же башка финансылык активдерге кайра артка сатуу укугун берүүчү же келечекте айкын эмес окуя келип чыкканда, инструменттин ээси каза болгондо же пенсияга кеткенде өзүнүн ээсине автоматтык түрдө кайтарылуучу финансылык инструмент. |
| Таанууга / таануудан баш тартууга квалификациясы | (i) ФОЭСти алгачкы жолу колдонуп жаткан ишкана мурдагы бизнести бириктирүүнү сатып алуу катары классификациялап жана «Материалдык эмес активдер» ФОЭС (IAS) 38ге ылайык актив катары таануу критерийлерине ылайык келбеген объекттин материалдык эмес активи катары тааный алат. |
| Квалификациялануучу актив | Аны арналышы боюнча пайдалануу же сатуу үчүн даярдоо милдеттүү түрдө кыйла убакытты талап кылган актив. |

| | |
|---|---|
| Квалификацияланууучу (белгилүү бир талаптарды канааттандыруучу) камсыздандыруу полиси | Камсыздандыруучу чыгарган камсыздандыруу полиси отчет берүүчү ишкананын байланыштуу тарабы (ФОЭС (IAS) 24тө аныкталгандай) болуп саналбайт, эгерде полистен түшкөн кирешелер: (a) белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын алкагында кызматкерлерге сыйакыны төлөө же каржылоо үчүн гана колдонулса; (b) отчет берүүчү ишкананын өз кредиторлоруна жеткиликтүү эмес болсо (банкроттук учурунда да) жана төмөнкүдөй учурларды кошпогондо, отчет берүүчү ишканага төлөнүшү мүмкүн болбосо: түшкөн киреше ашыкча активдерди билдирет, алар саясат кызматкерлердин сыйакылары боюнча тиешелүү милдеттенменин бардык талаптарына ылайык келиши үчүн талап кылынбайт; же (ii) келип түшкөн каражаттар кызматкерлерге төлөнгөн сыйакылардын ордун толтуруу үчүн отчет берүүчү ишканага кайра кайтарылат. |
| Сапаттык мүнөздөмөлөр | |
| Сандык маалыматты ачып көрсөтүү | Сапаттык маалыматты ачып көрсөтүү – Финансылык инструменттер менен байланышкан тобокелдиктин ар бир тиби үчүн ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш: (a) тобокелдикке ыктагандыгын жана ал кантип келип чыкканын; (b) анын максаттарын, саясатын жана тобокелдикти башкаруу процесстерин жана тобокелдикти өлчөө үчүн колдонулуучу методдорду; жана (c) мурдагы мезгилге салыштырганда (a) же (b)дагы ар кандай өзгөрүүлөрдү. |
| Котировкалануучу үлүштүк инструмент | |
| Котировкалануучу рыноктук баа | |
| Рейтингдик жана рейтингдик эмес кредиттик тобокелдиктер | ФОЭС (IFRS) 7.IG24 (c) ишкананын рейтингдик жана рейтингдик эмес кредиттик тобокелдиктеринин суммасы. |
| Сатуунун наркы | Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин суммасы, ал азыркы учурда тартипке келтирилген чыгаруунун тибинде активди сатуу жолу менен алынышы мүмкүн. |
| Акылга сыярлык баалоо | (d) (c)нын идентификацияланууучу таза активдеринин топтолгон амортизациясын кайра эсептебейт, буга мурдагы БЭЖПга (GAAP) ылайык амортизациялоо методдору жана ставкалары ФОЭСке ылайык талап кылынгандан олуттуу айырмаланган суммаларга алып келген учурлар кирбейт (мисалы, эгерде алар салык салуу максаттары үчүн гана кабыл алынган болсо жана ФОЭСке ылайык активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн акылга сыярлык баалоосун чагылдырбаса). |
| Акылга сыярлык ыктымалдуу | ФОЭС (IFRS) 7.B19 Тобокелдиктин тиешелүү өзгөрүлмөсүн кандай өзгөртүү акылга сыярлык ыктымалдуу болуп санала тургандыгы жөнүндө маселени чечүүдө ишкана төмөнкүдөй аспекттерди кароого тийиш: (a) ал ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан экономикалык чөйрөнү. Акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөрүүлөр күмөндүү же «эң начар» сценарийлерди же «стресстик тесттерди» кошпоого тийиш. Андан тышкары, эгерде аныктоочу өзгөрүлмө тобокелдиктин өзгөрүүлөрү туруктуу болсо, ишкана тандалып алынган өзгөрүлмө тобокелдиктин негиздүү түрдө ыктымалдуу өзгөрүүсүн кайра карабашы керек. Мисалы, пайыздык ставка 5 пайызды түзөт деп болжолдойлу, ишкана пайыздык ставка +/-50 базистик пункттун чегинде өйдө-ылдый болгону негиздүү мүмкүн деп аныктайт. |

| | |
|---|---|
| | Ишкана пайыздык ставка 4,5 пайызга төмөндөгөнү же анын 5,5 пайызга чейин өскөнү пайдаларга же зыяндарга жана капиталга таасирин ачып көрсөтөт. Кийинки мезгилде пайыздык ставка 5,5 пайызга чейин өстү. Ишкана мурункудай эле пайыздык ставкалар ± 50 базистик пункттарына өзгөрүп турушу мүмкүн (б.а. пайыздык ставкалардын өзгөрүү ылдамдыгы туруктуу болуп саналат) деп эсептейт. Ишкана пайыздык ставка 5 пайызга төмөндөсө же 6 пайызга чейин өссө пайдага же зыяндарга жана капиталга таасирин ачып көрсөтөт. Эгерде пайыздык ставканын туруксуздугу олуттуу көбөйгөндүгүнүн далили пайда болбосо, ишкана пайыздык ставка +/-50 базистик пункттун чегинде өзгөрүү болгонун кайра карабайт. (b) ал ошол үчүн баалоо жүргүзгөн убакыт аралыгы. Сезгичтикти талдоо ишкана кийинки ирет бул маалыматты ачып көрсөткөн учурга чейинки мезгилдин ичинде акылга сыярлык ыктымалдуу деп эсептелген өзгөрүүлөрдүн таасирин көрсөтүүгө тийиш. Адатта бул ишкананын кезектеги жылдык отчеттук мезгили. |
| Кайра баалоо | |
| арзандатуулар | Соода арзандатуулары жана башка ушундай беренелер сатып алууга чыгымдарды аныктоо учурунда алып салынат. |
| Талашып-тартышуучу божомол | |
| Дебитордук карыз | |
| Таанылган финансылык инструменттер | Таанылган финансылык инструменттер ишкана чыгарган үлүштүк инструменттерди, ошондой эле ФОЭС (IAS) 39дун колдонуу чөйрөсүнө кирген финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди камтыйт. |
| таануу | Балансқа [финансылык абал жөнүндө отчетко] же пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчетко [жыйынды киреше жөнүндө отчетко] элементти аныктоого туура келген жана таануунун төмөнкүдөй критерийлерин канааттандырган беренелерди киргизүү процесси:<br>(a) ишкананын беренеге байланыштуу бардык келечектеги экономикалык пайданы алуу же жоготуу ыктымалдыгы бар; жана<br>(b) Иш жүзүндөгү чыгымдар же берененин баасы ишенимдүү баалана алат. |
| Чыгаша катары таануу | Ушул стандарт наркты аныктоо жана кийин аны чыгаша катары таануу, анын ичинде сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин ар кандай эсептен чыгаруу боюнча колдонмону билдирет. |
| Таануу критерийлери | Эгерде бул таануу критерийлери сакталса, сатып алуучу ФОЭС (IAS) 38 сатып алынып жаткан ишкананын өзүнчө балансында талап кылган негизде активди баалайт. |
| текшерип салыштыруу | |
| Ордун толтуруу | |

| | |
|---|---|
| Орду толтурулуучу | Эгерде запастар бузулган болсо, эгерде алар толугу менен же жарым-жартылай эскирген болсо же эгерде аларды өткөрүү баасы төмөндөгөн болсо, бул запастардын орду толтурулушу мүмкүн эмес. |
| Орду толтурулуучу нарк | Сатуу чыгымдары алып салынган активдин (же акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин) адилет наркынын жана анын колдонуу баалуулугунун эн чоңу. |
| Кайра сатып алуу | |
| Кайра сатып алууга тыюу салуу | Айрым учурларда кайра сатып алууга тыюу салуу жайылтылган акциялардын саны же төлөнгөн капиталдын суммасы мезгил-мезгили менен өзгөрүп турушу мүмкүн. |
| Кайра каржылоо | |
| Стандарттык шарттарда сатып алуу же сатуу | Анын шарттары боюнча тиешелүү рынокто кабыл алынган эрежелер же макулдашуулар менен белгиленген мөөнөттүн алкагында активди берүү талап кылынган келишимдин алкагында финансылык активди сатып алуу же сатуу. |
| жөнгө салгыч | |
| ордун толтуруу | |
| Кайра камсыздандыруу келишими | Биринчи ишкана (кайра камсыздандыруучу) тарабынан экинчи ишканага ушундай экинчи ишкана тарабынан чыгарылган бир же бир нече келишимдер (базалык келишимдер) боюнча пайда болгон дооматтарын компенсациялоо үчүн чыгарылган камсыздандыруу келишими. |
| Кайра камсыздандыруучу | Камсыздандыруу учуру келген учурда кайра камсыздандыруу келишими боюнча цедентке компенсация төлөп берүүгө милдеттенмеси бар тарап. |
| Дивиденддерди кайра инвестициялоо | жөнөкөй же артыкчылыктуу акциялар боюнча дивиденддерди ыктыярдуу кайра инвестициялоонун натыйжасында чыгарылган жөнөкөй акциялар дивиденддерди кайра инвестициялоо учурунда киргизилет. |
| Байланыштуу тараптар | «Тарап ишкана менен байланышкан болуп саналат, эгерде: (а) тикелей же бир же бир нече ортомчулар аркылуу кыйыр түрдө тарап: (i) контролдосо, контролдонсо же ишкана (анын ичинде башкы ишкана, туунду ишкана жана башка туунду ишканалар) менен жалпы контролдо болсо; (ii) ага ишканага олуттуу таасирди берген ишканада үлүшү бар болсо; же (iii) ишканага биргелешкен контролу бар болсо; (b) тарап (ФОЭС (IAS) 28де аныкталгандай) ассоциацияланган ишкана болуп саналса; (c) тарап ишкана катышуучу болуп саналган биргелешкен ишкана болуп саналса (ФОЭС (IAS) 31ди кара); (d) тарап ишкананын же анын башкы ишканасынын негизги башкаруучу персоналынын мүчөсү болуп саналса; (e) тарап (a) же (d) пункттарында көрсөтүлгөн ар кандай адамдын үй-бүлөсүнүн жакын мүчөсү болуп саналса; (ж) тарап контролдонгон, бирге контролдонгон ишкана болуп саналса же кыйла таасир астында турса, же мындай ишкана да (d) же (e) пункттарында көрсөтүлгөн ар кандай жак менен кыйла сандагы тикелей же кыйыр добуштары бар болсо; же (з) тарап тиешелүү ишкананын же ишкананын байланыштуу тарабы болуп саналган ар кандай башка |

| | |
|---|---|
| | ишкананын кызматкерлерине сыйакы берүү үчүн эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча  сыйакы берүү боюнча программасы  болуп саналса, тарап ишкана болуп саналат. |
| Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү | ФОЭС-аталышы |
| Байланыштуу тараптар ортосундагы операция | Акы төлөнгөнүнө же  төлөнбөгөнүнө  карабастан ресурстардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн же милдеттенмелердин байланыштуу тараптардын ортосунда өткөрүлүп берилиши. |
| Жөндүүлүк | Өткөн баалоолорду тастыктоо же оңдоо, же болбосо өткөн, учурдагы же келечектеги окуяларды колдонуучуларга баалоого жардам берүү менен алардын экономикалык чечимдерине таасир этүүгө мүмкүнчүлүк берген маалыматтын сапаты. |
| ишенимдүүлүк | Маалыматтын сапаты, аны олуттуу каталардан  жана бир жактуулуктан арылтып, өзү көрсөтүүнү максат кылган же негизинен күтүлүшү мүмкүн болгон нерселерди ишенимдүү чагылдырат. |
| Ишенимдүүлүк жөнүндө өзгөчө учур | Тиешелүү түрдө, Кеңеш ишенимдүүлүк жөнүндө өзгөчө учурун аныктамадан кийинки баалоо жөнүндө бөлүмгө котору (47-49-пункттар). |
| Ишенимдүү баалоо тести | Директорлор кеңеши ишканалар жогорулатылган наркты алмаштырылган активдерге киргизип, пайда «алышы» мүмкүн экендигинин тобокелдигин минималдаштыруу үчүн бул алмашууларды баалоо үчүн адилет наркты пайдалануу үчүн «ишенимдүү баалоо» тестин киргизди. |
| Револьвердик шарт | Опционду кармоочу аткаруунун баасын төлөө үчүн акча каражаттарын эмес, ишкананын акцияларын пайдаланып, мурда берилген опциондорду аткарган ар бир учурда акцияларга кошумча опциондорду өзүнөн-өзү берүүнү камсыз кылган шарт. |
| Револьвердик опцион | Акцияларга мурдагы опционду аткаруунун баасын төлөө үчүн акциялар колдонулган учурда берилүүчү акцияларга жаңы опцион. |
| Кайра баалоо | |
| Кызмат көрсөтүү | |
| Узартууга укук | |
| Өзгөртүп түзүү | |
| Оңдоо жана тейлөө | 16-пунктта баяндалган таануу принциптерине ылайык, ишкана инвестициялык кыймылсыз мүлктүн баланстык наркында мындай кыймылсыз мүлктү жума сайын тейлөөгө чыгымдарды таанбайт. Көбүнесе, бул чыгымдар алар келип чыгышына жараша мезгил үчүн пайданын же зыяндын курамында таанылат. Күн сайын тейлөөгө чыгымдар негизинен эмгек акы төлөөгө чыгымдардан жана чыгымдоо материалдарынан турат жана майда тетиктердин наркына киргизилиши мүмкүн. Бул чыгымдардын максаты көп учурда менчикти «оңдоо жана тейлөө» катары сүрөттөлөт. |
| төлөө | |

| | |
|---|---|
| Активди алмаштырууга чыгымдар | Демейде ушундай, жаңы же мурда колдонулган, же өндүрүштүк кубаттуулукка эквиваленттүү активди же кызмат көрсөтүү потенциалын сатып алуунун учурдагы наркынан чыгарылат. |
| Кайра күрөөгө коюу | Ишкананын камсыздоосу (финансылык же финансылык эмес активдер) бар болсо жана камсыздоонун ээси тарабынан дефолт жокто бул камсыздоону сатууга же кайра күрөөгө коюуга укугу бар болсо, ал: (a) кармалып турган камсыздоонун адилет наркын; (b) ар кандай ушундай сатылган же өткөрүп берилген күрөөнүн адилет наркын жана ишканада аны кайра кайтаруу боюнча милдеттенменин болушун; жана (c) күрөө менен байланышкан шарттарды ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Отчеттук сегмент | Ал боюнча ФОЭС (IFRS) 8 маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылган операциялык сегмент. |
| Отчеттуулук валютасы | Финансылык отчеттуулукту тапшыруу учурунда колдонулуучу валюта. |
| Отчеттуулук валютасы – ФОЭС (IAS) 21ге жана ФОЭС (IAS) 29га ылайык финансылык отчеттуулукту баалоо жана көрсөтүү | |
| Отчеттуулук валютасы – Баалоо валютасынан тапшыруу валютасына которуу | |
| Отчеттук күн | |
| Отчет берүүчү ишкана | Анын пайдалануучулары финансылык отчеттуулукка ишкана жөнүндө финансылык маалыматтын негизги булагы катары ишенген ишкана. |
| Отчет берүүчү ишкана | Анын пайдалануучулары финансылык отчеттуулукка ишкана жөнүндө финансылык маалыматтын негизги булагы катары ишенген ишкана . |
| Отчеттук пакет | ФОЭС (IFRS)тин 41-пунктунда талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүү үчүн жарыяланбаган отчеттуулуктун пакетин борбордоштурулган оңдоп-түзөө каталарды оңдоо болуп саналбайт. |
| Отчеттук мезгил | |
| Көрсөтүүнүн аныктыгы | |
| РЕПО келишими, (Кайра артка сатып алуусу бар сатуу жөнүндө макулдашуу) | |
| Изилдөө | Жаңы илимий же техникалык билимдерди жана түшүнүктөрдү алуу максатында жүргүзүлгөн баштапкы жана пландык изилдөө. |
| резерв | |
| Калдык нарк | |

| | |
|---|---|
| Калдык пайыз | Үлүштүк инструмент – бул ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин анын активдерине катышуунун калдык үлүшүн ырастаган ар кандай келишим. |
| Жоюу наркы | Эгерде тиешелүү активдин абалы же анын кызмат кылышынын мөөнөтү анын пайдалуу кызмат мөөнөтү аяктагандан кийин күтүлгөндөй болсо, активди жарактан чыгарууга эсептик чыгымдарды алып салгандан кийин аны жарактан чыгаруудан учурда ишкана ала турган эсептик сумма. |
| ФОЭС боюнча кеңештин чечими – Кеңештин ФОЭС (IAS) 15ти кайра чакыртып алуусу. | |
| Кайра эсептөө | |
| Кайра түзүмдөштүрүү | Жетекчилик тарабынан пландаштырылып жана контролдонуп жаткан программа, ал төмөнкүлөрдү олуттуу өзгөртөт: же болбосо (а) ишкана жүзөгө ашырып жаткан ишмердүүлүктүн масштабдарын; же болбосо (b) бул ишмердүүлүктү жүргүзүү ыкмаларын. |
| Кайра түзүмдөштүрүүгө резерв | Кайра түзүмдөштүрүүгө резерв кайра түзүмдөштүрүүнүн натыйжасында келип чыккан тикелей чыгашаларды гана камтууга тийиш, башкача айтканда, бир эле учурда: (а) кайра түзүмдөштүрүү менен сөзсүз байланышкан; жана (b) ишкананын учурдагы ишмердүүлүгү менен байланышкан эмес. Ошентип, кайра түзүмдөштүрүүгө чыгымдар: туруктуу персоналды кайра даярдоо же которуу; маркетинг; же жаңы системаларга жана бөлүштүрүүчү тармактарга инвестициялар сыяктуу чыгымдарды камтыбайт. |
| натыйжа, жыйынтык | |
| Чекене баалар боюнча эсепке алуу методу | |
| Чекене дүкөндөр тармагы | |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | |
| Пенсиялык программалар | Макулдашуулар, аларга ылайык ишкана өзүнүн кызматкерлерине кызмат токтотулганда же андан кийин сыйакы (жылдык киреше түрүндө же болбосо бир жолку акы түрүндө) берет, мында иш берүүчүнүн ушундай сыйакылары же төгүмдөрү документтин абалына же ишкананын практикасына таянуу менен пенсияга чыкканга чейин алардын пайдасына аныкталышы же бааланышы мүмкүн (ошондой эле «эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылар программасын» кара). |
| Ретроактивдүү классификация | |

| | |
|---|---|
| Ретроспективдүү колдонуу | Жаңы эсеп саясатын операцияларга, башка окуяларга жана шарттарга карата мурда дайыма пайдаланып жүргөн сыяктуу эле колдонуу. |
| Инвестициядан киреше | |
| Программанын (пенсиялык программанын) активдеринен алынган киреше | Программанын активдерин башкарууга ар кандай чыгымдары жана (белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын милдеттенмелерин баалоо үчүн пайдаланылуучу актуардык божомолдорго камтылгандарды кошпогондо) программанын алкагында төлөнүүгө тийиш болгон тиешелүү салыктары алып салынган программанын активдери боюнча ишке ашырылган жана ишке ашырылбаган кирешелер же зыяндар менен бирге программанын активдеринен алынуучу пайыздар, дивиденддер жана башка кирешелер. |
| Кайталап баалоо | Активдерди жана милдеттенмелерди кайра эсептөө. |
| Кайталап баалоо резерви | |
| Кайталап баалоодон мүлктүн наркынын өсүшү | Эгерде ишкана негизги каражаттардын айрым же бардык класстары үчүн ФОЭС (IAS) 16дагы уруксат берилген альтернативдүү эсепти колдонсо, ал кайталап баалоодон топтолгон өсүштү капиталдын өзүнчө компоненти катары көрсөтөт. |
| Активдин кайталап бааланган наркы | Ар кандай кийинки топтолгон амортизацияны жана нарктын түшүшүнөн кийинки топтолгон чыгымдарды алып салуу менен кайталап баалоо күнүнө карата активдин адилет наркы. |
| түшкөн киреше | Ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө келип чыккан белгилүү мезгилдеги экономикалык пайдалардын дүң кириши, качан ал кирүүлөр, өздүк капиталдын катышуучуларынын төгүмдөрүнө тийешелүү көбөйүүдөн айырмаланган, өздүк капиталдын көбөйүүсүнө алып келгенде. |
| Түшкөн киреше – жарнамалык кызмат көрсөтүүлөрдү камтыган бартердик операциялар | ФОЭС аталышы |
| Калыбына келтирүү | |
| Кайра артка сатып алуу | Сатып алуу, анын учурунда капиталдагы үлүшү сатып алынган ишкана – сатып алуучу, ал эми сатып алынып жаткан ишкана эмитент ишкана болуп саналат. Бул, мисалы, жеке ишкана фонд биржасындагы листингди алуу каражаты катары кичирээк мамлекеттик ишкана аны «сатып алышы» жөнүндө макулдашкан учурда орун алышы мүмкүн. |
| Акцияларды кайра артка бөлүү | |
| Ижарага алынган актив менен байланышкан сыйакылар | Сыйакы активдин экономикалык пайдалануу мөөнөтүнүн ичинде пайдалуу ишмердүүлүктү күтүү же нарктын жогорулашынан же жоюу наркты өткөрүүдөн пайда түрүндө болушу мүмкүн. |
| Артыкчылыктуу сатып алуу укугу | Эгерде ишкана финансылык активди сатса жана өткөрүп берилген активди адилет нарк боюнча артыкчылыктуу сатып алуу укугун гана сактаса, эгерде кабыл алып жаткан тарап кийин |

| | |
|---|---|
| | аны сатса, ишкана активди таанууну токтотот, анткени ал иш жүзүндө менчик укугу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берген. |
| Чегерүүгө укук | |
| изилдөө укугу | Анын аралыгында ишканада айрым тармакта чалгындоону жүргүзүү укугу болгон мезгил мезгил ичинде аяктайт же жакынкы келечекте аяктайт жана, күтүлүп жаткандай, узартылбайт. |
| Иштеп жаткан акционерлер үчүн кошумча акцияларды жеңилдетип чыгаруу | Потенциалдуу жөнөкөй акцияларды аткарууда же конвертациялоодо жөнөкөй акцияларды чыгаруу адатта бонустук эмиссиянын элементин камтыбайт. Бул потенциалдуу жөнөкөй акциялар адатта адилет нарк боюнча чыгарылгандыгы менен байланышкан, себеби бул ишканадагы болгон ресурстарды пропорционалдуу өзгөртүүгө алып келет. Бирок кошумча акцияларды жеңилдетип чыгарууда аз эмес учурларда иштеп жаткан акционерлер үчүн аткаруу баасы акциялардын адилет наркынан төмөн болот. Ошондуктан, 27(b)-пунктунда белгиленгендей, иштеп жаткан акционерлер үчүн мындай кошумча акцияларды жеңилдетип чыгаруу бонустук эмиссиянын элементтерин камтыйт. Эгерде мындай жеңилдетип чыгарууда баалуу кагаздар бардык акционерлерге сунушталса, акцияга базалык жана суюлтулган пайданы эсептөөдө мындай кагаздарды чыгаруунун бардык мезгили үчүн пайдаланылган жөнөкөй акциялардын саны бул чыгарылышка чейин жүгүртүүдө жүргөн жөнөкөй акциялардын санын төмөндөгү көрсөткүчкө көбөйтүлгөндөгү сан катары кабыл алынат: уктарды түздөн-түз ишке ашыруунун алдындагы адилет нарк; укуктарды ишке ашыруунун алдындагы акциянын теориялык адилет наркы. Укуктарды ишке ашырууга чейинки акциянын теориялык наркы укуктарды түздөн-түз ишке ашыруунун алдында акциянын агрегацияланган адилет наркын жана укуктарды ишке ашыруудан келип түшкөн каражаттарды кошуу жана алынган сумманы укуктарды ишке ашыруудан кийинки жүгүртүүдөгү акциялардын санына бөлүү жолу менен эсептеп чыгарылат. Эгерде чыгарылуучу укуктар аларды ишке ашырууга чейин ачык рынокто акциялардан өзүнчө сатылса, адилет наркы акциялар укуктар менен бирге сатылган акыркы күн жабылгандагы баа боюнча бааланат. |
| Объекттерди эксплуатациялоодон чыгарууну, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүүнү жана экологиялык реабилитациялоону каржылоо фонддоруна катышуу менен байланышкан укуктар | ФОЭС аталышы |
| тобокелдик | |
| Кредиттик тобокелдик | |

| | |
|---|---|
| Ээлик кылуудан тобокелдиктер жана пайда | ФОЭС (IFRS) 7.13 (b) ишкана кабылып жаткан менчик укугу менен байланышкан тобокелдиктердин жана пайдалардын мүнөзү. |
| Активдин ижарасы менен байланышкан тобокелдиктер | Тобокелдиктер өндүрүштүк кубаттуулуктар токтоп турушунан же технологиялык жактан эскиришинен, ошондой эле экономикалык шарттар өзгөрүшүнөн кирешелүүлүк өзгөрүшүнөн улам жоготуулардын мүмкүнчүлүгүн камтыйт. |
| Кайра артка которуу | Чыгымдарды азайтуу үчүн ишкана ушул күндөрдүн ичинен биринде же экөөндө кең-кесири актуардык баалоону жүргүзүүнү жана баалоону (баалоолорду) башка күнгө (күндөргө) алга же артка которууну квалификациялуу актуарийден өтүнө алат. |
| Артка карай которуу | Эгерде ишкана ушул күндөрдүн ичинен биринде же экөөндө толук актуардык баалоону алса жана бул баалоону (баалоолорду) башка күнгө (күндөргө) алга же артка которсо, ар кандай ушундай кайталаган же артка карай которуу ушул күндөрдүн ортосундагы маанилүү операцияларды жана башка маанилүү окуяларды (анын ичинде рыноктук баалардын жана пайыздык ставкалардын өзгөрүүлөрүн) чагылдырууга тийиш (ФОЭС (IAS) 19, 57-пункт). |
| роялти | |
| сатып түгөтүү | |
| Кайра артка ижаралоо менен сатуу операциясы | Активди сатуу жана ошол эле активди лизингге кайра кайтаруу. Ижара акысы жана сатуу баасы демейде өз ара байланыштуу, анткени алар бир пакет катары туюнтулат. |
| АНЖУ (Акциялардын наркын жогорулатууга укук) | |
| Колдонуу чөйрөсү | |
| Экинчи сегмент жөнүндө маалымат | |
| Баалуу кагаздар | |
| секьюритизация | Финансылык активдерди баалуу кагаздарга айландыруу процесси |
| сегмент | |
| Сегменттин активдери | Өзүнүн операциялык ишмердүүлүгүндө сегмент катары колдонулган жана сегментке түздөн-түз тиешелүү болгон же болбосо сегментке акылга сыярлык негизде киргизилиши мүмкүн болгон операциялык активдер. |
| Сегменттин чыгашалары | Сегменттин чыгашалары – бул сегменттин операциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында келип чыккан, сегментке түздөн-түз тиешелүү болгон чыгашалар же сегментке акылга сыярлык бөлүштүрүлүшү мүмкүн болгон чыгашалардын тиешелүү бөлүгү, анын ичинде тышкы сатып алуучу менен сатуулар менен байланышкан чыгашалар жана ошол эле ишкананын башка сегменттери менен байланышкан чыгашалар. |

| | |
|---|---|
| Сегменттер боюнча отчеттуулук | |
| Сегменттен түшкөн киреше | Ишкананын пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчетунда чагылдырылган, сегментке түздөн-түз тиешелүү болгон түшкөн кирешелер жана тышкы кардарларга сатуудан болобу же ошол эле ишкананын башка сегменттери менен операциялардан болобу, сегментке акылга сыярлык бөлүштүрүлүшү мүмкүн болгон ишкананын түшкөн кирешелеринин тиешелүү бөлүгү. |
| Өз күчү менен курулган объект | Өз күчү менен курулган активдин наркы сатып алынган актив сыяктуу эле принциптерди пайдалануу менен аныкталат. |
| Өзүн өзү  камсыздандыруу | |
| Сатуу баасы | Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы – өндүрүштү аяктоого кеткен эсептик чыгымдарды жана сатууга кете турган эсептик чыгымдарды алып салгандан кийин демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү сатуунун эсептик баасы. |
| Сезгичтикти талдоо | |
| бөлүнүүчүлүк | |
| Бөлүнүүчү активдер | Жер менен имараттар өзүнчө активдер болуп саналат жана, эгерде алар бирге сатып алынса да, өз-өзүнчө эсепке алынат. |
| Өзүнчө финансылык отчеттуулук | Башкы ишкана, ассоциацияланган ишкананын инвестору же биргелешип контролдонуучу ишкананын катышуучусу берген, анда инвестициялар отчеттук натыйжалардын жана инвестиция объекттеринин таза активдеринин негизинде эмес, капиталга тикелей катышуунун негизинде эсепке алынган инвестициялар боюнча отчет. |
| Өзүнчө милдеттенме | |
| Өзүнчө идентификациялануучу | Ар бир продуктуну кайра иштетүүгө чыгымдарды өз-өзүнчө идентификациялоо мүмкүн болбогон учурда, алар сарамжалдуу жана ырааттуу негизде продуктулардын ортосунда бөлүштүрүлөт. |
| Кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы | Комиссия мурдагы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жагынан эч кандай өзгөчө нерселер болгон жок деген тыянакка келди. |
| Тейлөө күнү | |
| Тейлөө белгиси | |
| Тейлөө боюнча милдеттенмелер | Бардык туунду инструменттерде же бул операциядан кийин сакталган тейлөөгө укук же тейлөө боюнча милдеттенме сыяктуу башка катышуу үлүштөрүн таануу үчүн, булар ушул стандартка же башка ФОЭСтерге ылайык таануу критерийлерине ылайык келет. |
| Тейлөөгө укук | Бардык туунду финансылык инструменттерде же бул операциядан кийин сакталган тейлөөгө укук же тейлөө боюнча милдеттенме сыяктуу башка катышуу үлүштөрүн таануу үчүн, |

| | |
|---|---|
| | булар ушул стандартка же башка ФОЭСтерге ылайык таануу критерийлерине ылайык келет. |
| Финансылык отчеттуулук комплекти | Эгерде туунду ишкана алгачкы болуп анын башкы ишканасына караганда ФОЭСти кийин колдонгон ишкана болуп калса, эгерде туунду ишкана бириктирүү үчүн ФОЭСке ылайык отчеттуулуктун пакетин мурда даярдаса, бирок ФОЭСке ылайык финансылык отчеттуулуктун толук топтомун бербесе, ФОЭС (IFRS)тин 24-пункту колдонулат. |
| Чегерүү, мыйзамдуу укук | Кредиторго таандык болгон бүткүл сумманы же анын бир бөлүгү бул суммага каршы кредиторго таандык болгон сумманы колдонуу аркылуу келишим боюнча башкача түрдө жөнгө салууга же башкача түрдө төлөөгө карызкордун юридикалык укугу. |
| Нетто-эсептешүү = Нетто-эсептешүү<br><br>(Кайчы талаптарды чегеришүүнү жүргүзүү) | Өз ара чегерүүнүн эки туунду финансылык инструментинин адилет наркын өзгөртүүнүн негизинде акчалай төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу. |
| Эсептөө, жөнгө салуу, төлөө | |
| Эсептешүү (пенсиялык программанын милдеттенмелери боюнча) | Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын алкагында берилүүчү төлөмдөрдүн бир бөлүгү же бардыгы жагынан андан кийинки бардык юридикалык же конструктивдүү милдеттерди канааттандырган операция, мисалы, бул учурда эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча айрым жөлөкпул алууга алардын укуктарынын ордуна бир жолку төлөм программанын катышуучуларына же алардын атынан накталай жүргүзүлөт. |
| Эсептешүү күнү | Ишканага же ишкана тарабынан финансылык активди берүү күнү. |
| Эсептешүү күнү боюнча эсепке алуу | Эсептешүү күнү боюнча эсепке алуу (a) активди ишкана алган күнгө карата аны таанууга жана (b) активди таанууну токтотууга жана аны ишкана берген күндөгү чыгып калуудан ар кандай пайданы же зыянды таанууга тиешелүү. |
| Төлөө шарты | Мындай инструментти чыгаруудан экономикалык натыйжа иш жүзүндө мөөнөтүнөн мурда төлөө шарты, жана жөнөкөй акцияларды сатып алууга варранттары бар карыздык инструментти бир жолу чыгаруу жана акцияларды сатып алууга өзүнчө варранттары бар карыздык инструментти чыгаруу сыяктуу эле. |
| Төлөө наркы | Акча каражаттарынын же алардын эквиваленттеринин дисконттолбогон суммалары, алар, күтүлүп жаткандай, демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө милдеттенмелерди төлөө үчүн төлөнөт. |
| Ортоктош жоопкерчилик | Инвестор ассоциацияланган ишкананын бүткүл милдеттенмелери же бир бөлүгү боюнча жеке жоопкерчилик тартышынан улам келип чыккан шарттуу милдеттенмелер. |
| үлүш | |
| Акциялардын наркын жогорулатууга укук | |
| Акцияларды кайра артка сатып алуу боюнча макулдашуу | |

| | |
|---|---|
| Акцияларга колл опцион | Акцияларды сатып алууга опциондор жана конвертацияланууучу карыз милдеттенмелери сыяктуу потенциалдуу добуш укуктары башка ишканага салыштырганда бир ишкананын добуш укугун өзгөртүшү мүмкүн – эгерде потенциалдуу добуш укуктары ишке ашырылса же конвертацияланса, анда добуш укугу бар жөнөкөй акцияларга салыштырмалуу ээлик кылуу өзгөрөт. |
| Акционердик капитал | |
| Акционердик капитал – кайра сатып алынган өздүк үлүштүк инструменттер (кайра сатып алынган өздүк акциялар) | |
| Акцияларды консолидациялоо | Атайын дивиденддер менен айкалышта акциялардын консолидациясы мисал боло алат. |
| Акцияларга опцион | Белгилүү бир мезгил ичинде бекитилген же аныкталуучу баа боюнча ишкананын акцияларына кол коюуга кармоочуга милдетти эмес, укукту берген келишим. |
| Акцияларга опциондук план | |
| Эмиссиялык киреше | |
| Акцияларды бөлүү | |
| Акцияларга варрант | |
| Акцияларга негизделген төлөм | ФОЭС - аталышы |
| Акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу | Ишкананын (же топтун башка ишканасынын же топтун ар кандай ишканасынын ар кандай акционеринин) жана төмөнкүлөрдү алууга башка тарапка укук берип жаткан башка тараптын (анын ичинде кызматкердин) ортосундагы макулдашуу: (а) тиешелүү ишкананын же топтун башка ишканасынын үлүштүк инструменттеринин (анын ичинде акцияларынын же акцияларга опциондорунун) баасына (же наркына) негизделген суммалардагы ишкананын акча каражаттарын же башка активдерин, же (b) эгерде булар бар болсо, укуктарды өткөрүп берүүнүн айрым шарттары сакталган учурда, тиешелүү ишкананын же топтун башка ишканасынын үлүштүк инструменттерин (анын ичинде акцияларын же акцияларга опциондорун). |
| Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция | Ишкана бул операцияда: (а) товарларды жана кызматтарды берүүчүлөрдөн (кызматкерин кошкондо) акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун алкагында алат; же (b) ал товарларды жана кызматтарды топтогу башка ишкана алган учурда, берүүчү менен операция боюнча милдеттенмелерди акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун алкагында аткарууну өз мойнуна алат. |

| | |
|---|---|
| акционер | |
| Өздүк капитал | |
| Кыска позициянын ээлик кылуучу | Зайым катары тарткан, бирок али ээлик кыла элек финансылык активдерди сатып жаткан ишкана. |
| Кызматкерлердин кыска мөөнөттүү сыйакылары | Аларды толук көлөмдө төлөө кызматкерлер тиешелүү кызматтарды көрсөткөн жылдык отчеттук мезгил аяктагандан кийин он эки ай өткөнгө чейин күтүлгөн кызматкерлердин сыйакылары (буга бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар кирбейт). |
| ТТК (Түшүндүрмөлөр боюнча туруктуу комитет) | |
| Олуттуу таасир | Ишкананын финансылык жана операциялык саясат боюнча чечимдерди кабыл алуусуна катышуу, бирок бул саясатты контролдобоо укугу. Акцияларга ээ болуунун, уставдын же макулдашуунун эсебинен олуттуу таасир алууга болот. |
| Бир продуктуну өндүргөн ишкана | |
| Төлөө фонду | |
| Социалдык камсыз кылуу | |
| Социалдык камсыздандырууга төгүм | |
| Кредитти төлөө жөндөмдүүлүгү | Финансылык милдеттенмелерди төлөө мөөнөтү жеткенде аларды аткаруу үчүн узак мөөнөттүү келечекте акча каражаттарынын болушу. |
| АБИ (Атайын багыттагы ишкана) | |
| Атайын багыттагы ишкана | өткөрүп берүүчү тарап контролдогон атайын багыттагы бардык ишканаларды консолидациялоо үчүн («Консолидация - атайын багыттагы ишканалар» ТТК (SIC) -12ни кара)». |
| Чыгымдардын спецификалык идентификациясы | Наркты конкреттүү идентификациялоо айрым чыгымдар запастардын идентификацияланган беренелерине кирээрин билдирет. |
| Спекулятивдик баа | ФОЭС (IFRS) 7.IG 18 (b) (мисалы, инвестициялык же спекулятивдик баа) |
| Кошумча пайда | |
| Учурдагы алмашуу курсу | Тез арада жеткирүү учурунда алмашуу курсу. |
| Өзүнчө берүү | Респонденттер ошондой эле Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык даярдалган финансылык отчеттуулук өзүнчө берилиши мүмкүн деп ырасташкан. |
| Өзүнчө туунду инструмент | Камтылган туунду инструмент – бул гибриддик (аралаш) инструменттин компоненти, ал ошондой эле туунду эмес негизги келишимди камтыйт, анын натыйжасында аралаш инструменттен |

| | |
|---|---|
| | айрым акча каражаттарынын агымдары ушундай өзүнчө туунду инструментке өзгөрөт. |
| Өзүнчө ишкана | Бул максат үчүн ишкана бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдаган өзүнчө ишкана, башкы ишкана же «Бириктирилген жана өзүнчө финансылык отчеттуулук» ФОЭС (IAS) 27ге ылайык өзүнчө финансылык отчеттуулукту даярдаган башкы ишкана, инвестор же биргелешкен ишкананын катышуучусу болушу мүмкүн. |
| Стандарттуу баштапкы нарк методу | |
| Резервдик кредиттик линиялар | ФОЭС-IFRS 7.IG31 (d) берилген кредиттик линиялары (мисалы, коммерциялык кагаздар) же башка кредиттик линиялары (мисалы, резервдик кредиттик линиялар) бар, аларга карата ал ликвиддүүлүккө муктаждыктарды канааттандыруу үчүн жеткиликтүүлүктү ала алат. |
| Түшүндүрмөлөр боюнча туруктуу комитет | |
| Ишке киргизүүгө чыгымдар | Ишке киргизүүгө чыгымдар юридикалык жакты уюштурууда тарткан юридикалык кызмат көрсөтүүлөргө жана катчылык кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар, жаңы объектти же бизнести ачууга чыгымдар (башкача айтканда, ачканга чейинки чыгымдар) же жаңы операцияларды ишке киргизүүгө же жаңы продуктуларды же процесстерди ишке киргизүүгө чыгымдар (башкача айтканда, операцияга чейинки чыгашалар) сыяктуу түзүүгө чыгымдардан турушу мүмкүн. |
| Мамлекет контролдогон ишканалар | Мамлекет тарабынан контролдонуучу ишканалар Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын таасирине кабылат, башкача айтканда, пайда алууга багытталгандан мамлекет тарабынан контролдонуучу башка ишканалар жагынан операцияларды ачып көрсөтүүдөн мындан ары бошотулбайт. |
| Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет = Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет | |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет | |
| ФОЭСке шайкештик жөнүндө билдирүү | Ишкана анда ФОЭСке шайкештик жөнүндө так жана шартсыз билдирүү аркылуу Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ФОЭС) колдонгон биринчи жылдык финансылык отчеттуулук. |
| Кирешелер жөнүндө отчет = Пайда жана зыян жөнүндө отчет | |
| Менеджменттин жоопкерчилиги | Ал гана эмес, олуттуу каталардын кесепеттерин ачып көрсөтпөө «өзүнө ишенип берилген ресурстар үчүн жетекчиликтин натыйжаларын же жетекчиликтин жоопкерчилигин» жашырышы мүмкүн («Концепция», 14-пункт). |
| Фонд биржасынын листинги | |
| Жоготууларды токтотуу | |

| | |
|---|---|
| Тикелей карыз | ФОЭС-IFRS 7.BC29 L айланасы милдеттенменин компонентинин наркын, башкача айтканда, тикелей карыздын жана тикелей карызды сатып алууга камтылган колл опциондун наркын билдирет. |
| Линиялык метод | Бул методдор линиялык методду, азайып бараткан калдык методун жана өндүрүү бирдигинин методун камтыйт. |
| Стресс-тест | ФОЭС-IFRS 7.B19 Акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөртүү алыскы сценарийлерди же «эң начар учур» же «стресс-тесттер» сценарийлерин камтууга тийиш эмес. |
| Кийинки пайда | |
| Туунду ишкана | Башка ишкананын контролу астында турган ишкана. |
| Субсидиялар | |
| Мазмундун формадан артыкчылыгы | Операциялар жана башка окуялар алардын юридикалык формаларына ылайык гана эмес, алардын мазмунуна жана экономикалык реалдуулугуна ылайык эске алынган жана берилген принцип. |
| Негизинен кабыл алынды | |
| Пенсиялык камсыз кылуу схемасы | |
| Алмаштырылган версиялар | Эгерде алда канча кийинки версиялар перспективдүү колдонууну талап кылган болсо, бул ыкманы колдонуп жаткан ишкана өзү топтогон маалыматты ED 1 ал ФОЭСтин алмаштырылган версияларын карап чыгышын талап кыла алышы үчүн. |
| Байкоо жүргүзүүчү башкарбаган директорлор | |
| Берүүчү (жабдуучу) | |
| Берүү (жабдуу)  келишими | |
| Кепилдик  облигациялары | |
| Кайра сатып алуу опциону | |
| Кайра сатып алуу наркы | |
| Своп келишим | |
| свопцион | Опциондун негизиндеги камтылган туунду инструмент (мисалы, камтылган пут, колл, кэп, минималдуу баа же своптион) опциондун функцияларынын билдирилген шарттарынын негизинде негизги келишимден айырмаланат. |

| | |
|---|---|
| Синдикаттарга биригүү | |
| Синтетикалык инструмент | Стандарт «синтетикалык инструменттер» деп аталгандар үчүн өзгөчө режимди карабайт, алар башка инструменттин мүнөздөмөлөрүн тууроо үчүн сатып алынган жана кармалып турган айрым финансылык инструменттердин топторун билдирет. |
| бузулуу | Мындан төлөгөнгө чейин ФОЭСке которуу күнүнө чейин кармалып турган инвестицияларды сатуу же берүү ФОЭС (IAS)39дун 83-пунктундагы «бузулуу» эрежелеринин иштеп кетишине алып келбестиги келип чыгат. |
| "Ал же төлө" келишими | «ал же төлө» шартындагы жана ошондой келишимдер, аларда сатып алуучулар келишим боюнча продуктуларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү кабыл алганына же жоктугуна карабастан айрым төлөмдөрдү жүргүзүүгө тийиш (мисалы, иш жүзүндө электр энергиясын берүүчүнүн генераторунун бүткүл продукциясын сатып алууга «ал же төлө» келишими). |
| Материалдык актив | |
| Материалдык негизги каражаттар | |
| Максаттуу бошотуулар | а. финансылык отчеттуулукту колдонуучулар үчүн пайдадан ашып кетиши мүмкүн болгон чыгымдарды болтурбоо үчүн максаттуу бошотууларды жана практикалык себептер боюнча чакан сандагы башка өзгөчө учурларды камтыйт. |
| салык | |
| Салык базасы | |
| Активдин же милдеттенменин салык базасы | Салык максаттарында активге же милдеттенмеге киргизилүүчү сумма. |
| Салык жеңилдиги | |
| Салыктык натыйжалар | Чет өлкөлүк валюта менен операциялардан пайдалар жана зыяндар жана ишкананын (анын ичинде чет өлкөлүк бөлүмдүн) жыйынтыктарын жана финансылык абалын башка валютага которгон учурда келип чыгуучу курстук айырмалар салыктык натыйжаларга ээ болушу мүмкүн. |
| Салык чыгашасы (салык кирешеси) | Утурумдук салыкка жана кийинкиге калтырылган салыкка карата мезгил ичиндеги пайданы же зыянды эсептөөгө киргизилген жыйынды сумма. Салык чыгашасы (пайда салыгы боюнча киреше) утурумдук салык боюнча чыгашаны (утурумдук салык боюнча кирешени) жана кийинкиге калтырылган салык боюнча чыгашаны (кийинкиге калтырылган салык боюнча кирешени) камтыйт. |
| Салык юрисдикциясы | |
| Салык милдеттенмеси | Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр кийинкиге калтырылган салык милдеттенмесин төмөнкүдөй түрдө көбөйттү… |

| | |
|---|---|
| Салык максаттары | Бирок айрым учурларда мурдатан колдонулуп келген БЭЖПларга (GAAP) ылайык ишкананын амортизациялоо методдору жана ставкалары ФОЭСке ылайык алгылыктуу болгондордон айырмаланышы мүмкүн (мисалы, эгерде алар салык максаттары үчүн гана кабыл алынган болсо жана активди пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн акылга сыярлык баалоосун чагылдырбаса). |
| Салык ставкасы | (i) алар үчүн ФОЭС бизнести бириктиргенден кийинки күнгө карата чыгымдардын негизинде баалоону талап кылган милдеттенмелерди алып салуу менен идентификациялануучу активдер: 200 (150 салык базасы жана 30 пайыз алгылыктуу салык ставкасы менен). |
| Салык салынуучу пайда (салык зыяны) | Салык органдары тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык аныкталган, ага карата пайда салыгы төлөнүүгө (орду толтурулууга) тийиш болгон мезгил ичиндеги пайда (зыян). |
| Салык салынуучу убактылуу айырма | Активдин же милдеттенменин балансстык наркы орду толтурула турган же төлөнө турган келечектеги мезгилдерде салык салынуучу пайданы (салык зыянын) эсептөөдө салык салынуучу суммалардын келип чыгышына алып келе турган убактылуу айырмалар. |
| Салык салуу | |
| Пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жактан жүзөгө ашырылышы жана коммерциялык максатка ылайыктуулугу. | Эгерде пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жүзөгө ашырылышы жана коммерциялык максатка ылайыктуулугу айкын болсо, чалгындоо жана баалоо боюнча актив мындан ары ушундай катары классификациялануугa тийиш эмес. |
| Убактылуу айырма | Финансылык абал жөнүндө отчеттогу жана анын салык базасындагы активдин же милдеттенменин балансстык нарктарынын ортосундагы айырмалар. Убактылуу айырмалар же болбосо: (а) салык салынуучу убактылуу айырмаларды; же (b) чегерилүүчү убактылуу айырмаларды билдириши мүмкүн. |
| Тендердик сунуш | Артыкчылыктуу акциялар кармоочуларга ишкананын тендердик сунушунун негизинде сатып алынышы мүмкүн. |
| Бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар | Төмөнкү эки окуянын биринин натыйжасында эмгек макулдашуусун үзүүнүн ордуна берилүүчү кызматкерлердин жөлөкпулдары: (а) кызматкер пенсиялык куракка жеткенге чейин аны менен эмгек макулдашуусун үзүүгө ишкананын чечими; же (b) эмгек макулдашуусун үзүүнүн ордуна берилүүчү сыйакы жөнүндө сунушту кабыл алууга кызматкердин чечими. |
| Нарктын түшүшүнө гудвиллди тестирлөө | D ишканасы «Активдердин наркынын түшүшү» ФОЭС (IAS) 36га ылайык нарктын түшүшү жагынан гудвиллди текшерет жана нарктын түшүшүнүн натыйжасында келип чыккан зыяндарды тааныйт (B2 (g) пункту). |
| Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири | ФОЭС аталышы |
| Акцияга укуксуз теориялык нарк | Укуктары жок бир акциянын теориялык наркынын эсеби. |
| Кошулуу жөнүндө макулдашууда белгиленген алмашуу коэффициенти | Анын ичинде акциялар мезгилдеги күндөрдүн жалпы санына пропорционалдуу жүгүртүүдө болгон күндөрдүн саны; орточо алынган мааниге акылга сыярлык жакындоо көпчүлүк учурларда адекваттуу болуп саналат. |

| | |
|---|---|
| | |
| Пайда «өндүрүү» | Ушундай алмашуулардан пайданы таанууга талап же уруксат ишканаларга, эгерде алмашылуучу активдердин активдүү рыноктордо байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баалары жок болсо, аларга жогорулатылган наркты киргизүү аркылуу пайданы «өндүрүүгө» мүмкүндүк берет. |
| Жогортон төмөн карай тести | |
| Жыйынды кирешенин свопу | Ишкана финансылык активди кабыл алып жаткан тарапка сата алат жана аны менен жыйынды кирешенин свопун түзө алат, аларга ылайык базалык активден келип түшкөн бардык пайыздык төлөмдөр бекитилген төлөмдүн же өзгөрүлмө ставкасы бар төлөмдүн ордуна ишканага которулат жана мында ушул базалык активдин адилет наркы жогорулашы же төмөндөшү менен байланышкан бардык тобокелдиктерди ишкана өзүнө алат. |
| Бүтүмдүн күнү | Ишкана активди сатып алуу же сатуу милдеттенмесин өзүнө алган күн. |
| Бүтүмдүн күнүн эсепке алуу | Бүтүмдү бекитүү күнүнө карата эсепке алуу (а) алынууга тийиш болгон активди таанууга жана бүтүмдүн күнүндө аны төлөө боюнча милдеттенмеге, жана (b) сатылган активди таанууну токтотууга, чыгып калуудан ар кандай пайданы же зыянды таанууга жана бүтүм бекитүү күнүнө карата акы төлөөгө сатып алуучунун дебитордук карызын таанууга тиешелүү. |
| Дебитордук карыз | |
| Коммерциялык сыр | |
| Соода пайдалары жана зыяндары | ФОЭС-IFRS 7.IG34 (b) пайданын же зыяндын башка беренелери (мисалы, соода пайдалары жана зыяндары) |
| операция | |
| Операциялык чыгымдар (финансылык инструменттер) | Финансылык активди же финансылык милдеттенмени сатып алууга, чыгарууга же алардын чыгып калышына түздөн-түз тиешеси бар кошумча чыгымдар (ФОЭС (IAS) 39, AG13-пуктун кара). Кошумча чыгымдар – бул эгерде ишкана финансылык инструментти сатып албаса, аны чыгарбаса же анын чыгып калышын жүргүзбөсө, келип чыкпай турган чыгымдар. |
| Операциянын баасы | ФОЭС (IFRS) 7.28 Ошого карабастан, эгерде ФОЭС (IAS) 39дун AG76-пунктунда сыпатталган шарттар аткарылбаса, операциянын баасы (башкача айтканда, берилген же алынган ордун толтуруунун адилет наркы) баштапкы таануу учурунда адилет нарктын мыкты далили болуп саналат. |
| Которуу, өткөрүп берүү | |
| Алуучу (цессионарий) | |
| Цедент (берүүчү) | |

| | |
|---|---|
| Өтмө милдеттенме (белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар) | ФОЭС (IAS) 19ду алгачкы колдонуп жаткан ишкана үчүн: (a) кабыл алуу күнүнө карата милдеттенменин келтирилген наркы; (b) алардын эсебинен милдеттенмелер түз төлөнүүгө тийиш болгон программанын активдерин (эгерде мындайлар бар болсо) кабыл алуу күнүнө карата адилет наркты алып салуу менен; (c) алда канча кийинки мезгилдерде таанылууга тийиш болгон мурдагы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын алып салуу менен. |
| Курстук  айырма | бардык чет өлкөлүк операциялар үчүн топтолуучу курстук айырмалар ФОЭСке өтүү күнүнө карата нөлгө барабар деп эсептелет. |
| Которуу методу | Ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун анын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөткөндө, эгерде алар ар бир колдонулуучу стандарттын бардык талаптарына жана бул стандарттардын ар бир колдонулуучу чечмелөөсүнө, анын ичинде 39 жана 42-пункттарда баяндалган которуу методуна ылайык келсе гана, ал финансылык отчеттуулукту Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына шайкеш катары сыпаттоого тийиш. |
| Чет өлкөлүк валютаны которуу | |
| финансылык отчеттуулукту которуу | финансылык отчеттуулукту башка тапшыруу валютасына кайра эсептөөдө жана чет өлкөлүк бөлүмдү отчет берүүчү ишкананын тапшыруу валютасына которгондо келип чыккан таза курстук айырмалар. |
| Тапшыруу валютасына которуу | Колдонуудагы валютадан айырмаланган тапшыруу валютасын пайдалануу – тапшыруу валютасына которуу. |
| ачыктык | Ар бир ушундай бошотуу ФОЭСти принциптерге негизделген ыкмадан алыстатмак, пайдалануучулар үчүн ачыктыкты азайтмак, убакыттын өтүшү менен ишкананын ФОЭС боюнча биринчи финансылык отчеттуулугунун алкагында салыштырылышын азайтмак жана кошумча кыйынчылыкты түзмөк. |
| өздүк акциялар | Ишканага же консолидацияланган топтун башка мүчөлөрүнө таандык болгон ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери. |
| Баштоочу окуя | |
| Ишенимдүү ишмердүүлүк | |
| камкорчу | |
| Экинчи класстагы жөнөкөй акциялар | |
| Акыркы контролдоочу тарап | Ишкананын башкы ишканасы да, акыркы контролдоочу тарап да ачык пайдалануу үчүн финансылык отчеттуулукту түзбөгөндө ишкана муну жасай турган улуулугу боюнча кийинки башкы ишкананын аталышын ачып көрсөтөт. |
| Бөлүштүрүлбөгөн ашыкчалар | |
| Амортизацияланбаган | |

| | |
|---|---|
| Ажыратуу, бөлүү | Келишим компоненттерин, алар өзүнчө келишимдер болуп саналгандай эсепке алуу. |
| айкын эмес окуя | |
| Чогултулбоочулук | |
| Шартсыз тыюу салуулар | Шартсыз тыюу салуу толук болушу мүмкүн, башкача айтканда, ар кандай кайра сатып алууларга тыюу салат. Шартсыз тыюу салуу жарым-жартылай болушу мүмкүн, башкача айтканда мындай кайра сатып алуунун натыйжасында катышуучулардын үлүштөрүнүн саны же катышуучулар тарабынан төлөнгөн капиталдын көлөмү белгилүү деңгээлден төмөн болуп калса, катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алууга тыюу салат. |
| Кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укук | Катышуучулардын үлүштөрү эгерде ишкананын ошол үлүштөрдү кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укугу бар болсо, өздүк капитал болуп саналат.. |
| Базалык актив | Айрым макулдашууларда ижаранын маңызы болуп саналган базалык актив алда канча ири активдин бир бөлүгү болуп саналат. |
| Базалык өзгөрүлмө | Ал боюнча эсептешүү ишкананын өзгөрүлмө сандагы өз акциялары менен жүргүзүлгөн, алардын наркы белгиленген суммага же базалык өзгөрүлмөгө (мисалы, товардын баасы) негизделген суммага барабар болгон келишим финансылык актив же финансылык милдеттенме болуп саналат. |
| Түшүнүктүүлүк | Финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн маалымат бизнес жана экономикалык ишмердүүлүк жана бухгалтердик эсеп жагынан жетиштүү билимдери бар жана маалыматты акылга сыярлык кылдаттык менен иликтөөгө даяр колдонуучулар үчүн түшүнүктүү болуп түзүлөт. |
| андеррайтинг жылы | |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жөнөкөй акциялардын классына конвертацияланбаган инструменттер үчүн мезгил ичинде пайда же зыян акциялардын ар кандай класстарынын жана катышкан үлүштүк инструменттердин ортосунда алардын дивиденддерди алууга укуктарына же бөлүштүрүлбөгөн пайдага катышууга башка укуктарына ылайык бөлүштүрүлөт. |
| Колдонулбаган зайым боюнча милдеттенме | ФОЭС-IFRS 7.B13 Мисалы, колдонулбаган зайым боюнча милдеттенме убакыт диапазонуна киргизилет, ал качан пайдаланылышы мүмкүн экендигинин эң эрте күнүн камтыйт. |
| Ашкере чыгымдар же аракеттер | ED 1ге эквиваленттүү өзгөчө учур ашкере чыгымдардын же аракеттердин учурунда гана жеткиликтүүлүк болор эле жана ФОЭСти алгачкы жолу колдонуп жаткан компаниялардан ФОЭС үчүн ТКА сунуш кылынган катары мурдатан колдонулуп келген БЭЖПга (GAAP) ылайык аныкталган ТКАны пайдаланууну талап кылар эле (BC53-BC55-пункттар). |
| Иштеп табылбаган финансылык киреше | Төмөнкүлөрдүн: (a) ижарага дүң инвестициянын жана (b) ижарага таза инвестициянын ортосундагы айырма. |
| Иштеп табылбаган премиялар | |

| | |
|---|---|
| Кепилдик берилбеген жоюу наркы | Ишке ашырылышы ижарага берүүчү тарабынан кепилденбеген же ижарага берүүчү менен байланыштуу жак тарабынан гана кепилденген базалык активдин жоюу наркынын бир бөлүгү. |
| Бирдиктүү эсеп саясаты | Бирдиктүү эсеп саясаты IN13. Стандарт инвестор ассоциацияланган ишкананын финансылык отчеттуулугуна тиешелүү оңдоп-түзөөлөрдү киргизишин талап кылат, бул аны ушундай жагдайларда ушундай операциялар жана башка окуялар жөнүндө отчеттуулук үчүн инвестордун эсеп саясатына ылайык келтирүү үчүн зарыл. ФОЭС (IAS) 28дин мурдагы редакциясы ушул талаптан өзгөчө учурду караган, мында «бирдиктүү эсеп саясатын пайдалануу максатка ылайыксыз» болгон. |
| Эсеп бирдиги | Анда базалык актив же болбосо ФОЭС (IAS) 16да, же болбосо ФОЭС (IAS) 38де эсеп бирдигин билдире турган макулдашуулар ушул чечмелөөнү колдонуу чөйрөсүнө кирет. |
| Өндүрүш бирдиги | Запастарды кайра иштетүүгө чыгымдар эмгек акы төлөөгө тикелей чыгымдар сыяктуу өндүрүштүк бирдиктер менен тикелей байланышкан чыгымдарды камтыйт. |
| Пайлык фонд | Туунду ишкана консолидациядан чыгарып салынбайт, анткени инвестор венчурдук капиталдын уюму, пайлык инвестициялык фонд, пайлык ишенимдүү фонд же окшош ишкана болуп саналат. |
| Бирдиктин наркы | |
| Кызыкчылыктарды бириктирүү | Бизнести бириктирүү, мында биригип жаткан ишканалардын акционерлери тобокелдиктерди өз ара туруктуу бөлүштүрүүгө жана тараптардын бири да сатып алуучу катары идентификацияланышы мүмкүн болбогудай түрдө ишкананы бириктирүү менен байланышкан пайдага жетишүү үчүн өздөрүнүн бардык же иш жүзүндө бардык таза активдерине жана операцияларына контролдукту бириктирет. |
| Пайдын наркына байлаштыруу | ФОЭС (IFRS) 7.10 (а) Пайдын наркына байлаштырууну камтыган келишимдер үчүн рыноктук шарттардын өзгөрүүлөрү тиешелүү ички же тышкы инвестициялык фонддун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугундагы өзгөрүүлөрдү камтыйт. |
| Котировкаланбаган | |
| Котировкаланбаган үлүштүк инструменттер | Эгерде котировкаланбаган үлүштүк инструменттерге же ушундай үлүштүк инструменттер менен байланышкан туунду инструменттерге инвестициялар ФОЭС (IAS) 39га ылайык баштапкы нарк боюнча бааланса, анткени алардын адилет наркы ишенимдүү бааланышы мүмкүн болбосо, 86 жана 92-пункттарда баяндалган адилет нарк жөнүндө маалымат ачып көрсөтүүнү талап кылбайт. |
| Таанылбаган | |
| Таанылбаган финансылык инструменттер | Таанылбаган финансылык инструменттерге айрым финансылык инструменттер кирет, алар ФОЭС (IAS) 39дун колдонуу чөйрөсүнө кирбегени менен ушул стандарттын колдонуу чөйрөсүнө (мисалы, зайымдарды берүү боюнча айрым милдеттенмелер) кирет. |
| Күрөөсүз коммерциялык зайымдар | ФОЭС (IFRS) 7.IG21 Мисалы, ишкана ипотекалык турак-жайлык, камсыз кылынбаган керектөө зайымдарынын жана коммерциялык зайымдардын түрдүү экономикалык мүнөздөмөлөрү бар деп аныкташы мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| «Төмөн карай» ( жогору турган ишканадан төмөн турган ишканага карай) операциялары | Мисалы, ассоциацияланган ишкана активдерди инвесторго (же анын консолидацияланган туунду ишканаларына) сатышы. |
| Пайдалуу кызмат мөөнөтү | Ижара мөөнөтүн чектебестен ижара мөөнөтү башталгандан тартып калган эсептик мезгил, анын аралыгында активде камтылган экономикалык пайдаларды ишкана алат деп күтүлөт [ФОЭС (IAS) 17.4]. Же болбосо: (a) анын ичинде ишкана колдонууга актив жеткиликтүү болгон убакыт мезгили; же (b) ишкана активди колдонуудан алууну күтүп жаткан продукциянын бирдиктеринин же ошого окшош бирдиктердин саны. [ФОЭС (IAS) 16.6, ФОЭС (IAS) 36.6, ФОЭС (IAS) 38.8] |
| пайдалануучу [финансылык отчеттуулукту] | |
| пайдалануучулар | Биринчиси түзүүчүлөргө жана пайдалануучуларга адилет нарк боюнча эсепке алуу моделин пайдалануу тажрыйбасына ээ болуу үчүн убакыт берүүдө турат. |
| Финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар | финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн пайдадан ашышы мүмкүн болгон чыгымдарды болтурбоо үчүн максаттуу бошотууларды, ошондой эле практикалык себептер боюнча чакан сандагы башка өзгөчө учурларды камтыйт. |
| Акталган күтүү | |
| баалоо | |
| Баалоо методу | |
| Баалоо методикасы | анын финансылык отчеттуулугу адилет нарк боюнча бааланууучу, байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баалар же ставкалар менен ырасталбаган божомолдорго негизделген баалоо методун пайдалануу менен толук же жарым-жартылай аныкталуучу финансылык инструменттерди камтыйт. |
| Кошумча нарк жөнүндө билдирүү | |
| Колдонуу баалуулугу | Активди колдонуунун улантылышынын жана пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында анын чыгып калышынын натыйжасында келип чыга турган күтүлүп жаткан келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы. [ФОЭС (IFRS) 5.A] Активден же акча каражаттарын жаратуучу бирдиктен алынуусу күтүлгөн келечектеги акча агымдарынын келтирилген наркы. [ФОЭС (IAS) 36.6] |
| Тобокелдикти нарктык баалоо | ФОЭС (IFRS) 7.41 Эгерде ишкана сезгичтикти талдоону, мисалы, тобокелдиктин өзгөрүлмөлөрүнүн (мисалы, пайыздык ставкалар жана валюталардын алмашуу курстары) ортосундагы өз ара көз карандылыкты чагылдырган тобокелдиктерди нарктык баалоо методу боюнча даярдаса жана аны финансылык тобокелдиктерди башкарууда пайдаланса, анда ал мындай сезгичтикти талдоону 40-пунктта көрсөтүлгөн талдоонун ордуна пайдаланса болот. |
| Өзгөрүлмө өндүрүштүк кошумча чыгашалар | Өндүрүштүн көлөмүнө түз же дээрлик түз байланыштуу болгон, кыйыр материалдар жана кыйыр жумушчу күчү сыяктуу өндүрүштүн кыйыр чыгымдары. |

| | |
|---|---|
| Биргелешкен ишкананын катышуучусу | Биргелешкен ишканага биргелешип контроль жүргүзгөн биргелешкен ишкананын тарабы. |
| Укуктарды өткөрүп берүү | Акцияларга негизделген төлөмдөр келишимине ылайык, ишкананын акча каражаттарын, башка активдерин же үлүштүк инструменттерин контрагенттин алуу укугу, контрагент укуктарды өткөрүп берүүнүн белгилүү шарттарын аткаруудан көз каранды болбой калган учурда, контрагентке өтөт. |
| Кызматкерлерге ырасталган төлөмдөр | Келечектеги иш менен камсыз кылууга байланыштуу болбогон кызматкерлерге сыйакылар. |
| Укуктарды өткөрүп берүү шарты | Акцияларга негизделген төлөмдөр келишимине ылайык, ишкананын акча каражаттарын, башка активдерин же үлүштүк инструменттерин алууга контрагентке укук берген кызматтарды ишкана алаарын аныктаган шарттар. Укуктарды өткөрүп берүү шарттары – бул же кызмат көрсөтүү мезгилинин шарттары же натыйжалуулукка жетишүүнүн шарттары. Кызмат көрсөтүү шарттары контрагенттен белгилүү бир кызмат көрсөтүү мезгилинен өтүүнү талап кылат. Натыйжалуулукка жетишүүнүн шарттары контрагенттен белгиленген кызмат көрсөтүү мезгилинин аяктоосун жана белгиленген натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүнүн (белгиленген убакыт мезгилинде ишкананын пайдасынын белгиленген өсүшү сыяктуу) аткарылышын талап кылат. Натыйжалуулукка жетишүүнүн шарты рыноктук укуктарды өткөрүп берүү шартын камтышы мүмкүн. |
| Укуктарды өткөрүп берүү мезгили | Анын аралыгында акцияларга негизделген төлөмдөр келишими боюнча бардык белгиленген укуктарды өткөрүп берүү шарттары аткарылууга тийиш болгон мезгил. |
| Добуш укугу | |
| варрант | Жөнөкөй акцияларды сатып алууга кармоочуга укук берген финансылык инструмент. |
| кепилдик | |
| Кепилдик милдеттенмеси | Ушундай эле же окшош активдерди алмаштырууга уруксат берген же талап кылган, мында көрсөтүлгөн актив ойдогудай түрдө иштебеген кепилдик милдеттенме ижара шарттарын жокко чыгарбайт. |
| «Жараксыз сатуу» (кайра артка сатып алуу менен сатуу) | Финансылык активди саткандан кийин көп өтпөй аны кайра артка сатып алууну кээде «жараксыз сатуу» деп аташат. |
| Эскирүү | күтүлгөн иш жүзүндөгү эскирүү, ал сменалардын саны сыяктуу эксплуатациялоо факторлоруна байланыштуу, алардын аралыгында актив, оңдоо жана техникалык тейлөө программасы, ошондой эле бош турган учурда активди кароо жана тейлөө колдонулат. |
| Метеорологиялык туунду инструменттер | |

| | |
|---|---|
| Орточо алынган | Мезгил ичинде жүгүртүүдө турган жөнөкөй акциялардын орточо алынган саны мезгилдин башына карата жүгүртүүдө турган, жөнөкөй акциялардын санына ондоп-түзөлгөн, мезгил ичинде сатып алынган же чыгарылган,  кошулуу жөнүндө макулдашууда белгиленген алмашуу коэффициентине көбөйтүлгөн жөнөкөй акциялардын санын билдирет. |
| Орточо алынган нарк формуласы | Ушул формулага ылайык ар бир объекттин наркы мезгилдин башталышындагы ушундай товарлардын эсептелген орточо наркынын жана ушул мезгилдин ичинде сатып алынган же өндүрүлгөн ушундай товарлардын наркынын негизинде аныкталат. Орточо маани мезгилдүү негизде же ар бир кошумча берүүнү алууга жараша, ишкананын жагдайына жараша эсептелиши мүмкүн. |
| Толук менчикте турган туунду ишкана | башкы ишкананын өзү толук менчикте турган туунду ишкана же башка ишкананын  жеке ээлигиндеги туунду ишкана болуп саналат жана анын башка ээлери, анын ичинде, добуш укугу жоктор башкы ишкана бириктирилген финансылык отчетторду бербейт деп маалымдалган жана ага каршы эмес. |
| Каалаган тараптар | |
| Бүткөрүлбөгөн өндүрүш | Запастардын жалпы классификациялары товарларды, өндүрүштүк материалдарды, материалдарды, бүткөрүлбөгөн өндүрүштү жана даяр продукцияны камтыйт. |
| Жумушчу капитал | |
| Окуялардын өнүгүшүнүн начар варианты | ФОЭС (IFRS) 7.B19 Акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөртүү алыскы сценарийлерди же «эң начар учур» сценарийин же болбосо «стресс-тесттерди» камтууга тийиш эмес. |
| Эсептен чыгаруу | ФОЭС (IFRS) 7.B5(d) (ii) наркы түшкөн финансылык активдердин баланстык наркынын ордуна резервдердин эсебине чегерилген суммаларды эсептен чыгаруу критерийлери (16-пунктту караңыз). |
| Эсептен чыгруу | Мурда баштапкы наркынан төмөн запастарды эсептен чыгарууга алып келген жагдайлар мындан ары жок же өзгөргөн экономикалык жагдайлардан улам сатуунун мүмкүн болгон таза баасы көбөйгөнүнүн айкын далилдери болгондо эсептен чыгаруунун суммасы жоюлат (башкача айтканда, жоюу алгачкы эсептен чыгаруу суммасына чейин чектелген), бул жаңы баланстык нарк эки сумманын: баштапкы нарктын жана  кайра каралган сатуунун мүмкүн болгон таза баасынын эң азы болушу үчүн зарыл. |
| Эсептен чыгаруу мүмкүнчүлүгү | Ишкана ФОЭС боюнча өзүнүн баштапкы балансында ФОЭС (IAS) 39га ылайык хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерине ылайык келбеген хеджирлөө мамилелерин чагылдырууга тийиш эмес (мисалы, хеджирлөө инструменти акча инструменти же чыгарылган опцион болуп саналса; эгерде хеджирленүүчү объект таза позицияны билдирсе; же эгерде хеджирлөө төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар боюнча пайыздык тобокелдикти камтыса). |
| Жыл башынан тартып | Жыл башынан тартып күнгө чейинки мезгилге киргизилген суюлтулган потенциалдуу жөнөкөй акциялардын саны ар бир аралык эсепке киргизилген суюлтулган потенциалдуу жөнөкөй акциялардын орточо  алынган мааниси болуп саналбайт. |

| | |
|---|---|
| Нөлдүк пайыздык ставканын кепилдиги | ФОЭС (IFRS) 7.IG38 Мисалы, ишкана пайыздык ставкасынын нөлдүк наркы бар күрөөнү сатып алышы мүмкүн, ал акчадан тышкары левериджди пайдалануу менен жазып берилген опционду камтыйт (мисалы, ишкана белгиленген минималдык пайыздык ставканын жана учурдагы рыноктук пайыздык ставканын ортосундагы он эсе көп айырманы төлөйт). |
| Купонсуз мамлекеттик чыгаруулар | |
| Мамлекеттик жана жеке сектордун ортосунда кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу | Мындай макулдашуу көп учурда «куруу-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү», «калыбына келтирүү-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү» же «мамлекеттиктен жекеге карай» кызматтарды көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу катары сүрөттөлөт. |
| Агрегациялоо критерийлери | Операциялык сегменттер көп учурда, алар окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ болгондо окшош узак мөөнөттүү финансылык натыйжалуулукту көрсөтөт. Мисалы, окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ эки операциялык сегменттен узак мөөнөттүү орточо дүң маржаны күтүүгө болот. Эки же андан көп операциялык сегмент, эгерде мындай агрегациялоо ушул ФОЭСтин негизги принциби менен дал келсе, сегменттер окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ жана төмөнкү аспекттердин ар бири боюнча окшош: (a) продуктулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөзү; (b) өндүрүш процесстеринин мүнөзү; (c) алардын продуктулары жана кызмат көрсөтүүлөрү үчүн кардарлардын тиби жана классы; (d) продуктуларды бөлүштүрүү жана кызматтарды көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу методдор; жана (e) эгерде колдонууга болсо, ченемдик укуктук чөйрөнүн мүнөзү, мисалы, банк сектору, камсыздандыруу же коммуналдык тейлөө ишканасы. |
| куруу-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү | Мындай макулдашуу көп учурда «куруу-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү», «калыбына келтирүү-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү» же «мамлекеттиктен жекеге карай» кызматтарды көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу катары сүрөттөлөт. |
| Чектөө механизми | баа концедент, келишим же жөнгө салуучу орган тарабынан, мисалы, чектөө механизминин жардамы менен жөнгө салынышы үчүн жетиштүү. |
| Операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчилик | "Операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчилик" термини жетекчинин конкреттүү кызматын эмес, функциясын аныктайт. Бул функция ресурстарды бөлүштүрүүдө жана ишкананын операциялык сегменттеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо турат. Көп учурда ишкананын операциялык чечимдерин кабыл алуучу жетекчиси – бул башкы директор же операциялык директор, бирок, мисалы, бул жетекчилердин же башка кызмат адамдарынын тобу да болушу мүмкүн. |
| Атаандаштыктан алган зыяндан бошотуу | ошого карабастан ал атаандаштыктан зыян жагынан алып салуу орундуу эмес болду деп чечти, анткени ал ушул Отчетту кеңири сактабай коюу үчүн каражаттарды берээр эле. |
| Куруу же модернизациялоо кызмат көрсөтүүлөрү | Оператор жалпыга жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн колдонулуучу инфраструктураны (куруу же модернизациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр) түзөт же модернизациялайт, ошондой эле айрым мезгил аралыгында бул инфраструктураны (эксплуатациялык кызмат көрсөтүүлөрдү) эксплуатациялайт жана сактайт. |

| | |
|---|---|
| Кайра эсептөө коэффициенти | Ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун баалардын төмөнкүдөй жалпы индекстеринин жана кайра эсептөө коэффициенттеринин негизинде кайра эсептейт. |
| Ишкананын туруктуу турган өлкөсү | Зарыл маалымат жеткиликтүү жана аны иштеп чыгууга чыгымдар ашыкча болгон учурларды кошпогондо, ишкана төмөнкүдөй географиялык маалыматты көрсөтүүгө тийиш: (а) тышкы кардарлардан түшкөн каражаттар (i) ишкана турган өлкөгө тиешелүү жана (ii) бүтүндөй алганда, бардык чет өлкөлөргө тиешелүү, алардан ишкана кирешени алат. Эгерде өзүнчө чет өлкөгө таандык болгон тышкы кардарлардан түшкөн кирешелер олуттуу болуп саналса, мындай түшкөн кирешелер өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Ишкана тышкы сатып алуучулардан түшкөн кирешелерди өзүнчө өлкөлөргө таандык кылуу үчүн негизди ачып көрсөтүүгө тийиш. (b) кийинкиге калтырылган финансылык инструменттерди, эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакы берүүдө активдерди жана камсыздандыруу келишимдери боюнча келип чыккан укуктарды кошпогондо, жүгүртүүдөн тышкаркы активдер, (i) ишкана туруктуу турган өлкөдө болгон жана (ii) ишкана активдерге ээлик кылган бүтүндөй алганда, бардык чет өлкөлөрдө жайгашкан. Эгерде өзүнчө чет өлкөдөгү активдер олуттуу болуп саналса, бул активдер өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш. |
| Полисти сатып алууга кийинкиге калтырылган чыгымдар | узак мөөнөттүү сегменттин активдери (финансылык инструменттер, финансылык мекемелердин кардарлары менен узак мөөнөттүү мамилелер, ипотекалар жана башка тейлөөгө укуктар, полисти сатып алууга кийинкиге калтырылган чыгымдар жана кийинкиге калтырылган салык активдери кирбейт) |
| Фидуциардык жөндөмдүүлүк | В ED 8 Башкармалык баалуу кагаздары ачык рынокто жүгүртүлүп жаткан ишканаларга гана эмес, ошондой эле коомчулук алдында жоопкерчилик тарткан бардык ишканаларга ФОЭСтин күчүнүн чөйрөсүн кеңейтүүнү сунуш кылды. Башкармалык коомдук отчеттуулуктун сунуш кылынып жаткан аныктамасын кабыл алуу эрте болуп калат деп белгиледи, ал Башкармалыктын чакан жана орто ишканаларга (ЧОИ) арналган өзүнчө долбоорунда каралат. Бирок Башкармалык стандартты колдонуу чөйрөсүн кеңейтип, ага бөтөн жактардын кеңири топтору үчүн ишеничтүү башкаруудагы активдерди кармап турган ишканаларды киргизүү керек деп чечти. Башкармалык чакан жана орто ишканалардын долбоору сегменттик отчеттуулук боюнча талаптардын күчүнүн чөйрөсүн башка ишканаларга кеңейтүү жөнүндө чечим кабыл алуу менен алда канча ылайыктуу контекст болуп саналат деген корутундуга келди. |
| Концедент | кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууну сунуш кылган тарап (концедент) мамлекеттик сектордун ишканасы, анын ичинде өкмөттүк орган же кызмат көрсөткөндүгү үчүн жоопкерчилик өткөрүп берилген жеке сектордун ишканасы болуп саналат. |
| Топтук жана сатып алынган өздүк акциялар менен операциялар | |
| Мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуу | Аталган Директиванын максаттарында бул күнгө чейин сатылган кандай болбосун тиричилик жабдуусу мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуунун пайда болушуна алып келүүчү болуп эсептелет. |

| | |
|---|---|
| Аралык финансылык отчеттуулук жана нарктын түшүшү | ФОЭС аталышы |
| Ички топтук акы төлөө схемасы | Ички топтук төлөмдөрдүн бул схемасын кантип эсепке алуу керектиги ушул түшүндүрмөдө каралбайт. |
| Бузук эместигинин деңгээли | Инфраструктураны бузук эместиктин белгиленген деңгээлине чейин калыбына келтирүү боюнча келишимдик милдеттер. |
| Спецификалык рыноктогу ишмердүүлүккө байланыштуу келип чыккан милдеттенмелер – мөөнөтүн иштеп бүткөн электрдик жана электрондук жабдуу | ФОЭС аталышы |
| Башкарууга карата ыкма | Ушул Жободо башкарууга карата модификацияланган ыкма колдонулат, ал отчеттук операциялык сегменттерди аныктоо үчүн агрегациялоо критерийлерин, ошондой эле сандык босоголук маанилерди камтыйт. |
| Уюмдун матрицалык формасы | Ишкана уюмдун матрицалык формасын колдонгондо, продуктуларга жана кызмат көрсөтүүлөргө негизделген компоненттер операциялык сегменттердин негизинде болууга тийиш. |
| Акчалай эмес беренелер | эскирүүнү жана амортизацияны кошпогондо, маанилүү акчалай эмес беренелер. |
| Коммерциялык эмес уюмдар | «Коммерциялык эмес уюмдар» деген термин ишканалардын кеңири чөйрөсүнө карата колдонулат, алардын айрымдары коммерциялык ишканаларга окшош, ал эми айрымдары таптакыр айырмаланат. |
| Операциялык чечимдер | Операциялык чечимдерди кабыл алууда жетекчилик пайдалануучу маалымат. |
| Операциялык сегменттер | Операциялык сегмент – бул ишкананын компоненти: (a) ал ишмердүүлүктү жүргүзөт, андан ал кирешелерди алышы жана чыгашаларды (анын ичинде ошол эле ишкананын башка компоненттери менен операциялар боюнча байланышкан кирешелер жана чыгашалар) тартышы мүмкүн; (b) анын операциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына сегментке ресурстарды бөлүү жана анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн операциялык чечимдерди кабыл алуучу ишкананын жетекчилиги тарабынан дайыма талдоо жүргүзүлүп турат; жана (c) ал боюнча өзүнчө финансылык маалымат бар. |
| оператор | оператор укук берген жактын атынан жөн гана аракеттенбестен, бери болгондо инфраструктураны жана байланышкан жоопкерчиликти башкаруунун бир бөлүгү үчүн жоопкерчилик тартат. |
| Коомдук отчеттуулук | Кеңеш ФОЭСтин колдонулушунун чөйрөсүн баалуу кагаздары ачык рынокто жүгүртүлүп жаткан ишканаларга гана эмес, коомдук отчеттуулук үчүн жоопкерчилик тартуучу бардык ишканаларга жайылтууну сунуш кылды. |
| Коомдук сектор | Көпчүлүк өлкөлөрдө жолдор, көпүрөлөр, туннелдер, ооруканалар, аэропорттор, суу бөлүштүрүүчү курулмалар, электр менен жабдуучу жана телекоммуникациялык тармактар сыяктуу коомдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн инфраструктура демейде |

| | |
|---|---|
| | мамлекеттик сектор тарабынан курулган, эксплуатацияланган жана тейленген жана мамлекеттик бюджеттен каржыланган. |
| «Төлөгөнүңдү жарыялай бер» кампаниясы | 50дөн ашык өлкөнүн 300дөн ашык уюмунан турган, «Төлөгөнүңдү жарыялай бер» деген кампания катары белгилүү болгон коалиция ар бир өлкө үчүн маалыматты кошумча ачып көрсөтүүнү талап кылуу үчүн ФОЭСтин колдонулушунун чөйрөсүн кеңейтүүнү талап кылды. |
| Сандык босоголор | ED 8де  Кеңеш отчеттук сегменттерди аныктоо үчүн сандык босоголорду сунуш кылды. Айрым респонденттер мындай талаптар принциптерге эмес, эрежелерге негизделген ыкманы билдирет деп ырасташты. Мындан тышкары, айрым респонденттер 10 пайыздык босогону киргизүү башка тармактарда маанилүүлүктү аныктоо үчүн прецедентти түзүшү мүмкүн деп белгиледи. |
| Камтылган туунду инструменттерди кайра баалоо | Ушул чечмелөөнүн камтылган туунду инструменттерди кайра баалоонун натыйжасында келип чыккан кайра баалоо маселелерине тиешеси жок. |
| Реабилитациялоо-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү | Мындай макулдашуу көп учурда «куруу-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү», «калыбына келтирүү-эксплуатациялоо-өткөрүп берүү» же «мамлекеттиктен жекеге карай» кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу катары сүрөттөлөт. |
| чектелген акциялар | эгерде 4-пункттагы маселе чектөөлөрү бар акциялардын контекстинде келип чыкса, «акцияларга негизделген төлөмдөрдүн адилет наркы» фразасы башка, чектелбеген акциялардын адилет наркына карата эмес, чектөөлөрү бар акциялардын адилет наркына тиешелүү болмок, |
| Ажырым болуу тобокелдиги | Стандарт бул маселени ачып көрсөтпөйт жана IFRIC натыйжада практикада ажырым болуу тобокелдиги бар экендиги жөнүндө маалымдалган. |
| Сегменттин менеджери | Термин аны конкреттүү кызматты ээлеп турган менеджер тарабынан аткаруу милдеттүү болбогон функцияны аныктайт. Операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи айрым операциялык сегменттер үчүн сегменттин менеджери боло алат. Бир менеджер бир нече операциялык сегменттер үчүн менеджер болушу мүмкүн. |
| Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу | |
| Суррогаттык баалоо | Алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү идентификациялоого болбогон учурда ЭФОТК берүү күнү алынган (же алынууга тийиш болгон), идентификацияланбай турган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн суррогаттык баалоосун берүү максаттары үчүн алда канча ылайыктуу күн болуп саналат деген тыянакка келди. |
| Бүткүл кызмат кылуу мөөнөтүнүн аралыгындагы инфраструктура | ЭФОТК 12 түшүндүрмөсү өзүнүн колдонуу чөйрөсүндө өзүнө «бүткүл кызмат кылуу мөөнөтүнүн аралыгындагы инфраструктураны» (башкача айтканда, анын  бүткүл пайдалуу кызмат  мөөнөтүнүн аралыгында мамлекеттик жана жеке кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууда колдонулуучу инфраструктураны) камтыйт. |
| Кардарлардын лоялдуулугунун программалары | |
| стимулдар | Кардарлардын лоялдуулугунун программалары  алардын товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алууга кардарларды кызыктыруу үчүн ишканалар тарабынан |

| | |
|---|---|
| | колдонулат. |
| Премиялык кредиттер | Эгер сатып алуучу товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алса, ишкана сатып алуучуга бонустук баллдарды (көбүнесе жөн гана «баллдар» деп аталган) берет. |
| консенсус | |
| ой жүгүртүү | Консенсустун 6-пунктунун талаптарын канааттандырган жана бул жагдайларда алда канча ылайыктуу болуп саналган баалоо методун тандоо жана колдонуу үчүн ой жүгүртүү талап кылынат. |
| Бухгалтердик арбитраж | Бөлүүчү линия шайкеш эместиктерге жана бухгалтердик арбитражга алып келиши мүмкүн. |
| бөлүштүрүү методу | ФОЭС (IAS) 18 көп компоненттүү сатуулар үчүн бөлүштүрүү методун талап кылбайт. |
| Кардарлар менен болгон мамилелер, материалдык эмес активдер | Кардарлардын лоялдуулугунун программалары кардарлар менен өз ара мамилелердин материалдык эмес активдерин түзүшү же жакшыртышы мүмкүн. |
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын активинин четки көлөмү, каржылоого минималдуу талаптар жана алардын өз ара байланышы | |
| Каржылоого карата минималдуу талаптар | Бул түшүндүрмөнүн максаттары үчүн каржылоого карата минималдуу талаптар – булар пенсиялык программаны же белгиленген төлөмдөрү менен башка узак мөөнөттүү пенсиялык программаны каржылоо үчүн ар кандай талаптар. |
| Келечектеги төгүмдөрдү кайра кайтаруу же азайтуу | Ишкана пландын шарттарына жана пландын юрисдикциясындагы ар кандай мыйзамдык талаптарга ылайык келечектеги төгүмдөрдүн ордун толтуруу же аларды азайтуу мүмкүнчүлүгүн аныктоого тийиш. |
| Программадагы ашыкчалар | Минималдык каржылоого карата талаптар жок болсо, ишкана жеткиликтүүлүк экономикалык пайданы (а) программадагы ашыкчалардын жана (b) ишкана үчүн кызмат көрсөтүүлөргө келечектеги чыгымдардын келтирилген наркынын ичинен келечектеги төгүмдөрдү азайтуу катары аныктоого тийиш. |
| Минималдуу финансылык төгүмдөр | Ишкана каржылоого карата минималдык талаптардын негизине учурдагы ар кандай ашыкчалардын таасирин эске алуу менен, келечекте төлөмдөрдү чегерүү үчүн зарыл болгон келечектеги минималдуу финансылык төгүмдөрдү эсептөөгө тийиш. |
| Аяктоо | Эгерде программа боюнча милдеттенмелер токтоосуз жоюу аркылуу жөнгө салынса, жоюу менен байланышкан чыгашалар бир кыйла болушу мүмкүн. |
| Каржылоого карата оордотулган минималдуу талаптар | |
| Башка жыйынды киреше | Башка ФОЭСтерде талап кылынгандай же уруксат берилгендей, пайданын же зыяндын курамында таанылбаган кирешелердин жана чыгашалардын беренелери (анын ичинде кайра классификациялоо учурундагы оңдоп-түзөөлөр). |
| Жалпы жыйынды киреше | Операциялардын жана башка окуялардын натыйжасында келип чыккан мезгил ичиндеги өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр, ага ээлери катары катышкан ишкана ээлери менен жүргүзүлгөн операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр |

| | |
|---|---|
| | кирбейт. |
| Кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөр | Учурдагы мезгилде пайдага же зыянга кайра классификацияланган, учурдагы же мурдагы мезгилдерде башка жыйынды кирешеде таанылган суммалар. |
| Финансылык абал жөнүндө отчет | «балансты» алмаштырат |
| Жыйынды киреше жөнүндө отчет | Ишкана мезгил ичинде таанылган кирешелердин жана чыгашалардын бардык беренелерин төмөнкүлөрдө көрсөтүүгө тийиш: а) жыйынды киреше жөнүндө бир отчетто же б) эки отчетто: пайданын же зыяндын компоненттерин чагылдырган отчетто (пайда жана зыян жөнүндө өзүнчө отчет), жана пайдасы же зыяны жана башка жыйынды кирешенин компоненттерин (жыйынды киреше жөнүндө отчет) чагылдыруу менен экинчи отчеттун башталышында). |
| Отчеттук мезгилдин аягы | «баланс күнүн» жана «отчеттук күндү» алмаштырат |
| менчик ээси, ээси | «акционерди» алмаштырат |
| финансылык отчеттуулуктун толук комплекти | Финансылык отчеттуулуктун толук комплекти финансылык абал жөнүндө отчетту, жыйынды киреше жөнүндө отчетту, акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетту, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетту жана эскертүүлөрдү камтыйт. |
| оңдоп-түзөлгөн капиталга карыздын катышы | Бул коэффициент таза карыз ÷ оңдоп-түзөлгөн капитал катары эсептелет. |
| Менчик ээси менен байланышкан капиталдагы өзгөрүүлөр | алардын ээлери катарында менчик ээлери менен операциялардын натыйжасында келип чыккан капиталдагы бардык өзгөрүүлөр. |
| Менчик ээси менен байланышпаган капиталдагы өзгөрүүлөр | Ишканага капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетто жыйынды кирешенин компоненттерин (башкача айтканда, менчик ээси менен байланышпаган капиталдагы өзгөрүүлөрдү) көрсөтүүгө уруксат берилбейт. |
| Жалпы багыттагы финансылык отчеттуулук | Өздөрүнүн атайын маалымат муктаждыктарына жооп берген отчетторду талап кылууга мүмкүнчүлүгү жок кеңири пайдалануучулардын жалпы финансылык маалымат муктаждыктарына багытталган финансылык отчеттуулук. |
| жалпы формат | Ишкана бүткүл финансылык отчеттуулукту финансылык отчеттуулуктун толук комплектинде бирдей байкалаарлык кылып берүүгө тийиш. |
| Капиталдын башка компоненттери | |
| Кыймылсызмүлктү кайталап баалоо | |
| Сатып алуу методу | Тиешелүү түрдө, директорлор кеңештери бизнести бириктирүүнү эсепке алуунун бир методун – сатып алуу методун пайдаланууну талап кылууну чечти. |
| Шарттуу ордун толтуруу | Эреже катары, келечектеги айрым окуялар болгон же шарттар аткарылган учурда сатып алынуучу объектиге контролдук кылууну алмашуунун алкагында кошумча активдерди же капиталдагы үлүштү сатып алынуучу объекттин мурдагы менчик ээлерине өткөрүп берүүгө сатып алуучунун милдети. Бирок |

| | |
|---|---|
| | шарттуу ордун толтуруу ошондой эле айрым шарттар аткарылган учурда сатып алуучуга мурда берилген ордун толтурууну кайра кайтарып алуу укугун бериши мүмкүн. |
| Баланстын дефицити | кала берсе эгерде бул катышуунун контролдонбоочу үлүштөрүнүн сальдосунун дефицитине алып келсе. |
| изденүүчүнүн гонорарлары | Бул чыгашалар изденүүчүнүн гонорарларын; консультациялык, юридикалык, бухгалтердик, баалоочу жана башка кесиптик же консультациялык кызмат көрсөтүүлөрүн камтыйт. |
| мурдагы туунду ишкана | Эгерде контролдук тиешелүү түзөтүүлөрдү колдонгонго чейин жоготулган болсо, ишкана мурдагы туунду ишканага инвестициялардын баланстык наркын кайра эсептеп чыгууга тийиш эмес. |
| Компенсациялоочу активдер | Бирок, ФОЭС кайрадан сатып алынган укуктарды, шарттуу милдеттенмелерди, шарттуу ордун толтурууну жана компенсациялоочу активдерди эсепке алууга карата талаптарды белгилейт. |
| Сакталган инвестициялар | мурдагы туунду ишканада калган ар кандай инвестицияларды контролду жоготуу күнүнө карата адилет наркы боюнча таанайт. |
| Операциялар катары жана окшош жагдайлардагы окуялар | Эгерде топтун катышуучусу  окшош операциялар жана окшош жагдайлардагы окуялар үчүн бириктирилген финансылык отчеттуулукта кабыл алынгандан айырмаланган эсеп саясатын пайдаланса, бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоодо анын финансылык отчеттуулугуна тиешелүү оңдоп-түзөөлөр киргизилет. |
| Контролду жоготуу | контролду жоготууга алып келген операциянын, окуянын же жагдайлардын натыйжасында алынган ордун толтуруунун адилет наркы, эгерде мындай бар болсо. |
| Бир нече макулдашуулар | Бирок кээде жагдайлар бир нече макулдашууларды бир операция катары кароо керектигин көрсөтүп турат. |
| Контролдонбоочу үлүштөр | Башкы ишканага түз же кыйыр тиешеси жок туунду ишкананын өздүк капиталы. |
| Контролду алуу же жоготуу | Контролду алуунун же жоготуунун натыйжасында, ошондой эле туунду ишканалардын же башка бизнес-бирдиктердин чыгып калуусунан келип чыккан жыйынды акча каражаттарынын агымдары өзүнчө көрсөтүлүүгө жана инвестициялык иш катары классификациялануууга тийиш. |
| менчик ээлери, ээлер | Үлүш катары классификацияланган  инструменттердин кармоочулары. [ФОЭС (IAS) 1.7] ФОЭС (IFRS) 3тө  «менчик ээлери» термини кеңири мааниде өз ара байланышкан ишканалардын инвесторунун, менчик ээлеринин, мүчөлөрүнүн же катышуучуларынын менчигинде турган ишкананын капиталындагы үлүштөрдү кармоочуларды белгилөө үчүн колдонулат. [ФОЭС (IFRS) 3.A] |
| Жарым-жартылай чыгып калуу | Чет өлкөлүк ишкананы сатуу же анын жарым-жартылай чыгып калышы. |
| Кайрадан сатып алынган укуктар | Бирок 29-пунктту караңыз, ал бизнести бириктирүү учурунда таанылган, кайрадан сатып алынган укуктар үчүн адилет нарк боюнча баалоо принцибинен өзгөчө учурду  белгилейт. |
| Акцияларга  негизделген сыйакылар | Сатып алуучу акцияларга негизделген төлөмдөр түрүндөгү өзүнүн сыйакыларын (сыйакыны алмаштыруучулар) сатып алынып жаткан ишкананын кызматкерлери ээлик кылган сыйакыларга алмаштыра алат. |

| | |
|---|---|
| Кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер жана жоюу учурунда келип чыккан милдеттенмелер | Түзөтүүнүн аталышы |
| Таза активдердин пропорционалдуу үлүшү | Ишканага жоюу учурунда гана ишкананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүн башка тарапка берүү милдетин жүктөгөн инструменттер же инструменттердин компоненттери. |
| Кайра артка сатуу укугу болбогон жөнөкөй акциялар | Кайра артка сатуу укугу болбогон жөнөкөй акциялардын эмитенти ал бөлүштүрүү максатында формалдуу аракеттенип жатканда милдеттенмелерди өзүнө алат жана акционерлер алдында муну жасоого юридикалык жактан милдеттүү болуп калат. Бул дивиденддерди жарыялагандан кийин же ишкана жоюлганда болуп өтүшү мүмкүн жана милдеттенмелерди төлөгөндөн кийин калган ар кандай активдер акционерлердин ортосунда бөлүштүрүлүшү мүмкүн. |
| Туунду ишканага, биргелешип контролдонуучу ишканага же ассоциацияланган ишканага инвестициялардын наркы | Түзөтүүнүн аталышы |
| Туунду ишкананын акцияларынын контролдук үлүшүн сатуу планы | 2007-жылы Директорлор кеңеши ишкана туунду ишкананын акцияларынын контролдук үлүшүн сатуу планы боюнча милдеттенмени өзүнө алган жана саткандан кийин акциялардын контролдонбоочу үлүшүн ассоциацияланган ишканага инвестиция, биргелешкен ишканага инвестиция же финансылык актив формасында өзүнүн мурдагы туунду ишканасында сактап калган кырдаалды карады. |
| Өзгөрүүлөрдү баалоо | Сапаттын (мисалы, генетикалык баалуулук, тыгыздык, бышкандыгы, май катмары, белокту камтышы жана булалардын бекемдиги) же сандын (мисалы, тукум, салмак, куб метрлер, буланын узундугу же диаметри жана бүчүрлөрдүн саны) өзгөрүшү биологиялык трансформацияга алып келет же түшүмдү жыйноо аркылуу башкаруунун демейки функциясы катары өлчөнөт жана контролдонот. |
| Таза инвестицияларды чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөө | |
| Ортодогу же акыркы башкы ишкана | …же  хеджирленип жаткан тобокелдик чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасынын жана анын кандай болбосун ортодогу же акыркы башкы ишкананын колдонуудагы валютасынын ортосундагы курстук айырмаларды да камтый алабы (башкача айтканда, чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялар ортодогу башкы ишкана аркылуу жүзөгө ашырылгандыгы акыркы башкы ишкананын экономикалык тобокелдигине таасир этеби). |
| чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резерви (ЧВКР) | хеджирленип жаткан чет өлкөлүк бөлүм чыгып жатканда, хеджирлөө инструментине таандык жана ушул чет өлкөлүк бөлүмгө таандык чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервдеги башкы ишкана тарабынан таанылган кандай суммалар башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда өздүк капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланышы керек; |
| Алда канча төмөнкү деңгээлдеги башкы ишкана | Башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда хеджирлөөнүн объекти катары ишкананын каалоосу боюнча аныктала турган чет өлкөлүк бөлүмдүн таза активдеринин баланстык наркы ушул чет өлкөлүк бөлүм үчүн башкы ишкана болуп, бирок алда канча төмөнкү деңгээлдеги деп саналган кандайдыр бир ишкана ушул чет өлкөлүк бөлүмдүн бардык таза |

| | |
|---|---|
| | активдерине же алардын бир бөлүгүнө карата хеджирлөөнү эсепке алууну колдонгондугунан, жана ушул эсепке алуу башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда сакталгандыгына байланыштуу болот. |
| Алда канча жогорку деңгээлдеги башкы ишкана | Бир башкы ишкананын өз каалоосу боюнча анын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда аныкталган хеджирлөөнүн мамилелери сөзсүз эле башка алда канча жогорку деңгээлдеги башкы ишкана тарабынан сакталууга тийиш эмес |
| кадам методу | Кадам методу - чет өлкөлүк бөлүмдүн финансылык отчеттуулугу адегенде ортодогу башкы ишкананын (ишканалардын) колдонуудагы валютасына кайра эсептелип, андан кийин акыркы башкы ишкананын колдонуудагы валютасына (же эгерде алар айырмаланса, отчеттуулукту тапшыруу валютасына) кайра эсептелген консолидациялоо методу. |
| учурдагы валюталык курстун өзгөрүлүшүнүн тобокелдиги | Хеджирленген тобокелдик ишкананын каалоосу боюнча учурдагы валюталык курстун өзгөрүлүшүнүн тобокелдиги катары аныкталат, анткени хеджирлөө инструменттери туунду болуп саналбайт. |
| Кыймылсыз мүлктү курууга келишимдер | |
| Айрым объекттерди пландан тышкары сатуу | турак-жай кыймылсыз мүлкүн куруу жагында иштеген ишканалар айрым бирдиктерди (батирлерди же үйлөрдү) «пландан тышкары», башкача айтканда, курулуш али улантылып жатканда же кала берсе ал башталганга чейин сата баштай алат. |
| Келишимди аяктоо | Сатып алуу баасынын калдыгы демейде ишканага келишим аяктагандан кийин гана, сатып алуучу ишканага ээлик кылууга киришкенде төлөнөт. |
| түшкөн кирешелерди жана коштогон чыгашаларды эсепке алуу | Ушул чечмелөө түшкөн кирешелерди жана коштогон чыгашаларды эсептөөгө карата кыймылсыз мүлк объектин куруп жаткан ишканалар тарабынан тикелей же субподрядчылар аркылуу колдонулат. |
| процесстеги макулдашуулар | бүткөрүлбөгөн макулдашууларды аткаруу стадиясын аныктоо үчүн колдонулуучу методдор. |
| Хеджирлөөнүн алгылыктуу объекттери | Түзөтүүнүн аталышы |
| Сатып алынган опционду хеджирлөө инструменти | Хеджирлөө объектиси менен байланышкан бир жактуу тобокелдик хеджирлөө инструменти болуп саналган, сатып алынган опциондун убактылуу наркын эмес, ушул опциондун ички наркын чагылдырат (хеджирлөө үчүн ишкана тарабынан аныкталган тобокелдиктей эле, ал ошондой негизги параметрлерге ээ болсо). |
| Акчалай эмес активдерди менчик ээлерине бөлүштүрүү | |
| Акчалай эмес активдер | акчалай эмес активдерди бөлүштүрүү (мисалы, ФОЭС (IFRS) 3тө аныкталгандай негизги каражаттар объектилерин, бизнести, ФОЭС (IFRS) 5те аныкталгандай башка ишканада же чыгып жаткан топтордогу ээлик кылуу үлүштөрүн). |
| акчалай альтернатива | Эгер ишкана өзүнүн менчик ээлерине акчалай эмес активди же анын акчалай альтернативасын алууга тандоо берсе, ишкана ар бир альтернативанын адилет наркын, жана менчик ээлеринин альтернативалардын ар бирин тандоосунун тийиштүү ыктамылдыгын карап чыгып, төлөнүп берилүүгө жаткан дивидендди баалоого тийиш. |

| | |
|---|---|
| Активдерди кайтарымсыз бөлүштүрүү | Ушул Түшүндүрмө ишкана өзүнүн менчик ээси катары иштеп жаткан менчик ээлеринин пайдасына активдерди кайтарымсыз бөлүштүрүүсүнүн төмөнкүдөй типтерине карата колдонулат. |
| Менчик ээлерине бөлүштүрүүгө арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер (же чыгып жаткан топтор) | Жүгүртүүдөн тышкаркы актив (же чыгып жаткан топ) менчик ээлерине бөлүштүрүүгө арналган катары классификацияланат, мында ишкана активди (же чыгып жаткан топту) менчик ээлеринин ортосунда бөлүштүрүү милдетин өзүнө алат. |
| Отчеттук мезгилден кийин ондоп-түзөөчү окуя | «Отчеттук мезгилден кийинки окуяларды» кара. |
| таанылган суммалар [финансылык абал тууралуу отчетто же жыйынды киреше тууралуу отчетто] | |
| Отчеттук мезгилдин аягы | |
| Финансылык активдердин классы | Кредиттик чыгымдардан улам финансылык активдердин наркы түшкөндө жана ишкана нарктын түшүшүн өзүнчө эсепте (мисалы, жекече нарктын түшүшүн чагылдыруу үчүн колдонулуучу резервдин эсебинде же активдердин жыйынды наркы түшүшүн чагылдыруу үчүн колдонулуучу окшош эсепте) каттаганда, активдердин баланстык наркын тикелей азайтпастан, ал финансылык активдердин ар бир классы үчүн мезгил ичинде ушул эсепте өзгөртүүлөрдү салыштырууну ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Финансылык активдердин классы боюнча | Кредиттик чыгымдардан улам финансылык активдердин наркы түшкөндө жана ишкана нарктын түшүшүн өзүнчө эсепте (мисалы, жекече нарктын түшүшүн чагылдыруу үчүн колдонулуучу резервдин эсебинде же активдердин жыйынды наркы түшүшүн чагылдыруу үчүн колдонулуучу окшош эсепте ) каттаганда, активдердин баланстык наркын тикелей азайтпастан, ал финансылык активдердин ар бир классы үчүн мезгил ичинде ушул эсепте өзгөртүүлөрдү салыштырууну ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| Финансылык абал жөнүндө салыштырма отчет | |
| Финансылык абал жөнүндө бириктирилген отчет | |
| Консолидациялоо максатында | Башкы ишкананын жана анын туунду ишканаларынын бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоодо колдонулуучу финансылык отчеттуулугу ошол эле күнгө карата даярдалууга тийиш. Башкы ишкананын отчеттук мезгили туунду ишкананын отчеттук күнүнөн айырмаланат, туунду ишкана консолидациялоо максаттары үчүн кошумча финансылык отчеттуулукту башкы ишкананын финансылык отчеттуулугу сыяктуу күнгө карата даярдайт, буга бул иш жүзүндө мүмкүн болбогон учурлар кирбейт. |
| Контролдоо (ишкананы) | Ишкананын ишмердүүлүгүнөн пайда алуу максатында анын финансылык жана операциялык саясатын башкарууга ыйгарым укуктар. |
| Дисконтирленген негиз (төмөнкүлөргө) | Дисконтирленген негизде кийинкиге калтырылган салык активдерин жана милдеттенмелерди ишенимдүү аныктоо ар бир убактылуу айырманы калыбына келтирүү мөөнөттөрүн кең-кесири пландаштырууну талап кылат. |

| | |
|---|---|
| Отчеттук мезгилден кийинки окуялар | Отчеттук мезгилдин аягы менен финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылган күндүн ортосундагы мезгилде болгон жагымдуу жана жагымсыз окуялар. Окуялардын төмөнкүдөй эки тибин бөлүп көрсөтүүгө болот: (a) отчеттук күндө болгон шарттарды тастыктаган окуялар (отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөөчү окуялар); жана (b) отчеттук мезгилден кийин пайда болгон шарттар тууралуу күбөлөндүргөн окуялар (отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялар). |
| Инвестициялык ишкана | |
| Отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуя | «Отчеттук мезгилден кийинки окуяларды» кара. |
| ФОЭС боюнча финансылык абал жөнүндө киришүү отчету | ФОЭСке өтүү күнүнө карата ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчет. |
| Натыйжалуулук | Пайда жана зыян жөнүндө отчетто [жыйынды киреше жөнүндө отчетто] чагылдырылган ишкананын кирешелеринин жана чыгашаларынын өз ара байланышы. |
| Өзгөртүлгөн | |
| Кайра каралган | |
| сегменттин пайдасы же зыяны | |
| Карыздык же үлүштүк баалуу кагаздарын ачык рынокто жүгүртүп жаткан ишканалар | |
| Дискрециялык эмес | |
| Кардарлардан активдерди которуу | |
| Аутсорсингдин провайдери | Мисалы, маалыматтык технологиялар жагынан өзүнүн функцияларын аутсорсингге өткөрүп берип жаткан ишкана өзүнүн негизги каражаттарынын учурдагы объекттерин аутсорсинг кызматтарын көрсөтүүчүгө өткөрүп бере алат. |
| Туруктуу жеткиликтүүлүк | Айрым учурларда активди өткөрүп берүүчү тарап акыр аягында товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө туруктуу жеткиликтүүлүгү болуучу жана бул товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу ишкана болбошу мүмкүн. |
| Контролду баалоо | Сатып алуучудан объектти жана негизги каражаттарды берүүгө ээ болуучу ишкана өткөрүп берилген объектиге контролду баалоодо бардык жөндүү фактыларды жана жагдайларды эске алууга тийиш. |
| Финансылык инструменттер: маалымат берүү | |
| Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча топтук операциялар | Түзөтүүнүн аталышы |

| ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана үчүн кошумча бошотуулар | Түзөтүүнүн аталышы |
|---|---|
| Эсеп саясаты | Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жана көрсөтүүдө ишкана колдонуучу конкреттүү принциптер, негиздер, макулдашуулар, эрежелер жана практикалар. |
| Акча каражаттарынын агымдары | Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин кириши жана чыгышы. |
| Бухгалтердик баалоодогу өзгөртүүлөр | Активдин же милдеттенменин баланстык наркын, же болбосо активдин мезгил-мезгили менен керектөө суммасын, активдердин жана милдеттенмелердин учурдагы абалын жана аларга байланыштуу келечекте күтүлгөн пайдаларды жана милдеттенмелерди баалоонун жыйынтыгында келип чыккан оңдоп-түзөө.<br>Бухгалтердик баалоодогу өзгөртүүлөр жаңы маалыматтардын же жаңы окуялардын натыйжасында келип чыгат жана ошол себептен алар каталарды оңдоого кирбейт. |
| Финансылык инструменттер классы | Ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматтын мүнөзүнө ылайык келген финансылык инструменттердин тобу жана бул финансылык инструменттерди эске алган мүнөздөмөлөр. |
| компенсация | Компенсация кызматкерлерге берилүүчү сыйакылардын бардыгын («Кызматкерлердин сыйакылары» ФОЭС (IAS) 19да аныкталгандай), анын ичинде аларга карата «Акцияларга негизделген төлөмдөр» ФОЭС (IFRS) 2 колдонулган сыйакыларды камтыйт. Кызматкерлердин сыйакылары - ишкана тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн ишкана тарабынан же ишкананын атынан төлөнгөн, төлөнүп берилүүгө тийиш болгон же бериле турган ордун толтуруунун формаларынын бардыгын камтыйт. Ал ушул ишканага карата башкы ишкананын атынан төлөнүп берилүүчү ордун толтурууну да камтыйт.<br>Компенсацияга төмөнкүлөр кирет: (а) эмгек акы жана социалдык камсыздоого төгүмдөр, төлөнүп берилүүчү ар жылкы өргүү жана оорусу боюнча төлөнүп берилүүчү өргүү, пайдага жана премияларга катышуу (эгер алар мезгил аяктагандан кийин 12 айдын ичинде төлөнүп берилүүгө тийиш болсо) сыяктуу кызматкерлерге берилүүчү кыска мөөнөттүү сыйакылар, ошондой эле иштеп жатышкан кызматкерлер үчүн акчалай эмес түрүндөгү жеңилдиктер (медициналык тейлөө, турак-жай, транспорт менен камсыз кылуу, акысыз же жеңилдетилген баада товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүү; (b) пенсия, пенсияга чыгып жаткан учурдагы башка төлөмдөр, өмүрүн камсыздандыруу жана эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча медициналык тейлөө сыяктуу эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылар; (c) кызматкерлерге берилүүчү башка узак мөөнөттүү сыйакылар, анын ичинде иштеген жылдары үчүн өргүү, чыгармачылык өргүү, маарекеге төлөмдөр жана иштеген жылдары үчүн башка төлөмдөр, эмгекке жарамдуулугун узакка жоготкондугу үчүн төлөмдөр, ошондой эле пайдага, премияларга катышуу жана кийинкиге калтырылган компенсация (эгер сыйакынын бул түрлөрү мезгил аяктагандан кийин он эки айдын ичинде төлөнүп берилүүгө тийиш болбосо); (d) бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар; жана (e) акцияларга негизделген төлөмдөр. |

| | |
|---|---|
| Ишкананын компоненти | Операциялык жана финансылык отчетуулук максатында ишкананын калган бөлүктөрүнөн так айырмалана алынуучу операциялар жана акча-каражаттарынын агымдары. |
| Татаал финансылык инструмент | Эмитенттин көз карашынан алганда милдеттенмелерди, ошондой эле капиталдын элементтерин камтыган финансылык инструмент. |
| Шарты менен чыгарылуучу жөнөкөй акциялар | Шарты менен акцияларды чыгаруу жөнүндө макулдашууда айтылган белгилүү бир шарттарды аткарууда акысыз же анча көп эмес акчалай же башка ордун толтуруу менен чыгарылган жөнөкөй акциялар. |
| Сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк | Жакшы маалыматтанган жана операцияларды жүргүзүүгө даяр тараптардын ортосундагы активди же акча каражаттарын жаратуучу бирдикти сатуудан түшүүчү, чыгып калуу чыгымдарын алып салгандан кийинки сумма. |
| Финансылык кепилдик келишими | Келишим, ага ылайык аны чыгарган тарап келишимде көрсөтүлгөн карызкор карыздык инструменттин алгачкы же кайра каралган шарттарында белгиленген мөөнөттөрдө төлөмдөрдү жүргүзө албагандыгынын натыйжасында контрагент тарткан зыяндын ордун толтуруу үчүн ага айрым төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттүү. |
| ФОЭС боюнча биринчи отчеттук мезгил | Ишкананын ФОЭС боюнча биринчи финансылык отчеттуулугунда камтылган соңку отчеттук мезгил. |
| Каржылоо (эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча төлөнүүчү сыйакылар) | Ишкананын жана кээде кызматкерлердин, отчет берүүчү ишканадан юридикалык жактан бөлөк жана андан кызматкерге сыйакылар төлөнгөн ишканага же фондго төлөмдөрү. |
| Каржылоо (пенсиялык төлөмдөрдү) | Пенсиялык жөлөкпулдарды төлөө боюнча келечектеги милдеттенмелерди аткаруу үчүн иш берүүчүнүн ишканасынан бөлүнгөн ишканага (фондго) активдерди өткөрүп берүү. |
| Кепилденген сыйакылар | Камсыздандыруу полисин кармоочу же инвестор камсыздандыруучунун кароосу менен келишим боюнча чектелбеген шартсыз алуу укугуна ээ болгон төлөмдөр же башка пайдалар. |
| Кепилденген элемент | Дискрециялык катышуу шартын камтыган келишимге киргизилген кепилденген төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу милдеттенмеси. |
| идентификацияlануучу | Актив идентификацияланууучу болуп саналат, эгерде ал: (a) бөлүнүүчү болуп саналса, б.а. ишканадан ажыратылышы же бөлүнүшү жана сатылышы, өткөрүлүп берилиши, лицензия менен корголушу, ижарага берилиши же ага тийиштүү келишим, идентификацияланууучу актив же милдеттенме менен жеке же чогуу алмаштырылышы мүмкүн, ишкана ушундай кылууга ниеттенген/ниеттенбегендигине карабастан; же (b) келишимдик же башка юридикалык укуктардын натыйжасы болуп саналат, ушул укуктарды ишканага өткөрүп берүүгө же андан же башка укуктардан жана милдеттенмелерден ажыратууга болор/болбосуна карабастан. |
| Ижарачы тарабынан кошумча зайым каражаттарын тартуунун ставкасы | Ижарачы окшош экономикалык шарттарда пайдалануу укугу формасындагы активдин наркына окшош нарк менен активди алуу үчүн зарыл зайым каражаттарын ошондой эле мөөнөттө жана ошондой эле камсыздоо менен тарта ала турган пайыздык ставка. |
| Милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүү | Келечектеги акча каражаттарынын агымдарын талдоонун негизинде камсыздандыруу милдеттенмесинин балансытык наркын көбөйтүү (же тиешелүү материалдык эмес активдерди сатып алууга кийинкиге калтырылган чыгымдардын балансытык |

| | |
|---|---|
| | наркын азайтуу) зарылчылыгын баалоо. |
| Маанилүү, олуттуу | Беренелердин камтылбай калышы же бурмаланышы эгер алар пайдалануучулардын финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алган экономикалык чечимдерине өз-өзүнчө же чогуу таасир берсе, анда алар маанилүү болуп саналат. Маанилүүлүк коштогон кырдаалдарда бааланууучу камтылбай калуунун же бурмалануунун көлөмүнөн жана алардын мүнөзүнөн көз каранды болот. Тийиштүү берененин мүнөзү же көлөмү, же экөөнүн айкалышы аныктоочу фактор болушу мүмкүн. |
| Акча беренелери | Накталай валютанын бирдиктери, ошондой эле алынууга же төлөнүүгө тийиш болгон, акча бирдиктеринин белгиленген же аныкталуучу санындагы активдер жана милдеттенмелер. [ФОЭС (IAS) 21.8] Акчалар жана акча менен алынып же төлөнө турган буюмдар. [ФОЭС (IAS) 29.12] |
| Төлөмдөр үчүн жеткиликтүү таза активдер | Тийиштүү пенсиялык төлөмдөрдүн актуардык келтирилген наркынан айырмалануучу милдеттенмелери алып салынган программанын активдери. |
| Опциондор, варранттар жана алардын эквиваленттери | Өз кармоочусуна жөнөкөй акцияларды сатып алууга укук берген финансылык инструменттер. |
| Жөнөкөй акцияларды кармоочулар | Жөнөкөй акцияларды кармоочулар. |
| Пайда же зыян | Башка жыйынды кирешенин компоненттери кошулбаган, чыгашалар алып салынган жалпы  киреше. |
| Кайра камсыздандыруу менен байланышкан активдер | Кайра камсыздандыруу келишими боюнча цеденттин таза келишимдик укуктары. |
| Ретроспективдүү кайра кароо | Эгерде мурдагы мезгилдин каталары эч качан келип чыкпаса, финансылык отчеттуулуктун элементтерин таанууну, баалоону жана ачып көрсөтүүнү ондоп-түзөө. |
| Мамлекеттик (пенсиялык) программа | Бардык ишканаларды (же бир категориянын бардык ишканаларын, мисалы, белгилүү бир тармакты) камтуу үчүн мыйзамдар менен белгиленген жана отчет берүүчү ишкана тарабынан контролдонбогон же анын таасири жок улуттук же жергиликтүү өкмөт же башка  орган (мисалы, ушул максат үчүн атайын түзүлгөн өз алдынча орган)  тарабынан башкарылуучу пенсиялык программалар. |
| Сыйакы алууга күчүнө кирген укук | Кызматкердин сыйакылары жана аларды алуу укуктары пенсиялык программанын шарты боюнча кызматкердин мындан ары ишин улантуусунан  көз каранды эмес. |
| Мезгил ичинде жүгүртүүдө турган жөнөкөй акциялардын орточо алынган саны | Мезгил башталгандан тартып сатып алуу күнүнө чейин жүгүртүүдө турган жөнөкөй акциялардын саны юридикалык көз караштан алганда сатып алынып жаткан объекттин (эсепке алуу максаттары үчүн сатып алуучу) мезгил ичинде жүгүртүүдө турган, кошулуу жөнүндө макулдашууда белгиленген алмашуу коэффициентине көбөйтүлгөн жөнөкөй акцияларынын орточо алынган санынын негизинде эсептелет. |
| Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү | |

| | |
|---|---|
| Объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон милдеттенмелердеги жана ушул сыяктуу милдеттенмелердеги өзгөрүүлөр | |
| “Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук” ФОЭС (IAS) 29да каралган кайра эсептөө методун колдонуу | |
| ФОЭС (IFRS) 2ни колдонуу чөйрөсү | |
| ФОЭС (IFRS) 2 - Топтук жана сатып алынган өздүк акциялар менен операциялар | ФОЭС - аталышы |
| ФОЭС (IAS) 19 – Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын активинин четки көлөмү, каржылоого минималдык талаптар жана алардын өз ара байланышы | |
| Укуктарды жарыялоо классификациясы | |
| Иш берүүчүлөрдүн демөөрчүлүгү | Эгерде отчет берүүчү ишкана өзү ушундай программа болуп саналса, демөөрчүлүк кылуучу иш берүүчүлөр да отчет берүүчү ишкана менен байланышкан. |
| Мамлекет менен байланышкан ишкана | Мамлекет менен байланышкан ишкана – мамлекеттин контролунун, биргелешкен контролунун же олуттуу таасиринин астында турган ишкана. |
| Акчалардын убакыт ичиндеги наркы | Ушул ФОЭСтин максаттары үчүн пайыздар – бул акчалардын убакыт ичиндеги наркынын, айрым мезгил аралыгында төлөнбөгөн бойдон калган карыздын негизги суммасы жагынан кредиттик тобокелдиктин ордун толтуруу. |
| Эсептик шайкеш эместик | Эгерде бул башкача болгондо активдерди же милдеттенмелерди баалоонун ар түрдүү базаларын пайдалануунун же алар менен байланышкан пайдаларды жана зыяндарды таануунун натыйжасында келип чыга турган баалоого же таанууга карата ыкмалардын ырааттуу эместигин (кээде «эсептик шайкеш эместик» деп аталат) жоюуга же кыйла азайтууга мүмкүндүк берсе, ишкана финансылык активди баштапкы таануу учурунда өз каалоосу боюнча аны, кийин кайра классификациялоо укугу болбостон, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууччу катары классификациялай алат |
| Гибриддик келишим | Камтылган туунду инструмент – бул гибриддик келишимдин компоненти, ал ошондой эле туунду эмес негизги инструментти камтыйт, анын натыйжасында аралаш инструменттен айрым акча каражаттарынын агымдары айрым туунду инструментке окшош өзгөрөт. |

| | |
|---|---|
| Бизнес модели | Финансылык активдерди башкаруу үчүн ишкананын бизнес-модели. |
| Кайра классификациялоо күнү | Анын натыйжасында ишкана финансылык активдерди кайра классификациялаган бизнес-моделинин өзгөрүшүнөн кийинки биринчи отчеттук мезгилдин биринчи күнү. |
| Инструменттер боюнча ыкма | Ишкананын бизнес-модели өзүнчө инструмент жагынан жетекчиликтин ниетине байланышпайт. Тиешелүү түрдө, бул шарт классификациялоого карата жекече ыкма болуп саналбайт жана агрегациялоонун алда канча жогорку деңгээлинде аныкталууга тийиш. |
| Түрткү таасири (левередж) | Түрткү таасири келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгүн арттырат, анын натыйжасында алар пайыздардын экономикалык мүнөздөмөлөрүнө ээ эмес. |
| Регресс укугу менен зайым | Регресс укугу менен зайым күрөө менен камсыздалгандыгынын фактысы келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп санала тургандыгын же жоктугун талдоого өзүнөн-өзү таасир этпейт. |
| Артка карай өзгөрүлмө пайыздык ставка | G инструменти артка карай өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар зайым болуп саналат (башкача айтканда, пайыздык ставканын рыноктук пайыздык ставкага артка карай көзкарандылыгы бар). |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалоо | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык активдер. |
| Финансылык милдеттенмелерди үлүштүк инструменттер менен төлөө | |
| Карыз боюнча милдеттенмелерди үлүштүк инструменттерге алмашуу | Карызкор менен кредитор финансылык милдеттенменин шарттарын кайра карай алат, анын натыйжасында карызкор кредитордун пайдасына өзүнүн үлүштүк инструменттерин чыгаруу аркылуу милдеттенмени толугу менен же жарым-жартылай төлөйт. Мындай операциялар кээде “карыз боюнча милдеттенмелерди үлүштүк инструменттерге алмашуу” катары эске алынат. |
| Келечектеги төгүмдөрдү алдын ала төлөө | каржылоого карата минималдуу талаптар бар учурда айрым жагдайларда келечектеги төгүмдөрдү алдын ала төлөө тартиби. |
| ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканалар үчүн ФОЭС (IFRS) 7ге ылайык салыштырмалуу маалыматты ачып көрсөтүүдөн чектелген бошотуу | |
| туунду милдеттенмелер | Соодага арналган милдеттенмелер (анын ичинде бардык туунду финансылык инструменттер) адилет нарк боюнча бааланат. |
| Симметриялуу ыкма | Адегенде Башкармалык 2009-жылы жарыяланган алдын ала долбоордо финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге симметриялуу ыкманы сунуш кылганына карабастан, Башкармалык финансылык милдеттенмелерди классификациялоо жана баалоо үчүн ФОЭС (IAS) 39дун талаптарынын көпчүлүгүн сактоону чечти, анткени шайлоочулар Башкармалыкка бул талаптар практикада жакшы иштейт деп билдирген. |

| | |
|---|---|
| туунду активдер | ФОЭС (IFRS) 9га ылайык котировкаланбаган үлүштүк инструменттерге (жана бул инвестициялар менен байланышкан туунду активдерге) инвестициялар үчүн адилет наркты баалоодон алып салуу туунду милдеттенмелер үчүн белгиленген болчу, алар котировкаланбаган үлүштүк инструмент менен байланышкан жана котировкаланбаган үлүштүк инструмент менен берүү аркылуу төлөнүүгө тийиш. |
| Өздүк  кредиттик тобокелдик | Финансылык милдеттенмелердин адилет наркынын опциясы менен байланышкан талаптар өзүнүн кредиттик тобокелдигин жоюу максатында өзгөртүлгөн. |
| Спецификалык идентификацияланган акча каражаттарынын агымдары | Бул бөлүк финансылык активден (же окшош финансылык активдердин тобунан) конкреттүү идентификацияланган акча агымдарын гана камтыйт. |
| акча каражаттарынын агымдарынын толук пропорционалдуу (пропорционалдуу) үлүшү | Бул бөлүк финансылык активден (же окшош финансылык активдердин тобунан) акча каражаттарынын агымдарынын толук пропорционалдуу (пропорционалдуу) үлүшүн гана камтыйт. |
| Окшош финансылык активдердин тобу | Бул бөлүк финансылык активден (же окшош финансылык активдердин тобунан) конкреттүү идентификацияланган акча каражаттарынын агымдарынын толук пропорционалдуу үлүшүн гана камтыйт. |
| ыктымалдуу алуучулар | Ишкана финансылык активден («алгачкы актив») акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимде каралган укуктарды сактаганда, бирок бул акча каражаттарынын агымдарын бир же бир нече ишканаларга (“акыркы алуучуларга”) төлөө боюнча келишимдик милдетти өзүнө алганда, ишкана операцияны, эгерде төмөнкүдөй бардык үч шарт аткарылса гана, финансылык активди өткөрүп берүү катары эске алат. |
| Чогултуу күнү | Мындан тышкары, алган күндөн тартып түпкү пайдалануучулардын пайдасына талап кылынган которуу күнүнө чейин эсептешүүлөрдүн кыска мезгилинин ичинде акча каражаттарына же алардын эквиваленттерине («Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет» ФОЭС (IAS) 7де аныкталгандай) инвестицияларды кошпогондо, ишкана мындай акча агымдарын кайра инвестициялоого укуксуз, ал эми мындай инвестициялардан алынган пайыздар акыркы алуучуларга өткөрүп берилет. |
| Зайымга жарым-жартылай катышуу | Эгерде ишкананын ушундай өзгөрүлмөлөргө жакындыгы финансылык актив менен байланышкан келечектеги таза акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын жалпы өзгөрүлмөлүүлүгүнө салыштырганда мындан ары маанилүү болуп саналбаса, ишкана иш жүзүндө финансылык активге ээлик кылуу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берди (мисалы, ишкана кайра сатып алуу учуруна карата адилет нарк боюнча сатып алууга опциону бар гана финансылык активди сатты же зайымдык субсидия сыяктуу макулдашуунун алкагында – 3.2.5-пункттун шарттарына ылайык катышуу – алда канча ири финансылык активден акча каражаттарынын агымдарынын толук пропорционалдуу үлүшүн өткөрүп берди). |
| тейлөөчү актив | Эгерде ишкана бүтүндөй алганда, таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келген өткөрүп берүү учурунда финансылык активди өткөрүп берсе жана сыйакы үчүн финансылык активди тейлөө укугун сактап калса, ал же болбосо тейлөө боюнча активди, же болбосо тейлөөгө ушул келишим боюнча тейлөө боюнча милдеттенмени таанууга тийиш. |

| | |
|---|---|
| Тейлөө үчүн жоопкерчилик | Эгерде ишкана бүтүндөй алганда, таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келген өткөрүп берүү учурунда финансылык активди өткөрүп берсе жана сыйакы үчүн финансылык активди тейлөө укугун сактап калса, ал же болбосо тейлөө боюнча активди, же болбосо тейлөөгө ушул келишим боюнча тейлөө боюнча милдеттенмени таанууга тийиш. |
| алда канча ири финансылык актив | Ишкана алда канча ири финансылык активдин мурдагы баланстык наркынын таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн жана таанылышы токтотулуп жаткан бөлүктүн ортосунда бөлүштүргөндө таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн адилет наркын аныктоо зарыл. |
| кепилдиктин суммасы | Ишкананын улантылып жаткан катышуусу өткөрүп берилген активдин кепилдөө формасына ээ болгондо, ишкананын улантылып жаткан катышуусунун даражасы (i) активдин суммасынан жана (ii) ишкана төлөөнү талап кылышы мүмкүн болгон алынган ордун толтуруунун максималдуу суммасынан («кепилдик суммасы») аз болуп саналат. |
| Акчалай эмес камсыздоо | Эгерде өткөрүп берип жаткан тарап кабыл алып жаткан тарапка акчалай эмес камсыздоону (мисалы, карыздык же үлүштүк инструменттерди) берсе, өткөрүп берип жаткан тараптын жана кабыл алып жаткан тараптын камсыздоосун эсепке алуу кабыл алып жаткан тарапта камсыздоону сатууга же кайра күрөөгө коюуга укугу бар же жоктугуна жана өткөрүп берип жаткан тараптын дефолту бар же жоктугуна байланыштуу. |
| таза инвестицияларды хеджирлөө | Мурда акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө учурунда хеджирлөөнүн же таза инвестицияларды хеджирлөөнүн айкын жана натыйжалуу инструменти болгон туунду финансылык инструмент мындан ары ушундай катары квалификацияланбайт. |
| аныктаманы артка чакыртып алуу | Алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана: (с) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык милдеттенменин өзүнүн мурдагы аныктамасын, эгерде мындай аныктама 4.2.2. (а)-пунктта баяндалган шартка ылайык баштапкы таануу учурунда жасалган болсо жана мындай аныктама алгачкы колдонуу күнүнө карата бул шартты канааттандырса, кайра чакырта алат. |
| экономикалык мүнөздөмөлөр жана тобокелдиктер | камтылган туунду инструменттин экономикалык мүнөздөмөлөрүнүн жана тобокелдиктеринин негизги инструменттин экономикалык мүнөздөмөлөрү жана тобокелдиктери менен тыгыз байланышы жок (В4.3.5 жана В4.3.8-пункттарды караңыз). |
| эсептик шайкеш эместиктин келип чыгышы же көбөйүшү | Алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана 5.7.7-пунктка ылайык эсепке алуу алгачкы колдонуу күнүнө карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде пайдада же зыянда эсептик шайкеш эместикке алып келээрин же келбесин аныктоого тийиш. |
| Пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык милдеттенме | Төмөнкүдөй ар кандай шартты канааттандырган финансылык милдеттенме: (a) ал соодага арналган финансылык милдеттенменин аныктамасына ылайык келет; (b) баштапкы таануу учурунда ал ишкананын каалоосу боюнча 4.2.2 же 4.3.5-пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган. |
| милдеттенменин күнү | Ушул ФОЭСтин (2.1-пунктту караңыз) колдонуу чөйрөсүнө кирген форварддык келишим эсептөө жүрүп жаткан учурдагы күнгө карата эмес, милдеттенменин күнүнө карата актив же милдеттенме катары таанылат. |

| | |
|---|---|
| финансылык активдин эмитенти | 3.2.5-пунктту колдонууда ишкана, мисалы, финансылык активди түзүүчү боло алат, же бул ага финансылык активди сатып алган жана акча каражаттарынын агымдарын инвесторлордун байланыштуу эмес үчүнчү тарабына берген атайын багыттагы консолидацияланган ишкана кирген топ болушу мүмкүн. |
| пайызсыз дебитордук карыз | Мисалы, эгерде ишкана  тейлөөгө келишимди бузуу же өткөрүп берүү учурунда кандайдыр-бир пайыздардан баш тартпаса, бүткүл пайыздык спред пайыздык тилкелер боюнча гана дебитордук карызды билдирет. |
| оңой жеткиликтүү активдер | Акча менен да, же акчасы жок да күчтүү болуп саналбаган колл опцион жайылтылган жетүүгө оңой болгон активдер. |
| Активдердин бир бөлүгүн кийин сатып алуу жөнүндө келишимдик шарт | Мындай келишимдик шарт кайра артка сатып алууга шартсыз (колл) опционду билдирет, ал ишканага айрым чектөөлөрдү эске алуу менен ал өткөрүп берилген активдерди кайра кайтарууну талап кылууга укук берет. |
| Амортизацияланууучу пайыздык своп | Ишкана бекитилген ставка боюнча пайыздарды алуу жана айрым номиналдык сумманын негизинде эсептелүүчү өзгөрүлмө ставка боюнча пайыздарды төлөө үчүн кабыл алып жаткан тарапка мезгил аралыгында төлөнө турган, бекитилген пайыздык ставкасы бар финансылык активди өткөрүп бере алат жана ушул кабыл алып жаткан тарап менен амортизацияланууучу пайыздык свопту түзө алат. |
| мөөнөтүнөн мурда төлөө тобокелдиги | Эгерде своптун номиналдык суммасы ар кандай убакытта ал өткөрүп берилген финансылык актив боюнча төлөнбөгөн негизги суммага барабар болгудай түрдө амортизацияланса, анда мындай своп демейде ишкана мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн олуттуу тобокелдигин сактап калышына алып келет жана бул учурда ишкана бүткүл өткөрүп берилген активди таанууну улантат же болбосо аны өзүнүн улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө таанууну улантат. |
| мыйзамдуу чыгаруу | Юридикалык бошотуу сот тартибинде болобу же кредитор тарабынан болобу, милдеттенмени таанууну токтотууга алып келгендиктен, эгерде 3.2.1–3.2.23-пункттарда көрсөтүлгөн таанууну токтотуу критерийлери өткөрүп берилген финансылык активдер үчүн аткарылбаса, ишкана жаңы милдеттенмени тааный алат. |
| билдирилген же болжолдонгон негизги шарттар | Камтылган опциялык эмес туунду инструмент (мисалы, камтылган форвард же своп) билдирилген же болжолдонгон негизги шарттардын негизинде негизги келишимден ажыратылат, анын натыйжасында баштапкы таануу учурундагы адилет нарк нөлгө барабар болот. |
| Пайда алуучу | Негизги карыздык инструментке камтылган, бир тарапка («пайда алуучуга») айрым актив боюнча кредиттик тобокелдикти, балким, анын менчигинде болбогон, башка тарапка («кепил берүүчүгө») өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берген кредиттик туунду инструменттердин негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышы жок. |
| Кепил берүүчү | Негизги карыздык инструментке камтылган, бир тарапка («пайда алуучуга») айрым актив боюнча кредиттик тобокелдикти, балким, анын менчигинде болбогон, башка тарапка («кепил берүүчүгө») өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берген кредиттик туунду инструменттердин негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышы жок |
| учурдагы сунушталган  баа | Ушул ФОЭСте «сунушталган баа» термини (кээде «учурдагы сунушталган  баа» деп аталат) котировкалануучу рыноктук баалардын контекстинде колдонулат, ал эми «сатып алуучунун |

| | |
|---|---|
| | жана сунуштун ортосундагы спред» термини операциялык чыгымдарды гана камтыйт. |
| Чет өлкөлүк валютанын алмашуу курстары | Чет өлкөлүк валютанын алмашуу курстары. Негизги валюталардын көпчүлүгү үчүн активдүү валюталык биржалар бар жана баалар күн сайын финансылык жарыяларда жарыяланат. |
| Кайра сатып алуу тобокелдиги | Мөөнөтүнөн мурда төлөө тобокелдиги жана баш тартуу тобокелдиги. Финансылык активдерди мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн күтүлгөн схемалары жана финансылык милдеттенмелерден баш тартуунун күтүлгөн схемалары өткөн мезгилдердин маалыматтарынын негизинде бааланышы мүмкүн. |
| тейлөөгө чыгашалар | Финансылык активди же финансылык милдеттенмени тейлөөгө чыгымдар. Тейлөөнүн наркы рыноктун башка катышуучулары ала турган учурдагы тарифтер менен салыштыруу аркылуу бааланышы мүмкүн. |
| конкреттүү актив үчүн натыйжалуулуктун тобокелдиги | Конкреттүү актив үчүн натыйжалуулуктун тобокелдиги ишкана конкреттүү милдеттенмени аткарбайт деген тобокелдик менен байланышкан эмес, ал көбүнесе айрым актив же активдердин тобу начар иштейт (же таптакыр иштебейт) деген тобокелдик менен байланышкан. |
| тобокелдиктер жана сыйлыктар | Эгерде өткөрүп берүү таанууну токтотууга алып келбесе, анткени ишкана өткөрүп берилген активге менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калса, ишкана өткөрүп берилген активди толугу менен таанууну улантууга тийиш жана алынган ордун толтуруу жагынан финансылык милдеттенмени таанууга тийиш. |
| Кайталап сатып алуу жөнүндө жобо | Улантылып жаткан катышуу эки ыкма: (a) кайталап сатып алууга резерв (мисалы, сатып алууга опцион,  пут опцион же РЕПО келишими) жана (b) өткөрүп берилген активдин наркындагы өзгөртүүлөрдүн негизинде компенсация төлөөгө же алууга резерв (мисалы, кредиттик кепилдик же таза накталай төлөө варианты катары) менен белгилениши мүмкүн. |
| накталай төлөө менен таза опцион | Улантылып жаткан катышуу эки ыкма: (a) кайталап сатып алууга резерв (мисалы, сатып алууга опцион,  пут опцион же РЕПО келишими) жана (b) өткөрүп берилген активдин наркындагы өзгөртүүлөрдүн негизинде компенсация төлөөгө же алууга резерв (мисалы, кредиттик кепилдик же таза накталай төлөө варианты катары) менен белгилениши мүмкүн. |
| Катышууну улантуу ыкмасы | Бирок катышууну улантууга сунуш кылынган ыкма чектелүү колдоого ээ болду. |
| тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берүү | Атап айтканда, Башкармалык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берүүнү баалоо операциялардын бардык типтери үчүн контролду өткөрүп берүүнү баалоодон мурда болууга тийиш деп чечти. |
| контролду өткөрүп берүү | Атап айтканда, Башкармалык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берүүнү баалоо операциялардын бардык типтери үчүн контролду өткөрүп берүүнү баалоодон мурда болууга тийиш деп чечти. |
| РЕПО операциялары | Эсепке алуунун ушундай тартиби РЕПО операцияларын жана алар боюнча ФОЭС (IAS) 39га ылайык «терең пайда» опциондору колдонулган айрым активдерди эсепке алуу тартибине ылайык келген. |
| активди сатуунун иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгү | Кеңеш кабыл алып жаткан тарапта активди сатууга иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүк бар же жогун текшерип, контролду баалоо керек деп чечти. |

| | |
|---|---|
| акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимдик укук | Алгачкы ФОЭС (IAS) 39 ишкана активден акча каражаттарынын агымдарын алууга өзүнүн келишимдик укугун сактап калган, бирок бул акча агымдарын башка ишканага төлөө боюнча келишимдик милдетти өзүнө алган келишимдик макулдашуулар үчүн таанууну токтотуу канчалык даражада орундуу экени жагынан так көрсөтмөлөрдү берген эмес («өтмө макулдашуу»). |
| өтмө макулдашуу | Алгачкы ФОЭС (IAS) 39 ишкана активден акча агымдарын алууга өзүнүн келишимдик укугун сактап калган, бирок бул акча каражаттарынын агымдарын башка ишканага төлөө боюнча келишимдик милдетти өзүнө алган келишимдик макулдашуулар үчүн таанууну токтотуу канчалык даражада орундуу экени жагынан так көрсөтмөлөрдү берген эмес («өтмө макулдашуу»). |
| баштапкы актив | Маселени жөнөкөй мисалда көрсөтүү үчүн мындай деп элестетели. А ишканасы Б ишканасына 100 а.б. өлчөмүндөгү беш пайыздык зайымды («баштапкы активди») берет. |
| аралаш атрибуттары бар ыкма | Тиешелүү түрдө, 2009-жылы жарыяланган алдын ала долбоор ишканаларга финансылык активдерди баалоонун эки негизги категориясы боюнча: амортизацияланган нарк жана адилет нарк боюнча классификациялоону («аралаш атрибуттар бар ыкма») сунуш кылган. |
| кредиттин негизги мүнөздөмөлөрү | «кредиттин негизги мүнөздөмөлөрү» шарты кандай колдонулууга тийиш. |
| Кирешелүүлүктү келишимдик негизде башкаруу | Тиешелүү түрдө, 2009-жылы жарыяланган алдын ала долбоор ишканаларга финансылык активди, эгерде ал « кирешелүүлүк келишимдик негизде башкарылса» гана, амортизацияланган наркы боюнча баалоону сунуш кылган. |
| «Түзүү жана кармоо» бизнес-модели | Мисалы, эгерде инвестициялык банк соода бизнес-моделин пайдаланса, ага «түзүү жана кармоо» бизнес-моделин пайдаланган сактык банкына айлануу оңой эмес. |
| жетекчиликтин ниети | Ошентип, бизнес-модель «жетекчиликтин ниеттеринен» өтө айырмаланат, алар бир инструментке кириши мүмкүн. |
| каржылоо суммасы | Пайыздарды билдирген акча каражаттарынын агымдары карызкорго авanска берилген сумма («каржылануучу» сумма) менен дайыма тыгыз байланышкан, анткени пайыздар – бул акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн компенсация жана инструменттин эмитенти жана инструменттин өзү менен байланышкан кредиттик тобокелдик. |
| Шаркыратма түзүмү | Түзүмдөштүрүлгөн инвестициялык механизм «шаркыратма» түзүмдөрүн түзүү үчүн ар түрдүү транштарды чыгара алат, ал ар түрдүү транштарды кармоочулардын эмитентинин төлөмдөрүнүн артыкчылыктарын аныктайт. |
| Келишим менен байланышкан инструменттер | Бирок ал кредиттик тобокелдиктин топтолушуна таасир эткен келишим менен байланышкан инструменттер жагынан көпчүлүк респонденттер финансылык активдин шарттары менен өз-өзүнчө аныкталуучу келишимдик акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрү бул финансылык активдин экономикалык мүнөздөмөлөрүн баарынан жакшы чагылдырат дегенге макул болбогонун белгиледи. |
| карап чыгуу | Респонденттер башка ыкмаларды сунуш кылды, мында инвестор шаркыратма түзүмүнүн инструменттеринин базалык пулун «карап көрөт» жана, эгерде карап көрүү мүмкүн болбосо, инструменттерди адилет нарк боюнча баалайт. |
| тартылган кредиттик чыгымдарды чагылдырган дисконт менен сатып алынган | Башкармалык ФОЭС (IFRS) 9дагы классификациялоого жалпы ыкма тартылган кредиттик чыгымдарды чагылдырган дисконт менен сатып алынган финансылык активдерге карата |

| | |
|---|---|
| финансылык активдер | колдонулууга тийиш дегенге макул болду. |
| «үч категориядан» турган ыкма | Айрым респонденттер үч категориядан турган ыкманы, башкача айтканда, сатуу үчүн колдо болгон категорияга окшош үчүнчү категорияны ФОЭС (IAS) 39га киргизүүнү сунуш кылды. |
| Кызыктыруучу зайым ыкмасы | Зайымды берүүсү бар ыкма: адилет нарк жана амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу финансылык активдерди айырмалоого мүмкүндүк берүүчү ыкманы иштеп чыгууда, Директорлор кеңеши ишкана берген зайымдар гана амортизацияланган нарк боюнча баалоо критерийлерине ылайык келе турган моделди карады. |
| Маалымдоо программасы | Маалыматтык-түшүндүрүү программасынын жүрүшүндө Башкармалык финансылык милдеттенмелерди классификациялоого жана андан соң баалоого бир нече ыкмаларды иликтеп чыкты, алар милдеттенменин кредиттик тобокелдигинин таасирин пайдадан же зыяндан алып салар эле. |
| оңдоп-түзөлгөн адилет нарк | кредиттик тобокелдиктин кесепеттерин (мисалы, «тоңдурулган кредиттик спрэд методу») кошпогондо, милдеттенмелерди «оңдоп-түзөлгөн» адилет нарк боюнча баалоо, мында милдеттенме адилет нарктын бардык өзгөртүүлөрүн эске алуу менен кайра бааланат. |
| тоңдурулган кредиттик спред методу | кредиттик тобокелдиктин кесепеттерин (мисалы, «тоңдурулган кредиттик спред методу») кошпогондо, милдеттенмелерди «оңдоп-түзөлгөн» адилет нарк боюнча баалоо, мында милдеттенме адилет нарктын бардык өзгөртүүлөрүн эске алуу менен кайра бааланат. |
| бифуркация методологиясы | ФОЭС (IAS) 39да бифуркация методологиясы бүтүндөй алганда жакшы иштеп жатат жана бул талаптар чыгарылгандан бери практика өнүгүп олтурган. |
| толук адилет нарк | Дээрлик бир жерден чыккан пикир адилет нарктын «толук» суммасы милдеттенменин кредиттик тобокелдигинин өзгөрүүлөрүнүн таасирин этибарга албаган адилет нарктын «оңдоп-түзөлгөн» суммасына караганда алда канча түшүнүктүү жана пайдалуу экендигинде турат. |
| пруденциалдык көзөмөлдөөчү органдар | Бирок Башкармалык бул ишканаларга көзөмөлдү жүзөгө ашырып жаткан көзөмөлдөөчү органдар адилет нарк боюнча баалоо варианты ойдогудай эмес түрдө пайдаланылышы мүмкүн экендиги жагынан тынчсыздануусу билдиргенин белгиледи. |
| акча инструменттерин хеджирлөө | Далилдер (a) финансылык милдеттенмелерди баалоого өзүнүн кредиттик тобокелдигин киргизүү жагынан тынчсыздануусу жана (b) хеджирлөө инструменти (акча инструменттерин хеджирлөө) катарында туунду эмес финансылык инструменттерди пайдаланууга тыюу салууларды камтыды. |
| алгылыктуулук шарттары | Кийинки классификациялоону жана финансылык милдеттенмелерди баалоону 2010-жылы талкуулоонун жүрүшүндө (BC4.46 – BC4.53-пункттарын караңыз) Башкармалык адилет нарк вариантына ылайык финансылык милдеттенмелерди аныктоо үчүн алгылыктуулук шарттарына кандайдыр-бир өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы жөнүндө маселени карады. |
| тыгыз байланыш | Башкармалык экөө тең камтылган туунду инструменттин хост менен «тыгыз байланышы» бар же жогун баалоого ишенээрин белгиледи. |
| Мөөнөтүнөн мурда төлөө үчүн каралган жазапулдар | Мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карата камтылган опциондорго тиешелүү шайкеш эместик, аларда аткаруунун баасы зайымды мөөнөтүнөн мурда төлөө (башкача |

| | |
|---|---|
| | айтканда, алдын ала төлөө) үчүн каралган жазапулду билдирет. |
| маалыматты ачып көрсөтүү ыкмасы | Маалыматты ачып көрсөтүүгө карата ыкма: сандык жана сапаттык маалыматты ачып көрсөтүү (кайра классификациялоонун ордуна), эгерде финансылык активдер кайрадан сатып алынган болсо, алар кандай классификациялана тургандыгын классификациялоо качан чагылдырбастыгын чечүү үчүн колдонулушу мүмкүн. |
| бир тараптуу кайра классификациялоо | Бир тараптуу кайра классификациялоо: Кайра классификациялоо адилет наркты баалоо үчүн гана талап кылынат, башкача айтканда, амортизацияланган нарк боюнча баалоого кайра классификациялоого тыюу салынат. |
| модификация | Башкармалык адилет наркты баалоонун максаты ал боюнча отчеттук күнгө карата операция ишкананын ага карата тез арадагы жеткиликтүүлүгү бар кыйла пайдалуу активдүү рынокто ошол эле инструмент (башкача айтканда, модификациясыз же кайра таңгактоосуз) менен жасала турган баага келүүдө тураарын түшүндүрүүнү чечти. |
| орточо рыноктук баа | Башкармалык ишканада компенсациялоочу тобокелдүү позициялар бар болгондо орточо рыноктук бааны пайдалануу орундуу деп эсептейт, анткени ишкана (a) өзүнүн акча каражаттарынын агымдарын активден жана милдеттенмеден калкалап койгон жана (b) сатып алуучунун жана сатуучунун бааларынын ортосундагы спредди көтөрбөстөн, макулдашылган позицияны потенциалдуу сата алат. |
| «талап боюнча төлөнүүчү сумма» | Башка сөз менен айтканда, адилет нарк талап боюнча төлөнүүгө тийиш болгон сумманы («талап боюнча төлөнүүчү сумма»), мисалы, ишкана депозит төлөнбөй калат деп күткөн мезгил үчүн дисконтирленген депозиттин суммасы талап кылынышы мүмкүн болгон биринчи күндөн тартып дисконтирленген суммадан аз болушу мүмкүнбү? |
| кайра иштетүү | Көпчүлүк респонденттер, анын ичинде көпчүлүк пайдалануучулар адилет нарктын өзгөрүүлөрүн пайдага же зыянга (үлүштүк инструменттеги инвестицияларды таанууну токтоткон учурда) кийин которууга («кайталап пайдаланууга») тыюу салуу жөнүндө сунушту колдогон жок. |
| эки этаптуу ыкма | 2010-жылы жарыяланган алдын ала долбоордо жыйынды киреше жөнүндө отчетто милдеттенменин кредиттик тобокелдигин көрсөтүү үчүн «эки этаптуу ыкма» сунуш кылынат, анын натыйжасында бул өзгөрүүлөр пайдага же зыянга таасир этпейт. |
| бир этаптуу ыкма | Алдын ала долбоордо ошондой эле «бир этаптуу ыкма» баяндалган, мында милдеттенменин кредиттик тобокелдигинин өзгөрүүлөрүнө тиешелүү адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн бир бөлүгү түздөн-түз башка жыйынды кирешеде чагылдырылат. |
| кайра артка | Экинчи этапта ишкана милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнө тиешелүү адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн бир бөлүгүн пайдадан же зыяндан «чийип салат» жана бул сумманы башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтөт. |
| ыкма аркылуу кароо | ФОЭС (IFRS) 9 кредиттик тобокелдиктин топтолушуна таасир эткен келишим менен байланышкан инструменттерге инвестицияларга карата «өтмө» ыкманы талап кылат. |
| Пайдалануу боюнча колдонмо | ФОЭС В тиркемесине пайдалануу боюнча колдонмону киргизет, анда ФОЭСтин талаптарын кандай колдонуу керектиги түшүндүрүлөт. ФОЭС милдеттүү эмес Өздөштүрүү боюнча колдонмо менен коштолот, анда ишкана ФОЭС талап кылган |

| | |
|---|---|
| | маалыматты кантип ачып көрсөтө алары сүрөттөлөт. |
| Түшүм берүүчү (продуктулук) биологиялык активдер | Түшүм берүүчү (продуктулук) биологиялык активдер – булар керектелүүчү болуп саналбаган бардык биологиялык активдер, мисалы, сүт багытындагы мал жана жемиштердин түшүмү чогултулуучу мөмө-жемиш бактары. Түшүм берүүчү (продуктулук) биологиялык активдер айыл чарба продукциясы болуп саналбайт, алар көбүнесе аны өндүрүүгө арналган. |
| Облигация | Облигациялар финансылык активдер болуп саналат, анткени алар эмитент мамлекеттин акча каражаттарын төлөө боюнча милдеттенмелерин билдирет. |
| марка | Дал ушундай эле «соода маркасы» термини товардык белгилердин жана башка белгилердин синоними катары колдонулат. Бирок биринчилери жалпы маркетингдик терминдер болуп саналат, алар демейде товардык белги (же тейлөө белгиси) жана аны менен байланышкан аталыш, формулалар, рецепттер жана технологиялык тажрыйба сыяктуу кошумча активдердин тобун белгилөө үчүн колдонулат. |
| пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоо | Эгерде ишкана камтылган туунду инструменттин адилет наркын ушул методдун жардамы менен аныктай албаса, 12-пункт колдонулат жана гибриддик (аралаш) инструмент пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары аныкталат. |
| адилет нарк боюнча пайдалар же зыяндар | |
| Сатууга арналган | «Финансылык отчеттуулукту берүү» ФОЭС (IAS) 1ге ылайык жүгүртүүдөн тышкаркы катары классификацияланууучу активдер ушул ФОЭСке ылайык сатууга арналган катары классификациялоо критерийлерине ылайык келмейинче жүгүртүлүүчү активдер катары кайра классификациялануга тийиш эмес. |
| идентификацияланышы | Идентификацияланыш критерийлери материалдык эмес актив гудвиллден өзүнчө таанылаарын же жоктугун аныктайт. |
| көрсөтмөлүү мисал | 1-көрсөтмөлүү мисал акча каражаттарынын агымдарын түзүүчү бирдиктерди идентификациялоонун мисалдарын берет. |
| нарктын түшүшүн көрсөтүү | Гудвилл таандык кылынган акча каражаттарынын агымдарын түзгөн бирдикти нарктын түшүшүнө карата тестирлөө учурунда гудвиллди камтыган бирдиктин курамында активдин наркынын түшүшү көрсөтүлүшү мүмкүн. |
| Кайра сатып алуунун баасы | Инструменттердин бардык башка класстарына баш ийдирилген инструменттердин классында бардык финансылык инструменттер бирдей мүнөздөмөлөргө ээ. Мисалы, алардын бардыгынын кайра артка сатуу укугу болууга тийиш, ал эми кайра артка сатып алуу же сатып алуу баасын эсептөө үчүн колдонулуучу формула же башка метод бул класстагы бардык инструменттер үчүн бирдей. |
| тездетилген амортизация түрүндөгү жеңилдиктер | Ишканага жеңилдиктер түрүндө берилүүчү, салык салынууучу пайданы же салык зыянын аныктоо учурунда жеткиликтүү болгон мамлекеттик жардам пайда салыгы боюнча милдеттенменин негизинде аныкталат же чектелет. Мындай жеңилдиктердин мисалдары болуп салык каникулдары, инвестициялык салык жеңилдиктери, тездетилген амортизация жана пайда салыгынын төмөндөтүлгөн ставкалары саналат. |

| | |
|---|---|
| чегерүү методу боюнча божомол | Келип түшкөн каражаттардын негизинде пайданын же зыяндын курамында мамлекеттик субсидияларды таануу чегерүү методу («Финансылык отчеттуулукту берүү» ФОЭС (IAS) 1ди кара) боюнча эсепке алуу божомолдоруна ылайык келбейт жана, эгерде субсидияларды алар алынган мезгилден айырмаланган мезгилдерге бөлүштүрүү үчүн негиздер жок болсо гана, алгылыктуу болот. |
| топтолгон амортизация | Эгерде адилет нарк ишенимдүү бааланышы мүмкүн болсо, ишкана айрым класстагы негизги каражаттардын бардык объекттерин кайталап бааланган нарк боюнча пайдалана алат, ал ар кандай кийинки топтолгон амортизацияны жана топтолгон баанын түшүшүн алып салуу менен кайталап баалоо күнүнө карата объекттердин адилет наркын билдирет. |
| колдонуу | жетекчилик таянган жетектөөчү көрсөтмөлөрдүн иерархиясын түзүү, алардын колдонулушун ал конкреттүү колдонулуучу Стандарттар жана Түшүндүрмөлөр жокто эсеп саясатын тандоо учурунда эсепке алат. |
| төлөмдөрдүн өлчөмүнүн көбөйүшү | Практикада төлөмдөрдүн өлчөмүнүн көбөйүшү көп учурда мурдагы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына жана алдыдагы жылдарда учурдагы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын көбөйүшүнөн улам келечектеги күтүлгөн төгүмдөрдүн көбөйүшүнө алып келет. |
| зайым алуучу | Олуттуу ар түрдүү шарттары бар карыздык инструменттердин учурдагы зайым алуучуларынын жана кредиторлордун ортосундагы алмашуу алгачкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынууга тийиш. |
| капиталдык ыкма | Мамлекеттик субсидияларды эсепке алууга карата төмөнкүдөй эки жалпы ыкма бар: капиталдык ыкма, ага ылайык субсидия пайдадан же зыяндан тышкары таанылат жана кирешелүү ыкма, ага ылайык субсидия бир же бир нече мезгилдер үчүн пайданын же зыяндын курамында таанылат. |
| акча каражаттарынын агымдарынын болжолдору | жетекчилик эң соңку бюджеттер / болжолдор камтыган мезгил үчүн акча каражаттарынын кыймылынын өз болжолун негиздеген ар бир өзөктүү божомолдун сыпаттамасы. Өзөктүү божомолдор – бул алардан бирдиктин (бирдиктердин тобунун) ордун толтурулуучу наркы алда канча көтөрө албаган божомолдор. |
| Зайым берүү боюнча комиссия | Зайым берүү үчүн ишкана алуучу зайымды берүү боюнча комиссия, мында зайым берүү боюнча милдеттенме ФОЭС (IAS) 39дун алкагынан чыгат. |
| капиталдын компоненттери | 106-пунктта капиталдын компоненттери, мисалы, салынган капиталдын бардык класстарын, башка жыйынды кирешенин ар бир классынын топтолгон сальдосун жана бөлүштүрүлбөгөн пайданы камтыйт. |
| керектөө бааларынын индекси | Эгерде камтылган туунду инструмент: (i) керектөө бааларынын индексине карата ижара төлөмдөрүнүн индекси катары инфляция менен байланышкан индекс (мында ижара зайым каражаттарын пайдаланууну карабагандыгы жана ишкананын экономикалык чөйрөсүндөгү инфляцияга кириши шарт), (ii) байланышкан сатууларга негизделген шарттуу ижара акысы, же өзгөрүлмө пайыздык ставкаларга негизделген шарттуу ижара акысы болуп саналса, негизги ижара келишимине камтылган туунду инструмент негизги келишим менен тыгыз байланышкан. |
| келишимдик шарттар | Ушул шартты колдонуу максаттары үчүн ишкана 16А-пунктунда сыпатталган инструментти кармоочу менен финансылык эмес келишимдерди кароого тийиш эмес, алардын |

| | |
|---|---|
| | эквиваленттүү келишимдин келишимдик шарттарына окшош келишимдик шарттары болот, ал инструмент эмести кармоочунун жана эмитент ишкананын ортосунда түзүлүшү мүмкүн. |
| Салынган капитал | 106-пунктта капиталдын компоненттери, мисалы, салынган капиталдын ар бир классын, башка жыйынды кирешенин ар бир классынын топтолгон сальдосун жана бөлүштүрүлбөгөн пайданы камтыйт. |
| Топтолгон кошумча амортизация | Грант жок учурда бүгүнкү күнгө карата пайданын же зыяндын курамында тааныла турган топтолгон кошумча амортизация пайданын же зыяндын курамында токтоосуз таанылууга тийиш. |
| топтолгон пайыздар | Биринчи компонент бөлүштүрүлбөгөн пайдада болот жана милдеттенмелердин компонентине кошуп эсептелген топтолгон пайызды билдирет. Башка компонент өздүк капиталдын баштапкы компонентин билдирет. Тиешелүү түрдө, эгерде милдеттенменин компоненти мындан ары түзөтүүлөрдү колдонуу күнүнө карата төлөнбөгөн болуп саналбаса, ишкана бул эки компонентти бөлүшүнүн кереги жок. |
| зайым капиталынын өздүк капиталга карата катышы | Келечектеги айкын эмес окуялар (же айкын эмес жагдайлардын натыйжасында) келип чыкса же келип чыкпаса, алар эмитенттин, ошондой эле инструментти кармоочунун контролунан тышкары болсо, мисалы, фонд рыногунун индекси, керектөө бааларынын индекси, пайыздык ставкалар же салык талаптары, же келечектеги кирешелер, таза пайда же зайым капиталынын өздүк капиталына карата катышы өзгөрсө, финансылык инструмент ишканадан акча каражаттарын же башка финансылык активди берүүнү же аны башкача түрдө, бул финансылык милдеттенмелер болуп калгыдай түрдө төлөөнү талап кыла алат. |
| кийинкиге калтырылган киреше | Мамлекеттик субсидиялар ошондой эле кийинкиге калтырылган киреше катары аныкталышы мүмкүн жана бул учурда кийинкиге калтырылган кирешенин жана анын нөлдүк салык базасынын ортосундагы айырма чегерилүүчү убактылуу айырма болуп саналат. |
| белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа | Пенсиялык программалар белгиленген төгүмдөрү менен программалар же белгиленген төлөмдөрү менен программалар болушу мүмкүн. Көпчүлүгү аларда өзүнчө юридикалык жактар болушу же болбошу мүмкүн болгон же төгүмдөр аларга жасалып жаткан жана пенсиялык жөлөкпулдар алардан төлөнүп жаткан камкорчулар болушу же болбошу мүмкүн болгон өзүнчө фонддорду түзүүнү талап кылууда. Ушул стандарт ушундай фонд түзүлгөнүнө же жоктугуна жана камкорчулар бар же жоктугуна карабастан колдонулат. |
| депозиттик эсеп | Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер, анын ичинде катышуучулар кардарлар катары чыккан учурларда пайда болгон учурдагы эсептер, депозиттик эсептер жана ошол сыяктуу келишимдер ишкананын финансылык милдеттенмелери болуп саналат. |
| Амортизациялык чыгымдар | бардык отчеттук сегменттерге асимметриялык бөлүштүрүүлөрдүн мүнөзү жана таасири. Мисалы, ишкана мында тиешелүү амортизацияланууну активдерди ага бөлүштүрбөстөн, амортизациялык чыгымдарды сегментке бөлүштүрө алат. |
| токтотулган ишмердүүлүк | Ишкананын же чыгып калган, же сатууга арналган катары классификацияланган компоненти, жана (а) бизнестин негизги айрым багытын же ишмердүүлүктүн географиялык аймагын билдирет; (b) ишмердүүлүктүн өзүнчө олуттуу багытынын |

| | |
|---|---|
| | чыгып калышынын бирдиктүү координацияланган планынын же операцияларды жүргүзүүнүн географиялык аймагынын бөлүгү болуп саналат же (с) кийин кайра сатуу максатында гана сатып алынган туунду ишкана болуп саналат. |
| дисконттолгон акча каражаттарынын агымдарынын болжолдору | Эгерде сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк дисконттолгон акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун пайдалануу менен аныкталса, ошондой эле төмөнкүдөй маалымат ачып көрсөтүлүүгө тийиш: (iii) ага жетекчилик акча каражаттарынын кыймылын болжолдогон мезгил. (IV) акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун экстраполяциялоо үчүн колдонулган өсүш темптери. (v) болжолдонгон акча каражаттарынын агымдарына карата колдонулуучу дисконттоо ставкасы (ставкалары). |
| адилет нарк боюнча эсепке алуу модели | 53-пунктта сыпатталган учурларды кошпогондо, баштапкы таануудан кийин адилет нарк боюнча эсепке алуу моделин тандаган ишкана өзүнүн бүткүл инвестициялык кыймылсыз мүлкүн адилет нарк боюнча баалоого тийиш. |
| адилет нарк боюнча кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер | Кеңеш ишкананын таза активдериндеги калдык үлүштү билдирген финансылык отчеттуулуктун инструменттерин жакшыртуунун төмөнкүдөй ыкмаларын карап чыкты: (а) бул инструменттерди финансылык милдеттенмелер катары классификациялоону уланта берүү, бирок алардын баалоосун алардын адилет наркынын өзгөртүүлөрү таанылбай тургандай ондоп-түзөө; (b) кайра артка сатуу укугу менен инструменттердин бардыгынын пут- опционго жана негизги инструментке бөлүштүрүлүшүн талап кылуу үчүн ФОЭС (IAS) 32ге түзөтүүлөрдү киргизүү; (с) адилет наркы боюнча кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер белгилүү бир шарттар сакталганда капитал катары классификацияланышы үчүн аракеттеринин чектелүү чөйрөсү менен өзгөчө учурду караштыруу үчүн ФОЭС (IAS) 32ге түзөтүүлөрдү киргизүү; |
| финансылык кызмат көрсөтүүлөр үчүн жыйымдар | Финансылык кызмат көрсөтүүлөр үчүн комиссия. Финансылык кызмат көрсөтүүлөр үчүн сыйакылар боюнча таанылган түшкөн кирешелер сыйакылар бааланган максаттарга жана ар кандай байланышкан финансылык инструментти эсепке алуу негизине байланыштуу. Финансылык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акынын сыпаттамасы берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөзүн жана мазмунун чагылдыра албашы мүмкүн. Тиешелүү түрдө, финансылык инструменттин натыйжалуу пайыздык ставкасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган комиссиялык акыларды, кызмат көрсөтүү процессинде алынуучу комиссиялык акыларды жана кыйла аракетти аткаруунун натыйжасында алынуучу комиссиялык акыларды айырмалоо зарыл. |
| чет өлкөлүк валютадагы зайымдар | Зайымдар боюнча чыгымдар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн: (а) «Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо» ФОЭС (IAS) 39да сүрөттөлгөндөй натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен эсептелген пайыздык чыгашалар; (b) [алып салынган] (c) [алып салынган] (d) «Ижара» ФОЭС (IAS) 17ге ылайык таанылган финансылык ижара жагынан финансылык чыгашаларды; жана (е) чет өлкөлүк валютада зайымдардын натыйжасында келип чыккан курстук айырмаларды алар пайыздык чыгашаларды оңдоп-түзөө катары каралган даражада. |

| | |
|---|---|
| курстук айырмалар | Пайыздык кирешелер жана чыгашалар сыяктуу кирешелердин жана чыгашалардын башка беренелери, ошондой эле инвестицияланган же зайымдык каражаттар менен байланышкан, ошондой эле таза акча позициясы менен байланышкан курстук айырмалар. |
| кошумча чыгымдар | Бөлүштүрүүгө чыгымдар – бул бөлүштүрүүгө түздөн-түз тиешелүү кошумча чыгымдар, буга финансылык чыгымдар жана пайда салыгы боюнча чыгашалар кирбейт. |
| ички топтук операция | Айрым ишканалар консолидацияланган топтун же бөлүмдүн алкагында ишкананын ичинде топтогу башка ишканалар же ишкананын ичинде бөлүмдөр менен хеджирлөө операциясын түзө алганына карабастан, ар кандай ушундай ички топтук операциялар консолидациялоо учурунда алып салынат. |
| зыянды бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу | Башка мисал болуп пайданы же зыянды бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу саналат, ал пайданы же зыянды инструменттерди кармоочулардын ортосунда берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн же үстүдөгү жана мурдагы жылдардын ичинде алынган бизнестин негизинде бөлүштүрөт. Мындай макулдашуулар менчик ээлери болуп саналбаган инструмент кармоочулар менен операцияларды билдирет жана 16А-пунктунда же 16С-пунктунда саналган мүнөздөмөлөрдү баалоо учурунда каралууга тийиш эмес. |
| Контролдонбоочу үлүш | Башкы ишканага түз же кыйыр тиешеси жок туунду ишкананын өздүк капиталы. |
| узак мөөнөттүү милдеттенмелер | Ишкана финансылык абалы жөнүндө өзүнүн отчетунда кыска мөөнөттүү жана жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди, ошондой эле кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттенмелерди өзүнчө классификация катары көрсөткөндө, ал кийинкиге калтырылган салык активдерин (милдеттенмелерин) жүгүртүү активдери (милдеттенмелери) катары классификациялоого тийиш эмес. |
| амортизацияланбоочу активдер | Амортизацияланбоочу активдерге кирген гранттар ошондой эле айрым милдеттенмелерди аткарууну талап кылышы жана андан соң милдеттенмелерди аткаруу боюнча чыгаша тартылган мезгил үчүн пайданын же зыяндын курамында таанылышы мүмкүн. |
| кайра сатып алуунун суммасы | Ишкананын таза активдеринин (мисалы, ачык пайлык инвестициялык фонддун пайлары же пайлар менен байланышкан айрым инвестициялык продуктулар) наркындагы пропорционалдык үлүшкө барабар болгон акча каражаттары үчүн ар кандай учурда кайра кайтарылышы мүмкүн болгон кайра артка сатуу укугу менен инструменттин учурунда, камтылган туунду инструментти бөлүүнүн жана ар бир компонентти эсепке алуунун натыйжасы төлөө суммасы боюнча гибриддик келишимди баалоодо турат, ал, эгерде кармоочу инструментти эмитентке кайра кайтарууга өз укугун ишке ашырган болсо, отчеттук мезгилдин аягына карата төлөнүүгө тийиш. |
| пайчы | Ушундай эле түрдө, «Финансылык инструменттер: маалымат берүү» ФОЭС (IAS) 32де аныкталгандай (мисалы, айрым пайлык инвестициялык фонддор), өзүнүн капиталы болбогон ишканаларга жана акционердик капиталы капиталдын менчик ээси болуп саналбаган ишканаларга (мисалы, айрым кооперативдик ишканалар), балким, катышуучулардын финансылык отчеттуулугун берүү же пайлардын ээлеринин кызыкчылыктарын адаптациялоо талап кылынат. |
| ФОЭСтерди жакшыртуу | |

| | |
|---|---|
| Чыгармачылык менен байланышкан материалдык эмес активдер | Бизнести бириктирүүдө сатып алынган, чыгармачылык менен байланышкан активдерди, эгерде алар автордук укук тарабынан берилүүчү укук сыяктуу келишимдик же юридикалык укуктардан келип чыкса, идентификациялоого болот. |
| Маркетинг менен байланышкан материалдык эмес активдер | Маркетинг менен байланышкан материалдык эмес активдер негизинен продуктулардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн маркетинги же аларды алга илгерилетүү үчүн колдонулат. |
| Келишимдин негизиндеги материалдык эмес активдер | Келишимдер менен байланышкан материалдык эмес активдер келишимдик макулдашуулардан келип чыккан укуктардын наркын билдирет. |
| сыйакыны алмаштыруучу | Сатып алуучу акцияларга негизделген төлөмдөр түрүндөгү өзүнүн сыйакыларын (сыйакыны алмаштыруучу) сатып алынып жаткан ишкананын кызматкерлери ээлик кылган сыйакыларга алмаша алат. |
| бухгалтердик эсептин объекти | А ишканасы (бухгалтердик эсеп үчүн юридикалык башкы ишкана, сатып алынып жаткан ишкана) 150 жөнөкөй акцияны чыгарышынын натыйжасында, В ишканасынын акционерлерине бириккен ишкананын чыгарылган акцияларынын (башкача айтканда, чыгарылган 250 акциянын ичинен 150) 60 пайызы таандык. |
| келишимдик-юридикалык критерий | Келишимдик негизи бар катары аныкталган материалдык эмес активдер да бөлүнүшү мүмкүн, бирок бөлүнүүчүлүгү активдин келишимдик-юридикалык критерийге шайкештиги үчүн зарыл шарт болуп саналбайт. |
| Бөлүнүүчүлүк критерийи | Андай болбогон учурда бизнести бириктирүү учурунда сатып алынган товардык белги же башка белги, эгерде демейдегидей бөлүнүүчүлүк сакталса, гудвиллден өзүнчө таанылышы мүмкүн. |
| шарттуу ордун толтуруу жөнүндө макулдашуу | Ал гана эмес, шарттуу ордун толтуруу жөнүндө макулдашуу өзүнүн маңызы боюнча сатып алуучу менен сатуучунун ортосундагы сүйлөшүүлөрдө экономикалык тыянактардын бир бөлүгү болуп саналат. Мындай механизмдер демейде сатып алуучулар же сатуучулар тарабынан келечектеги натыйжалардын айкын эместиги менен байланышкан айрым конкреттүү экономикалык тобокелдиктерди бөлүү аркылуу макулдашууга жетишүү үчүн колдонулат. Бул айкын эмestиктерге сатып алуучунун жана сатуучунун көз караштарындагы айырмачылыктар көп учурда тобокелдиктерди келечектеги жагымдуу жыйынтыктар сатуучуга кошумча төлөмдөргө алып келгидей, ал эми жагымсыз жыйынтыктар төлөмдөрдүн жоктугуна же аз төлөмдөргө алып келгидей түрдө бөлүүгө алардын макулдугу аркылуу макулдашылат. |
| Эквиваленттик эсепке алуу | Эсепке алуунун айрым моделдеринде камсыздандыруучунун активдери боюнча ишке ашырылган пайдалар жана зыяндар (а) анын камсыздандыруу милдеттенмелеринин бөлүгүн же бардыгын, 31 жана 32-пункттарында сыпатталган (b) алар менен байланышкан кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдарын жана (c) алар менен байланышкан материалдык эмес активдерди баалоого түздөн-түз таасир тийгизет. Камсыздандыруучуга эсеп саясатын актив боюнча таанылган, бирок ишке ашырылбаган пайда же зыян ишке ашырылган пайда же зыян аталган баалоолорго таасир көрсөткөндөй, аларга таасир көрсөткөндөй кылып өзгөртүүгө уруксат берилет, бирок талап кылынбайт. Камсыздандыруу милдеттенмесин (же кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдарын жана материалдык эмес активдерди) тийиштүү оңдоп-түзөө, эгер ишке ашырылбаган пайдалар же зыяндар башка жыйынды кирешенин курамында таанылган учурда гана, башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга |

| | |
|---|---|
| | тийиш. Мындай практиканы кээде «эквиваленттик эсепке алуу» деп аташат. |
| Дооматтардын пайда болушу | 39(c)(iii)-пункту дооматтардын пайда болушу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. АКШнын баалуу кагаздар жана биржалар боюнча комиссиясы төлөнбөгөн дооматтарга резервдердин өсүшүн жана, эгерде резервдер капиталдын 50 пайызынан ашса, мурдагы он жыл үчүн дооматтарды жөнгө салууга чыгашаларды көрсөткөн таблицаны берүүнү мүлктү жана кокустук учурларын камсыздандыруучулардан талап кылат. Комиссия он жылдык мезгил негизсиз болуп саналат деп белгиледи жана анын ордуна дооматтарды жөнгө салуунун циклинин узактыгына таянуу менен бул ачып көрсөтүүнү камтыган мезгилди белгилөөнү чечти. |
| пайда жана зыян жөнүндө отчет боюнча милдеттенмелер методу | Пайда жана зыян жөнүндө отчет боюнча милдеттенмелер методу мезгилдик айырмаларга көңүл бурат, ошол эле учурда балanstык милдеттенмелер методу убактылуу айырмаларга багытталган. Мезгилдик айырмалар – бул салык салынуучу пайданын жана бухгалтердик эсеп пайдасынын ортосундагы айырмалар, алар бир мезгилде келип чыгат жана бир же бир нече кийинки мезгилдерде калыбына келтирилет. |
| венчурдук капитал уюму | Бирок бул өзгөчө учур венчурдук капитал уюмдарын, өз ара фонддорду, пайлык фонддорду жана ушундай ишканаларды өздөрүнүн туунду ишканаларын консолидациялоодон бошотпойт. |
| сатып алууга форварддык келишим | Ишкананы чыгарылган пут-опциондор жана сатып алууга форварддык келишимдер сыяктуу өзүнүн акцияларын кайра сатып алууга милдеттендирген келишимдердин суюлтулган таасири болсо, акцияга суюлтулган пайданы эсептөөгө кошулат. |
| негизги сумма | Кээде ишканалар амортизацияланган нарк боюнча баалануууга тийиш болгон жана аларга карата эмитенттин негизги сумманы төлөп берүү боюнча милдеттенмелери болбогон карыздык инструменттерди сатып алат же чыгарат. |
| баскычтуу пайыздык ставка | Кээде ишканалар карыздык инструмент колдонулган мөөнөттүн ичинде бара-бара көбөйгөн же азайган («баскычтуу пайыздык ставка»), күн мурунтан аныкталган пайыздык ставкасы бар карыздык инструменттерди сатып алат же чыгарат. |
| чет өлкөлүк валютадагы туунду инструмент | Негизги мунай келишими боюнча 1 000 АКШ доллары өлчөмүндөгү төлөмдү берүүнү чет өлкөлүк валютадагы туунду инструмент катары кароого болот, анткени АКШ доллары А ишканасынын жана В ишканасынын колдонуудагы валютасы болуп саналбайт. |
| Споттук ставка | Кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы алгачкы этапта, ошондой эле хеджирлөө мамилелеринин учурунда келечектеги акча каражаттарынын агымдарын же ушундай акча каражаттарынын агымдары боюнча адилет наркты эсептөө үчүн негизди камсыз кылбайт. Ал рынокто соодаланып жаткан колдонулуучу эталондук облигациялардын учурдагы рыноктук кирешелүүлүгүнө негизделген. Рыноктук кирешелүүлүк купондук төлөмдөрдүн рыноктук кирешелүүлүккө таасирин жоюунун эсебинен споттук пайыздык ставкаларга («споттук ставкалар» же «нөлдүк купондук ставкаларга») конвертацияланат. |

| | |
|---|---|
| форварддык купон ставкасы | Эгерде бул тобокелдик алып салынса, ишкана азыркы учурда үч айдан кийин жеткиликтүү болгон жылдык форварддык купондук ставкага барабар болгон өзүнүн карыздык милдеттенмелерин чыгаруу боюнча пайыздык ставканы алат. Форварддык (спот) ставкадан айырмаланган бул форварддык купондук ставка 6,86 пайызды түзөт, ал жогоруда көрсөтүлгөн пайыздык ставкалардын убактылуу түзүмүнүн негизинде эсептелген. Бул рыноктук пайыздык ставка, ал болжолдонуп жаткан карыздык инструменттин шарттарын эске алуу менен хеджирлөө башталган учурга чейин колдонулат. Бул карыздын адилет наркы аны чыгаруу учурундагы номиналга барабар болушуна алып келет. |
| тобокелсиз пайыздык ставка | Эреже катары, тобокелсиз пайыздык ставка – бул болжолдонуп жаткан кирешелүүлүк, ал азыркы учурда аткаруу баасы анын валютасында көрсөтүлгөн өлкөнүн купонсуз мамлекеттик чыгаруулары боюнча жеткиликтүү, анын калган мөөнөтү бааланып жаткан опциондун күтүлүп жаткан мөөнөтүнө барабар (опционду күтүлүп жаткан мөөнөтүнөн мурда аткарууну эске алуу менен опциондун колдонулушунун калган келишимдик мөөнөтүнүн негизинде). Эгерде мындай мамлекеттик көйгөйлөр жок болсо же жагдайлар нөлдүк купону бар мамлекеттик чыгаруулар боюнча болжолдонуп жаткан кирешелүүлүк тобокелсиз пайыздык ставка үчүн репрезентативдүү (мисалы, инфляциясы жогору болгон өлкөлөрдө) болуп саналбагандыгын көрсөтүп турса, тиешелүү алмаштырууну пайдалануу зарылчылыгы келип чыгышы мүмкүн. |
| Коомдук эмес ишканалар | консолидациядан бошотуу коомдук эмес ишканалар үчүн жеткиликтүү. |
| сатып алынгандан кийин бөлүштүрүлбөгөн пайда | Бул ишканадан бөлүштүрүүлөрдү, эгерде алар сатып алынгандан кийин бөлүштүрүлбөгөн пайдадан алынган болсо гана, киреше катарында таанууну талап кылат. |
| Карап чыгууга суроо-талап | Респонденттердин көпчүлүгү пикирлер жөнүндө суроо-талапка 2011-жылы чыгарыла турган ФОЭСтерди эрте колдонууну колдоду. |
| Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар | |
| биргелешкен ишкердик | Биргелешкен ишкердик – бул эки же андан көп тарап биргелешип контролдогон ишкердик ишмердүүлүк. |
| балансстан тышкаркы ишканалар | 2007-жылы башталган дүйнөлүк финансылык каатчылык инвесторлор «балансстан тышкаркы механизмдерге» (секьюритизация механизмдери сыяктуу), анын ичинде алар түзгөн же демөөрчүлүк кылган механизмдерге катышкандыгына байланыштуу алар кабылган тобокелдиктер жагынан айкындыктын жоктугун көрсөттү. |
| Инвестициялардан алынган кирешелер | Инвестор тобокелдикке дуушарланышы мүмкүн же инвестиция объектине өзүнүн катышуусунан өзгөрүлмө киреше алууга укуктуу, мында инвестордун катышуусунан анын кирешелери инвестиция объектинин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында өзгөрүшү мүмкүн. |
| инвестиция объектисин контролдоо | Эгерде инвестор инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдиктерге дуушарланса, же мындай кирешени алууга укугу бар болсо, ошондой эле инвестиция объектине карата өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу аркылуу кирешеге таасир кылууга |

| | |
|---|---|
| | мүмкүндүгү болсо, инвестор инвестиция объектисин контролдойт. |
| ыйгарым укуктар | Ушул тапта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүк берүүчү учурдагы укуктар. |
| кызыкчылыктарды коргоо укуктары | Максаты көрсөтүлгөн укуктарга ээ болгон тараптын катышуу үлүшүн коргоодо турган, ушундай тарапка укуктарга байланышкан ишканага карата ыйгарым укуктарды бербеген укуктар. |
| четтетүү укугу | Чечим кабыл алуучу жакты анын чечимдерди кабыл алуу боюнча укуктарынан ажыратуу укугу. |
| Маанилүү ишмердүүлүк | Ушул стандарттын контекстинде, маанилүү ишмердүүлүк – инвестиция объектинин кирешесине олуттуу таасир кылуучу инвестиция объектинин ишмердүүлүгү. |
| Инвестордун добушунан ашуу | инвестордун добушунан ашуу үчүн тараптар канчалык бирге аракеттенүүгө тийиш болсо, инвестордо тиешелүү ишмердүүлүккө жетекчилик кылууга ага учурдагы мүмкүнчүлүктү берген тиешелүү укуктар болоорунун ыктымалдуулугу ошончо көп. |
| чечимдерди кабыл алуу укугу | Тиешелүү түрдө, келишимдик макулдашууларда камтылган, инвестиция объекти менен тыгыз байланышкан чечимдерди кабыл алууга айкын же болжолдонгон укуктар инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды аныктоодо тиешелүү аракеттер катары каралууга тийиш. |
| Активдердин менеджери | Чечимдерди кабыл алуучу жак (активдерди башкаруучу) инвестициялардын проспектинде баяндалган параметрлердин алкагында чечимдерди кабыл алып, активдердин портфелин башкарат. |
| Фонддун башкаруучусу | Чечимдерди кабыл алуучу жак (фондду башкаруучу) инвестициялык мандатта баяндалган тар аныкталган параметрлерге ылайык соодалануучу жөнгө салынуучу фондду жергиликтүү мыйзамдар жана эрежелер талап кылгандай ачык түзөт, сатат жана башкарат. |
| Чечимдерди кабыл алуучу жак | Башка тараптар үчүн же принципал, же агент болуп саналган, чечим кабыл алуу укугуна ээ болгон ишкана. |
| агент | Агент – бул тарап, ал, биринчи кезекте, башка тараптын же тараптардын (принципалдын (принципалдардын)) атынан аракеттенүүгө чакырылган жана, тиешелүү түрдө, инвестиция объекти чечимдерди кабыл алуу боюнча өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып жатканда ага контролдук кылат. |
| принципал | Инвестиция объектинде катышуунун башка үлүштөрүнүн болушу чечим кабыл алуучу жак принципал боло алаарын көрсөтүп турат. |
| Түзүмдөштүрүлгөн ишкана | Ишкананы ким контролдой тургандыгын аныктоодо добуш укуктары же ушул сыяктуу укуктары үстөмдүк кылуучу фактор болуп саналбаган түрдө уюшулган ишкана, мисалы, эгер добуш укуктары жалаң гана административдик милдеттерге байланыштуу болсо, а маанилүү ишмердүүлүктү жетектөө келишимдик макулдашуулардын негизинде жүргүзүлөт. |

| | |
|---|---|
| Кадыр-барк тобокелдиги | «Кадыр-барк тобокелдиги» термини инвестиция объектинин жолу болбой калышы инвестиция объектинин кадыр-баркына жана, тиешелүү түрдө, инвестордун же демөөрчүнүн кадыр-баркына зыян келтирип, инвестордун же демөөрчүнүн буга юридикалык же келишимдик талаптары жок болсо да, инвесторду же демөөрчүнү инвестиция объектинин кадыр-баркын коргоо максатында ага колдоо көрсөтүүгө мажбурлайт деген тобокелдикке тиешелүү. |
| жөндөмдүүлүк модели | Кеңеш ошондой эле «жөндөмдүүлүк» модели ар түрдүү юрисдикциялар колдонулган учурда гана эмес, ошондой эле бардык инвестиция объекттери жагынан консолидациялоо жөнүндө алда канча орундуу тыянактарга алып келет деген тыянакка келди. |
| агенттик мамилелер | Бул комментарийлерге жооп иретинде Башкармалык принципал / агент үчүн өзүнүн колдонмосун агенттик мамилелер теориясында иштелип чыккан ой-жүгүртүүгө негиздөөнү чечти. Дженсен менен Меклинг (1976) агенттик мамилелерди «келишимдик мамилелер» катары аныктайт, анда бир же бир нече адам (принципал) алардын атынан айрым кызматтарды көрсөтүү үчүн башка адамды (агентти) жалдайт, бул чечимдерди кабыл алуу боюнча айрым ыйгарым укуктарды агентке берүүнү камтыйт. |
| Биргелешкен ишкердик | |
| биргелешкен операция | Ишмердүүлүккө биргелешкен контролдукка ээ болгон тараптарда активдерге укуктардын жана ишмердүүлүк менен байланышкан милдеттенмелер боюнча жоопкерчиликтин болушун болжолдогон биргелешкен ишкердик. |
| биргелешкен операциянын катышуучусу | Биргелешкен операциянын тарабы, ал ушул биргелешкен операцияга биргелешкен контролдукту жүргүзөт. |
| биргелешкен ишкананын катышуучусу | Биргелешкен ишкананы биргелешип контролдоочу биргелешкен ишкананын тарабы. |
| Биргелешкен ишкердик жөнүндө макулдашуунун тарабы | Ушундай ишмердүүлүккө биргелешкен контролдукка ээ экендигине же жоктугуна карабастан ушундай ишкана биргелешкен ишкердиктин катышуучусу болуп саналган ишкана. |
| Өзүнчө түзүм | Өзүнчө идентификацияланууучу финансылык түзүм, анын ичинде айрым юридикалык жактар же мындай ишканаларда субъект укугу болушуна карабастан мыйзам боюнча таанылган ишканалар. |
| Чечимдерди кабыл алуу процесси | Келишимдик макулдашууда чагылдырылган чечимдерди кабыл алуу процесси ишмердүүлүккө биргелешкен контролдукту белгилейт. |
| биргелешкен актив | Көпчүлүк макулдашууларда биргелешкен активдер да бирге башкарылат жана ошондуктан мындай макулдашуулар «биргелешкен актив» же «биргелешкен операция» катары каралышы мүмкүн. |
| алкактык макулдашуу | Ага ылайык А жана В тараптар Р продуктусун өндүрүүнү жана таратууну жүзөгө ашырган шарттарды белгилеген алкактык макулдашуу. |
| Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү | |

| | |
|---|---|
| түзүмдөштүрүлгөн ишканадан киреше | Ушул стандарттын контекстинде түзүмдөштүрүлгөн ишканадан киреше башка нерселердин катарында бир нече жолку жана бир жолку гонорарларды, пайыздык кирешени, дивиденддерди, түзүмдөштүрүлгөн ишканалардагы катышуу үлүштөрүн кайра баалоодон же аларды таанууну токтотуудан пайданы же зыянды, ошондой эле түзүмдөштүрүлгөн ишкананын активдери менен милдеттенмелерин өткөрүп берүүдөн пайданы же зыяндарды камтыйт. |
| башка ишканага катышуу | Ушул стандарттын контекстинде башка ишканага катышуу деп ишкананы башка ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуугунан алынган кирешенин өзгөрүлмөлүү мүнөзү менен байланышкан тобокелдиктерге дуушарланткан, келишимде каралган же каралбаган катышуу түшүнүлөт. |
| олуттуу чектөөлөр | Ишкана топтун активдерине жеткиликтүүлүктү алуу же аларды колдонуу жана топтун милдеттенмелерин жөнгө салуу боюнча анын мүмкүнчүлүктөрүнүн олуттуу чектөөлөрүн (мисалы, мыйзам тарабынан белгиленген же келишимде каралган чектөөлөрдү жана жөнгө салуу органдарынын чектөөлөрүн) ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| кредиттик дефолттун свопу | Түзүмдөштүрүлгөн ишкана зайымдар боюнча пайыздарды жана негизги сумманы төлөбөй калуудан өзүн коргоо үчүн башка ишканадан (отчет берүүчү ишканадан) өзүнүн кредиттик дефолтунун свопун алат. |
| соттук тобокелдик | Ишкананын демөөрчүлүк ишмердүүлүгүнөн тобокелдикке кабылышы түзүмдөштүрүлгөн ишканага айкын эмес колдоо көрсөтүү тобокелдигине караганда кеңири. Мисалы, кандайдыр-бир айкын эмес колдоо көрсөтүүгө ниеттенбеген ишкана иши ордунан чыкпай калган түзүмдөштүрүлгөн ишканага демөөрчүлүк кылышынын айынан соттук тобокелдикке кабылышы мүмкүн. |
| Катышууда өзгөрүлмө үлүшү бар ишкана (VIE) | АКШнын БЭЖПи (GAAP) VIE’ни иш жүзүндө ишмердүүлүгү добуш берүү же ушундай укуктар аркылуу багытталбаган ишкана катары аныктайт. Мындан тышкары, VIE’де тобокелдикке кабылган капиталдын жалпы суммасы ишканага кошумча субординацияланган финансылык колдоо болмоюнча өзүнүн ишмердүүлүгүн финансылоого мүмкүндүк бериши үчүн жетишсиз. |
| чыгымдуу ыкма | Убакыттын азыркы учурунда активдин эксплуатациялык кубаттуулугун алмаштыруу үчүн талап кылынышы мүмкүн сумманы чагылдырган баалоо методу (көбүнчө алмаштыруунун учурдагы наркы деп аталат). |
| кирүү баасы | Активди сатып алуу максатында төлөнгөн же алмашуу операциясынын алкагында милдеттенмени кабыл алуу үчүн алынган баа. |

| | |
|---|---|
| чыгуу баасы | Активди сатуудан алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында төлөнө турган баа. |
| күтүлгөн акча каражатынын агымы | Келечекте болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдарынын ыктымалдуулугунун даражасы боюнча орточо алынган мааниси (башкача айтканда, бөлүштүрүүнүн орточо мааниси). |
| Эң мыкты жана кыйла натыйжалуу пайдалануу | Рыноктун катышуучуларынын финансылык эмес активди ушул активдин же курамында ушул актив колдонулушу мүмкүн активдердин жана милдеттенмелердин тобунун (мисалы бизнестин) наркын максималдуу көбөйткөндөй кылып колдонуу. |
| баштапкы маалыматтар | Рыноктун катышуучулары белгилүү бир активдин же милдеттенменин баасын аныктоодо пайдалана турган божомолдор. |
| 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар | Баалоо күнүнө карата ишкана жеткиликтүүлүктү алган окшош активдер же милдеттенмелер үчүн активдүү рыноктордун баалар котировкасы (оңдоп-түзөлбөй турган). |
| 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар | Белгилүү бир активге же милдеттенмеге карата түз же кыйыр байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналган, 1-деңгээлге киргизилген баа котировкаларынан башка, баштапкы маалыматтар. |
| 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар | Белгилүү бир активге же милдеттенмеге карата байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар. |
| рыноктук ыкма | Окшош же салыштырылуучу (башкача айтканда, ушул сыяктуу) активдер, милдеттенмелер же бизнес сыяктуу активдердин жана милдеттенмелердин тобу бар рыноктук операциялардын натыйжасында алынган баалар жана башка тиешелүү маалымат колдонулган баалоо методу. |
| Рынокто такталган баштапкы маалыматтар | Негизинен байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтардан алынган же алар тарабынан корреляция же башка каражаттар менен тастыкталган баштапкы маалыматтар. |
| рыноктун катышуучулары | Активге же милдеттенмеге карата негизги (же кыйла пайдалуу) рыноктогу сатып алуучулар жана сатуучулар, алар төмөнкү бардык мүнөздөмөлөргө ээ: (a) Алар бири-бирине көзкаранды эмес, … (b) Алар бардыгынан кабардар, тийиштүү актив же милдеттенмелер жөнүндө ... жетиштүү түшүнүккө ээ. (c) Алар ушул актив же милдеттенме боюнча бүтүм бекитүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. (d) Алар ушул актив же милдеттенме боюнча бүтүм бекитүүнү каалашат,.... |
| Кыйла пайдалуу рынок | Операциялык чыгымдар же транспорттук чыгымдар эсепке алынуу менен, активди сатуудан максималдуу сумма алынышы мүмкүн болгон же милдеттенмелерди өткөрүп берүү үчүн минималдуу сумма төлөнүшү мүмкүн болгон рынок. |
| Милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги | Ишкана кайсы бир милдетин аткарбайт деген тобокелдик. Милдеттенмени аткарбоо тобокелдиги ишкананын өзүнүн кредиттик тобокелдигин камтыйт, бирок, муну менен гана чектелбеши мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| Байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтар | Иш жүзүндөгү окуялар же операциялар жөнүндө жалпыга жеткиликтүү маалымат сыяктуу рыноктук маалыматтын негизинде алынган жана тийиштүү активдин же милдеттенменин баасын аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдорду чагылдырган баштапкы маалыматтар. |
| демейки операция | Баалоо күнүнө чейин ушундай активдер же милдеттенмелер боюнча операция үчүн ушул рынокто демейки жана кабыл алынган маркетингдик иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн жетиштүү белгилүү бир убакыттын ичинде объекттин рынокто болушун болжолдогон операция; бул операция аргасыз (мисалы мажбурлап жоюу же аргасыздан сатуу) болуп саналбайт. |
| негизги рынок | Тийиштүү актив же милдеттенме үчүн соодангын көлөмү жана активдүүлүктүн деңгээли абдан чоң рынок. |
| тобокелдик үчүн премия | Актив же милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдары менен байланышкан айкын эместик үчүн тобокелдикке барбаган рыноктун катышуучулары талап кылган компенсация. Ошондой эле «тобокелдикке карата оңдоп-түзөө» катарында белгилүү. |
| Транспорттук чыгымдар | Активди анын учурдагы турган жеринен анын негизги (же кыйла пайдалуу) рыногуна ташуу учурунда тартыла турган чыгымдар. |
| байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар | Рыноктук маалымат жеткиликсиз болгондор үчүн жана ушул активге же ушул милдеттенмеге бааны аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдор жөнүндөгү бардык жеткиликтүү маалыматтарды колдонуу менен алынган баштапкы маалыматтар. |
| прогресс | Жетекчиликтин комментарийлеринде колдонулуучу ишкана үстүдөгү жылы кандай өскөнүн же өзгөргөнүн, ошондой эле ал келечекте өсүштү же өзгөрүүлөрдү кандай түрдө (кайсыларды) күтүп жатканын чагылдырат. |
| ишенимдүү | Маалымат толук, нейтралдуу болгондо жана каталарды камтыбаганда ишенимдүү. |
| Өз убагында | Чечим кабыл алуучу адамдар үчүн маалыматты өз убагында алууну билдирет, бул алардын чечимдерине таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн зарыл. |
| Текшерилиш | Текшерилиш белгилүү бир чагылдыруу туура көрсөтүлгөн болуп саналат дегенге карата толук макул болуунун кереги жок болсо дагы, маалыматы бар жана көз каранды эмес ар кандай байкоочулар жалпы пикирге келе алышат дегенди билдирет. |
| Башка жыйынды кирешенин беренелерин көрсөтүү | |
| пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчет (отчеттор) | |
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесине (активине) карата пайыздардын таза суммасы | Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесинин (активинин) убакыттын өтүшү менен келип чыгуучу мезгил ичиндеги өзгөрүшү. |

| | |
|---|---|
| Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесин (активин) кайра баалоо | Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесин (активин) кайра баалоо төмөнкүлөрдү камтыйт: (а) актуардык пайданы жана зыяндарды; (b) белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесине (активине) карата пайыздардын таза суммасына камтылган суммаларды кошпогондо, программанын активдерине кирешени; жана (с) белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесине (активине) карата пайыздардын таза суммасына камтылган суммаларды кошпогондо, активдердин четки көлөмүнүн таасиринин ар кандай өзгөрүүсүн. |
| Олуттуу гиперинфляция жана ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканалар үчүн бекитилген күндөрдү жокко чыгаруу | Түзөтүүнүн аталышы |
| Кийинкиге калтырылган салык: базалык активдерди калыбына келтирүү | Түзөтүүнүн аталышы |
| Минималдык каржылоону алдын ала төлөө талаптары | Түзөтүүнүн аталышы |
| Байланыштуу тарапты жана мамлекет контролдогон ишканаларды аныктоо | Түзөтүүнүн аталышы |
| Ачык ыкма менен иштетилүүчү кен чыккан жерди эксплуатациялоо этабында кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар | |
| пайдалуу кен чыккан жерлерди ачык ыкма менен иштетүү | Пайдалуу кен чыккан жерлерди ачык ыкма менен иштетүүдө пайдалуу кендердин запастарына жеткиликтүүлүк алуу үчүн ишканаларга рудасыз тектерди («ачылуучу тектер») алып салуу талап кылынышы мүмкүн. |
| рудасыз тектер («ачылуучу тектер») | Пайдалуу кен чыккан жерлерди ачык ыкма менен иштетүүдө пайдалуу кендердин запастарына жеткиликтүүлүк алуу үчүн ишканаларга рудасыз тектерди («ачылуучу тектер») алып салуу талап кылынышы мүмкүн |
| Кен ачуу иштери | Бул рудасыз тектерди алып салуу ишмердүүлүгү «кен ачуу иштери» катары белгилүү |
| Кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар | Кен чыккан жерди өздөштүрүү этабында (казып алуу башталганга чейин) кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар, адатта, кен чыккан жердеги курулуш, даярдоо жана тоодогу капиталдык иштерге таандык амортизацияланган баштапкы нарктын курамында капиталдаштырылат. |
| продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу наркты эсептен чыгаруу методу | Кен чыккан жерди эксплуатациялоо башталгандан кийин бул капиталдаштырылган чыгымдар адатта продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу наркты эсептен чыгаруу методун колдонуу менен систематикалык негизде амортизацияланышат |
| Руданын рудасыз тектерге болгон катышы | Руданын рудасыз тектерге болгон катышы ушунчалык төмөндөн (мында рудаларды казып алуу экономикалык жактан максатка ылайыктуу эмес) ушунчалык жогоруга чейин (мында казып алуу |

| | |
|---|---|
| | кирешелүү болот) өзгөрүшү мүмкүн. |
| Кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар | Кен ачуу иштерине кеткен чыгымдарды актив катары таануу. |
| Кен ачуу иштери менен байланышкан актив | Кен ачуу иштери менен байланышкан актив же болбосо болгон активди көбөйтүү катары, же болбосо аны жакшыртуу катары эске алынууга тийиш. Мындайча айтканда, кен ачуу иштери менен байланышкан актив болгон активдин *бөлүгү* катары эске алынууга тийиш. |
| рудалуу тулку | Казып алуунун бул көрсөткүчү рудалуу тулкунун идентификацияланган компонентине карата эсептелүүгө жана келечектеги пайданы түзүү боюнча ишмердүүлүк орун алган деңгээлди аныктоо үчүн негиз катары колдонулууга тийиш. |
| эксплуатациялоо мөөнөтү кенди эксплуатациялоо мөөнөтү менен аныкталган активдер | Кен ачуу иштери менен байланышкан активдин амортизациясын чегерүү үчүн колдонулган рудалуу тулкунун идентификацияланган компонентинин күтүлгүүчү пайдалуу кызмат мөөнөтү аларды эксплуатациялоо мөөнөтү кенди эксплуатациялоо мөөнөтү менен аныкталган кендин өзүнүн жана аны менен байланышкан активдердин амортизациясын чегерүү үчүн колдонулган күтүлүп жаткан пайдалуу кызмат мөөнөтүнөн айырмаланып турат. |
| Мурда жүргүзүлгөн кен ачуу иштерине байланышкан актив | Отчеттуулукта көрсөтүлгөн алда канча эрте мезгилдердин башталышындагы күнгө карата абал боюнча эксплуатациялоо этабындагы кен ачуу иштерин жүргүзүүнүн натыйжасында мурдараак таанылган активдердин суммасы («мурда жүргүзүлгөн кен ачуу иштерине байланышкан актив»), бул күнгө карата ага мурдараак жүргүзүлгөн кен ачуу иштери менен байланышкан актив таандык болушу мүмкүн болгон рудалуу тулкунун идентификациялануучу компонентинин болуу шартында кен ачуу иштерин жүргүзүүгө таандык болгон активдин курамына кайра классификациялануга жана мурдараак жүргүзүлгөн кен ачуу иштери менен байланышкан конкреттүү актив таандык болгон рудалуу тулкунун идендификацияланган компонентинин калган күтүлүүчү пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде амортизациялануга тийиш. |
| «Кен ресурсун» эсептөө | Тиешелүү түрдө, кенди казып алуу учурунда кен ачуу иштерине кеткен чыгымдарды эсепке алуу практикасы айырмаланат – айрым ишканалар кенди казып алуу учурунда кен ачуу иштерине кеткен чыгымдарды чыгаша (өндүрүштүн баштапкы наркы) катары таанийт, айрым ишканалар кен ачуу иштерине кеткен айрым же бардык чыгымдарды кенди эксплуатациялоо мөөнөтүнүн негизинде, коэффициентти же окшош негизди капиталдаштырат, ал эми айрымдары конкреттүү жакшыртуулар менен байланышкан чыгымдарды капиталдаштырат. |
| жер астындагы кен иштери | Түшүндүрмөнү иштеп чыгууда Комитет жер астындагы кен иштерине эмес, ачык кен иштерине гана көңүл бурууну чечти. |
| Адилет нарк боюнча баалоо варианты<br>(ФОЭС (IFRS) 39га түзөтүүлөр) | |

| | |
|---|---|
| Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерүүсү (ФОЭС (IFRS) 32ге түзөтүүлөр) | Түзөтүүнүн аталышы |
| нетто- негизде эсептешүү | Ага ылайык ишкана «эсептешүүнү нетто-негизде жүргүзүүгө же болбосо активди ишке ашырууга жана бир эле учурда милдеттенмени төлөөгө ниеттенип жаткан» критерий. |
| күн ичиндеги кредиттик линия | күн ичиндеги кредиттик линия бар, ал тараптардын ар бири үчүн эсептешүү күнүндө төлөмдөрдү иштетүү үчүн овердрафттын жетиштүү суммаларын берет. |
| Маалыматты ачып көрсөтүү - финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерилүүсү (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) | Түзөтүүнүн аталышы |
| туунду инструменттердин клиринги жөнүндө макулдашуулар | 13А жана В40-пункттарында эскерилген ушул сыяктуу макулдашуулар туунду инструменттердин клиринги жөнүндө макулдашууларды, кайра артка сатып алуу глобалдуу башкы келишимдерин, баалуу кагаздар түрүндө зайымдарды берүү тууралуу глобалдуу башкы келишимдерди, ошондой эле аларга байланышкан финансылык камсыздоого тийиштүү укуктарды камтыйт. |
| финансылык эмес камсыздоо | Айрым финансылык инструменттер үчүн финансылык эмес камсыздоо жөнүндө макулдашуулар болушу мүмкүн болгонуна карабастан, алар колдо болгон финансылык эмес камсыз кылуунун негизинде ушундай финансылык инструменттер менен байланышкан кредиттик тобокелдикти сөзсүз эле башкара бербейт. |
| ФОЭС (IFRS) 9 күчүнө милдеттүү киришинин күнү жана өткөөл мезгил жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү (ФОЭС (IFRS) 9га (2009), ФОЭС (IFRS) 9га (2010) жана ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) | Түзөтүүнүн аталышы |
| Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС) | Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (ФОЭС боюнча кеңеш) кабыл алган стандарттар жана түшүндүрмөлөр. Алар төмөнкүлөрдөн турат: (a) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан (IFRS) ; (b) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан (IAS); (c) ЭФОТК (IFRIC) түшүндүрмөлөрүнөн; жана (d) ТТК (SIC) түшүндүрмөлөрүнөн. |
| Мамлекет тарабынан берилген зайымдар (ФОЭС (IFRS) 1ге түзөтүүлөр) | аталыш |
| Рыноктуктан төмөн пайыздык ставка | Бул ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканалар рыноктук ставкадан төмөн пайыздын ставкасы боюнча мамлекеттик зайымдан тиешелүү пайданы мамлекеттик субсидия катары таанууга тийиш эместигин билдирет. |
| адилет нарктын кумулятивдик өзгөрүүлөрү | ФОЭСке өтүү күнүнө карата сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин адилет наркынын топтолгон өзгөрүүлөрүн эсепке алуу (ВС81 – ВС83-пункттар). |
| «зайым боюнча» ыкма | Башкармалык ар бир зайым үчүн бул вариантты колдонууга тыюу салуу ФОЭС  (IFRS) 1ди татаалдантышы мүмкүн экенин белгиледи. |

| | |
|---|---|
| ФОЭСти жыл сайын жакшыртуу, 2009 – 2011-жылдар аралыгы | Түзөтүүнүн аталышы |
| Бириктирилген финансылык отчеттуулук, биргелешкен ишкердик жана башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү: өтүү боюнча колдонмо | Түзөтүүнүн аталышы |
| түздөн-түз мурдагы мезгил | С4 – С5А-пункттарында алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгилге («түздөн-түз мурдагы мезгил») шилтемелерге карабастан, ишкана ошондой эле бардык көрсөтүлгөн алда канча эрте мезгилдер үчүн ондоп-түзөлгөн салыштырмалуу маалыматтарды берүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес. |
| Инвестициялык ишканалар | аталыш |
| Инвестициялык меморандум | Инвестициялык меморандумда Limited Partnership’тин максаты тез өсүш потенциалы бар ишканага инвестициялоо болуп саналат деп көрсөтүлгөн, бул алардын иштешинин аралыгында капиталдын тез өсүшүн ишке ашыруу максатын көздөйт. |
| инвестициялык кызмат көрсөтүүлөр | Инвестициялык ишкана инвестициялар менен байланышкан кызматтарды көрсөтүшү мүмкүн (мисалы, инвестициялоо маселелери боюнча консультациялар, инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, инвестициялык колдоого алуу жана башкаруу). |
| Чыгуу стратегиясы | Инвестициялык ишкана ошондой эле чектелбеген мезгил бою кармалып тура берүүсү мүмкүн болгон карыздык инструменттерге, мисалы, мөөнөтсүз карыздык инструменттерге карата чыгуу стратегиясына ээ болушу керек. |
| инвесторлордун каражаттарын бириктирүү | Ишкана бул инвестиция жеке инвесторлор үчүн жеткиликтүү эмес болгон учурда бир инвестицияга инвестициялоо үчүн инвесторлордун каражаттарын бириктирүү үчүн түзүлөт. |
| үй-бүлөлүк траст | Альтернатива катарында, инвестициялык ишкана, инвесторлордун бир кыйла кеңири чөйрөсүнүн (мисалы, пенсиялык фонд, мамлекеттик инвестициялык фонд же үй-бүлөлүк траст) кызыкчылыктарын билдирүүчү же колдоочу жападан-жалгыз инвестор тарабынан түзүлүшү мүмкүн. |
| инвестициялык болуп саналбаган башкы ишкана | Бул талапка карабастан, инвестициялык болуп саналбаган башкы ишкана консолидацияга карата өзгөчө учурду колдонууга тийиш эмес, аны инвестициялык ишкананын ар кандай туунду ишканалары колдонот. |
| камсыздандыруучу инвестициялык фонддор | Атап айтканда, камсыздандыруу тармагынан респонденттер камсыздандыруучу инвестициялык фонддордогу алардын кызыкчылыктарын консолидациядан алып салууну талап кылды. |
| тосмо коюучу ишкана | Башкармалык, эгерде ишкана юридикалык, ченемдик, салыктык же ушундай коммерциялык себептер боюнча инвестициялоо объектине (мисалы, «тосмо коюучу» ишкана же «негизги берүүчүнүн түзүмү») байланыштуу түзүлгөн болсо жана инвестиция объекти инвестицияларды ишкананын атынан кармап турса, ишкана инвестициялык ишкана аныктамасынын ушул компонентине ылайык келе албайт деп белгиледи. |
| «башкы финансы бөлүштүрүүчүнүн » түзүмү | ал жөнүндө фонддордун инвесторлоруна тикелей билдирилген «башкы финансы бөлүштүрүүчү» түзүмүнүн бизнес-максаты капиталдын наркын көбөйтүү жана инвестициялык киреше алуу |

| | |
|---|---|
| | үчүн  гана инвестициялоодо турат жана «башкы фонд» өзүнүн үлүштүк жана финансылык эмес инвестициялары үчүн потенциалдуу чыгуу стратегиясын аныктады жана документке түшүрдү. |
| Талаптагыдай укуктук жол-жобо боюнча маалымдама | аталыш |
| Милдеттүү төлөмдөр | аталыш |
| Милдеттүү төлөм | Милдеттүү төлөм деп мыйзамга (б.а. мыйзамдарга жана бөлөк ченемдик-укуктук актыларга) ылайык мамлекет тарабынан ишканага салынган, экономикалык пайдаларды камтыган ресурстардын чыгарылышы түшүнүлөт. |
| экономикалык зарылчылык | Алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктү улантуунун экономикалык зарылчылыгы мындай алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктүн жүргүзүлүшүнө байланыштуу келип чыккан милдеттүү төлөмдү төлөөгө карата конструктивдүү милдетти түзө алабы? |
| Ишмердүүлүктүн босоголук мааниси | Эгер милдеттендирүүчү окуя болуп ишмердүүлүктүн минималдык босоголук маанисине жетишүү саналса (түшкөн кирешенин же жүргүзүлгөн сатуулардын минималдык көлөмү, же болбосо өндүрүлгөн продукциянын минималдык саны сыяктуу), тиешелүү милдеттенме мындай минималдык босоголук мааниге жетишүүдө таанылат. |
| абага чыгууларга квоталарды соодалоо системалары | Ишкана ушул түшүндүрмөнү абага чыгууларга квотаны соодалоо системасына байланыштуу келип чыккан милдеттенмелерге карата колдонууга милдеттүү эмес. |
| Финансылык эмес активдердин орду толтурулуучу наркы жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү | аталыш |
| Чыгып калуу  чыгымдары алып салынган адилет нарк | Ишкана чыгып калууга же колдонуу баалуулугуна чыгымдарды алып салганда, активдин (акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин) орду толтурулуучу наркын жана активдин (акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин) орду толтурулуучу наркы анын адилет наркы болуп саналаарын же жоктугун ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| ФОЭС Фонду | Бухгалтердик эсептин эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (БЭЭС боюнча Кеңеш) Бухгалтердик эсептин эл аралык стандарттары боюнча комитеттин (БЭЭС боюнча Комитет) Фондунун бир бөлүгү катары 2001-жылы түзүлгөн. БЭЭС боюнча комитеттин Фонду 2010-жылдын июлунда ФОЭС Фонду деп өзгөртүп түзүлгөн. |
| ФОЭСтин Түшүндүрмөлөр боюнча комитети | Түшүндүрмөлөр боюнча комитет 2010-жылдын мартына чейин Эл аралык финансылык отчеттуулуктун түшүндүрмөлөр боюнча комитети (ЭФОТК) деп аталган. |
| ФОЭСтин Консультациялык кеңеши | ФОЭСтин Консультациялык кеңеши 2010-жылдын мартына чейин Стандарттар боюнча консультациялык кеңеш (SAC) деп аталган. |
| Туунду инструменттерди жаңылап туруу жана хеджирлөөнү эсепке алууну улантуу | аталыш |
| Жаңылап туруу | Бул контекстте «жаңылап туруу» термини туунду инструменттин тараптары бир же бир нече клирингдик контрагент тараптардын ар бири үчүн жаңы контрагент болуп калуу үчүн өзүнүн алгачкы контрагентин алмаштырат деп макулдашканын билдирет. |

| | |
|---|---|
| биржадан тышкаркы туунду инструменттердин борбордоштурулган клиринги | Ар кандай юрисдикциялардагы кеңири орун алган мыйзамдык өзгөртүүлөр эл аралык деңгээлде макулдашылган жана кодулабаган ыкма менен биржадан тышкаркы туунду инструменттердин ачыктыгын жана аларга жөнгө салуучу көзөмөлдү жакшыртууга G20нын милдеттенмесинен келип чыккан, ал биржадан тышкаркы туунду инструменттердин борбордоштурулган клирингин камтыйт. |
| клирингдик контрагент | Клирингдик контрагент – бул борбордук контрагент (кээде «клирингдик уюм» же «клирингдик агенттик» деп аталат) же болбосо субъект же субъекттер, мисалы, клирингдик уюмдун клирингдик катышуучусу же борбордук контрагент клирингди жүзөгө ашырышы үчүн контрагент катарында иш алып баруучу клирингдик уюмдун клирингдик мүчөсүнүн кардары. |
| кызматкерлердин же үчүнчү жактардын төгүмдөрү | ФОЭС боюнча кеңештин пикири боюнча, белгиленген төлөмдөрү менен пландын шарттары боюнча талап кылынган кызматкерлердин же үчүнчү тараптардын төгүмдөрү кызматкердин кыска мөөнөттүү сыйакысын эмес, эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакынын бир бөлүгүн түзүүгө тийиш. |
| терс пайда | Тиешелүү түрдө, мындай төгүмдөрдү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын азайышы катары (башкача айтканда, терс пайда катары) кызмат кылуу мезгилине таандык кылуу керек. |
| пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдиги | Ар бир эки жылдык интервал аяктаган күнгө карата (б.а. эки жылдык өзгөрүлмө негизде) ишкана кийинки эки жылга пайыздык тобокелдик боюнча позицияны белгилейт. |
| бекитилген пайыздык ставканы өзгөрүлмө пайыздык ставкага алмаштырууну болжолдогон кросс-валюталык пайыздык своп | Мындай учурда ишкана бекитилген пайыздык ставкасы менен чет өлкөлүк валютадагы карызды өзгөрүлмө пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдигине дуушарланган колдонуудагы валютадагы финансылык инструментке алмаштырууга мүмкүндүк берген бекитилген пайыздык ставканы өзгөрүлмө пайыздык ставкага алмаштырууну болжолдогон 10 жылдык кросс-валюталык пайыздык свопту беките алат. |
| Форварддык элемент жана спот- элемент | Форварддык келишимдин наркын форварддык элементке жана спот-элементке бөлүү жана форварддык элементтин наркынын өзгөрүүлөрүн эмес, форварддык келишимдин спот-элементинин наркынын өзгөрүүлөрүн гана хеджирлөө инструменти катары аныктоо. |
| Жалпы позиция | Хеджирлөө объекти катары ишкананын каалоосу боюнча 6.3.1-пунктка ылайык хеджирлөө объектине карата талаптарга жооп берген позициядан комбинацияны жана туунду инструментти билдирген тобокелдик боюнча жалпы позиция аныкталышы мүмкүн (B6.3.3–B6.3.4-пункттарын караңыз). |
| ички топтук акча беренеси | Ички топтук акча беренеси боюнча валюталык тобокелдик (мисалы, эки туунду ишкананын ортосундагы кредитордук/дебитордук карыз), эгерде ал «Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири» ФОЭС (IAS) 21ге ылайык консолидациялоо учурунда толук өлчөмдө алып салынбай турган валюталык курстардын өзгөрүшүнүн натыйжасында пайдалардын же зыяндардын потенциалдуу келип чыгышына алып келсе, бириктирилген финансылык отчеттуулукта хеджирлөөнүн квалификациялануучу объекти болушу мүмкүн. |
| хеджирлөө коэффициенти | Хеджирлөө инструментинин сандык көлөмүнүн жана хеджирлөө объектинин сандык көлөмүнүн ортосундагы алардын салыштырма салмагынын негизинде аныкталуучу катыш. |

| | |
|---|---|
| хеджирлөөнүн натыйжасыздыгы | Хеджирлөөнүн натыйжасыздыгы – бул хеджирлөө инструментинин адилет наркынын же акча каржаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрү хеджирлөө объектиси боюнча тийиштүү өзгөрүүлөрдөн ашкан же болбосо аз болгон даража. |
| кайра баланстоо | Кайра баланстоо болуп хеджирлөө коэффициентин хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берген деңгээлде кармап туруу максатында ишкананын кароосу боюнча аныкталган буга чейин болгон хеджирлөө мамилелери боюнча хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмдөрүнүн өзгөрүшүн билдирет |
| Компонент-катмар | Конкреттүү хеджирлөө мамилелерине бир нече түрдүү объекттердин тобунан катмарлар киргизилиши мүмкүн. Мисалы активдердин тобу жана милдеттенмелердин тобу боюнча нетто-позицияны хеджирлөөдө хеджирлөө мамилелерине активдердин тобунун компонент-катмары жана милдеттенмелердин тобунун компонент-катмары бириктирилиши мүмкүн. |
| нөлдүк нетто-позиция | Хеджирлөө объекти ал боюнча нетто-позиция нөлгө барабар болгон топ болуп саналганда (башкача айтканда, хеджирлөө объекттерин тобокелдикти толугу менен өз ара компенсациялайт, аларды башкаруу топтук негизде жүзөгө ашырылат), ишканага аны хеджирлөө инструментин камтыбаган хеджирлөө мамилелерине киргизүүгө уруксат берилет. |
| купонсуз реалдуу пайыздык ставкалар | инфляция тобокелдиги менен байланышкан компонент купонсуз облигацияларга негизделген реалдуу пайыздык ставкалардын убактылуу түзүмүн колдонуу менен хеджирленген карыздык инструмент боюнча акча каражаттарынын агымдарын дисконттоо аркылуу аныкталышы мүмкүн (б.а. тобокелдиксиз (номиналдык) пайыздык ставкага байланышкан компонентти кантип аныктоого болгондой). |
| макро хеджирлөө | Теманын мүнөзүн жана татаалдыгын эске алып, ФОЭС боюнча кеңеш талкуулоо үчүн документти чыгаруу максатында макрохеджирлөөнү эсепке алууну өзүнчө талкуулоону чечти. |
| прокси-хеджирлөө | Бирок мындайча айтканда «прокси-хеджирлөө» (мында, мисалы, хеджирлөөнү эсепке алуу максаттары үчүн аныктоо дүң позициянын негизинде жүргүзүлөт, бирок тобокелдиктерди иш жүзүндө башкаруу демейде таза позициянын негизинде жүргүзүлөт) мурдагыдай эле хеджирленүүчү объектини аныктоонун алгылыктуу ыкмасы болуп саналат, мында аныктоо тобокелдиктерди башкарууну ал башкарылуучу тобокелдиктин ошол эле тибине жана бул максат үчүн колдонулуучу финансылык инструменттерге кирген мааниде чагылдырат. |
| Тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүк | Ишкананынын тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүгүнүн түрлөрү. |
| Тарифтик жөнгө салуу | Сатып алуучулар үчүн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр жагынан баа түзүү режими, жана мында ушундай режим тарифтерди жөнгө салуучу орган көзөмөлдөшүнүн жана/же бекитишинин маңызы болуп саналат. |
| Тарифтерди жөнгө салуучу орган | Ченемдик укуктук актыга ылайык ыйгарым укуктуу орган ишканалар аткарууга милдеттүү болуп саналган тарифти же диапазонду белгилөө укугуна ээ. Тарифтерди жөнгө салуучу орган үчүнчү тарапты же болбосо ишканага карата байланыштуу тарапты, анын ичинде ишкананын өзүнүн жетектөөчү органын, эгерде мыйзамдарга же болбосо ченемдик укуктук актыга ылайык бул орган сатып алуучулардын кызыкчылыгында, ошондой эле ишкананын жалпы финансылык күч-кубатын |

| | |
|---|---|
| | камсыз кылуу максатында тарифтерди белгилөөгө милдеттүү болсо, билдириши мүмкүн. |
| Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдык | Башка стандарттарга ылайык актив же милдеттенме катары таанылбай турган чыгашанын (же кирешенин) ар кандай эсеби боюнча сальдону чагылдырган, бирок сатып алуучулардан алынышы мүмкүн болгон тарифтерди жөнгө салуучу орган тарабынан белгиленүүчү тарифтин (же тарифтердин) эсебине ал киргизилген же, күтүлүп жаткандай, киргизиле турган болгондуктан таанууну кийинкиге калтыруу критерийлерин канааттандырган сумма. |
| Жөнгө салуучу активдер | Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча алынган калдыктар ар түрдүү ыкмалар менен көрсөтүлгөн. Аларды көп учурда «жөнгө салуучу активдер» жана «жөнгө салуучу милдеттенмелер» деп аташат, бирок кээде алар финансылык отчеттуулуктун негизги каражаттар сыяктуу башка беренелерине киргизилет. |
| Жөнгө салуучу милдеттенмелер | жогортон караңыз |
| таза кыймыл | Ишкана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттун «Башка жыйынды киреше» бөлүмүндө отчеттук мезгил үчүн кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык калдыктардын таза кыймылын көрсөтүүгө тийиш, алар башка жыйынды кирешенин курамында таанылган беренелерге кирет. |
| Тарифтерди белгилөө процесси | Ишкана тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктүн ар бир түрү боюнча тарифтер менен жөнгө салынуучу ишмердүүлүктүн мүнөзүнүн жана масштабдарынын кыскача сыпаттамасын, ошондой эле тарифтерди белгилөө процессинин мүнөзүн ачып көрсөтүүгө тийиш. |
| баа түзүү алкактары | Ишкана өз алдынча жөнгө салынуучу болуп саналган ишмердүүлүккө, башкача айтканда, баа түзүүнүн алкагында жөнгө салынбай турган, тарифтерди жөнгө салуучу тарабынан контролдонуучу жана/же бекитилүүчү ишмердүүлүккө карата ушул стандартты колдонууга тийиш эмес. |
| тарифтик жөнгө салуу схемалары | Тарифтик жөнгө салуунун айрым схемаларында тарифтерди жөнгө салуучу орган пайда салыгы боюнча ишкананын чыгашасынын бир бөлүгүнүн же бардыгынын ордун толтуруу максатында келечектеги тарифтерди көбөйтүүгө ишканага уруксат берет же талап кылат. |
| Алып салуу | Бул жөнгө салынуучу тарифтери бар ишканаларга жергиликтүү БЭЖПтарды (GAAP) (же, айрым учурларда, АКШнын БЭЖП (GAAP)) пайдаланууну улантууга мүмкүндүк берүү үчүн ФОЭСти башкача түрдө кабыл алган бери болгондо бир юрисдикциядагы ФОЭСти колдонууну тармактык «алып салууга» алып келди. |
| Ажыратуу | Мындан тышкары, «ажыратууларды» түзүүнүн мисалдары бар, алар тарифтер менен жөнгө салынуучу аракеттер үчүн конкреттүү сунуштамаларды киргизет, алар ФОЭС боюнча кеңеш чыгарган ФОЭСке талаптарды жаап турат. |
| Биргелешкен операцияларга катышуу үлүштөрүн сатып алууну эсепке алуу | аталыш |
| Эскирүүнүн жана амортизациянын алгылыктуу методдорун чечмелөө | аталыш |

| | |
|---|---|
| Келишим боюнча актив | Ишкана сатып алуучуга берген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ордун толтурууга ишкананын укугу, мында бул укук айрым мезгил өтүшүнөн айырмаланган кандайдыр-бир нерсеге (мисалы, ишкана келечекте белгилүү бир милдеттенмелерди аткарышына) байланыштуу. |
| Келишим боюнча милдеттенме | Алар үчүн ишкана сатып алуучудан ордун толтурууну (же төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу суммасын) алган сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүгө ишкананын милдети. |
| Сатып алуучу, кардар | Ордун толтуруунун ордуна ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алууга аны менен келишим түзгөн тарап. |
| Аткарыла турган милдет | Сатып алуучу менен келишимде сатып алуучуга төмөнкүлөрдү өткөрүп берүүгө убада: (а) айырмалануучу болуп саналган товарды же кызмат көрсөтүүнү (же товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин); же болбосо (b) иш жүзүндө бирдей болуп саналган жана сатып алуучуга бирдей схема боюнча өткөрүп берилүүчү бир катар айырмаланган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү. |
| бөлөк сатуунун баасы (товарды же кызмат көрсөтүүнү) | Ишкана сатып алуучуга убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү өзүнчө сата турган баа. |
| Операциянын баасы (сатып алуучу менен келишим үчүн) | Үчүнчү тараптардын атынан алынган суммаларды кошпогондо, сатып алуучуга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнүн ордуна ишкана ага укук алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун суммасы. |
| Убакыттын өтүшү менен, мезгил аралыгында | Ишкана мезгил аралыгында товарга же кызмат көрсөтүүгө контролдук кылууну өткөрүп берет жана, тиешелүү түрдө, аткарыла турган милдетти аткарат жана түшкөн кирешени мезгил аралыгында таанайт. |
| Убакыт учуру | Сатып алуучу убада кылынган активге контролдукту алган, ал эми ишкана аткарыла турган милдетти аткарган убакыт учурун аныктоо үчүн ишкана 31 – 34-пункттардагы контролдоого карата талаптарды эске алууга тийиш. |
| Төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашуулар | Төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашуу – бул ага ылайык ишкана сатып алуучуга продукция үчүн төлөмдү талап кылган, бирок продукция келечекте белгилүү бир убакыт учурунда сатып алуучуга берилгенге чейин аны иш жүзүндө кармап турган келишим. |
| Аткаруу даражасын баалоо | Аткаруу даражасын баалоонун максаты сатып алуучуга убада кылынган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө контролдук кылууну өткөрүп берүү боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун (башкача айтканда, ишкананын аткарыла турган милдеттерин аткаруусун) чагылдыруу болуп саналат. |
| каржылоонун маанилүү компоненти | Каржылоонун маанилүү компоненти каржылоону убада кылуу келишимде ачык формада көрсөтүлгөнүнө же жоктугуна же келишимдин тараптары макулдашкан акы төлөө шарттарында эске алынганына же жоктугуна карабастан болушу мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| бөлөк сатуунун баасы | Бөлөк сатуунун баасы – бул ишкана сатып алуучуга ал боюнча убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү өз-өзүнчө саткан баа. |
| Түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты тактоо | Ишкана сатып алуучулар менен келишимдер боюнча таанылган түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты экономикалык факторлор түшкөн кирешелердин жана акча каражаттарынын агымдарынын пайда болушунун мүнөзүнө, көлөмүнө, мөөнөттөрүнө жана айкын эместигине кандай түрдө таасир этээрин чагылдырган категориялар боюнча тактоого тийиш. |
| Натыйжалардын методдору | Натыйжалардын методдору келишим боюнча убада кылынган калган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө карата учурдагы күнгө чейин өткөрүп берилген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуучу үчүн наркын түздөн-түз баалоонун негизинде түшкөн кирешелерди таанууну карайт. |
| Ресурстардын  методдору | Ресурстардын методдору ишкана аткарыла турган милдетти аткаруу үчүн көрүп жаткан же аткарыла турган ушундай милдетти аткаруу үчүн керектелүүчү күтүлгөн жыйынды ресурстар жагынан ушул ресурстар үчүн керектелген (мисалы, керектелген ресурстар, коротулган жумуш убактысы, тарткан чыгымдар, өткөн убакыт же колдонулган машина убактысы) күч-аракеттердин негизинде түшкөн кирешелерди таанууну карайт. |
| талап кылынбаган бөлүктүн көлөмү | Эгерде ишкана келишим боюнча милдеттенменин курамына киргизилген талап кылынбаган бөлүктүн көлөмүнө укукту алууну күтүп жатса, анда ишкана талап кылынбаган бөлүктүн күтүлүп жаткан көлөмүн сатып алуучу укуктарды кандай түрдө ишке ашырышына пропорционалдуу түшкөн кирешелер катары таанууга тийиш. |
| алгачкы төлөм | алгачкы төлөм келечекте өткөрүп берилүүгө тийиш болгон товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн аванстык төлөм болуп саналат жана тиешелүү түрдө тиешелүү товарлар же кызмат көрсөтүүлөр өткөрүп берилген учурда түшкөн кирешелер катарында таанылууга тийиш. |
| чогултуунун босогосу | Өндүрүп алуу босогосу ушул баа менен байланышкан, анткени сатып алуучу убада кылынган ордун толтурууну төлөөгө мүмкүнчүлүгү жана ниети болгон даражаны аныктоо операциянын аныктыгын баалоонун өзөктүү бөлүгү болуп саналат. |
| Топтоочу база | Айрым респонденттер ишканага айырмалануучу товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн сериясынан турган аткарыла турган жападан жалгыз милдет бар келишимде өзгөрүүлөрдү эске алуу үчүн топтоочу негизди пайдалануу талап кылынат деп тынчсызданат. |
| альтернативдүү пайдалануу | Директорлор кеңеши ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу убакыттын өтүшү менен товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө контролдук кылууну сатып алуучуга өткөрүп берүүгө алып келбей турган жагдайларды жокко чыгаруу үчүн альтернативдүү пайдалануу түшүнүгүн иштеп чыккан. |
| Окуу ийри сызыгы | «Окуу ийри сызыгы» - бул натыйжалуулуктун натыйжасы, ал убакыттын өтүшү менен, милдеттерди аткарууга (же бирдикти өндүрүүгө) ишкананын чыгымдары ишкана бул милдетти канча жолу аткарганына (же бул бирдикти өндүргөнүнө) салыштырганда төмөндөгөндө ишке ашырылат. |
| Сервистик типтеги кепилдиктер | Аткарыла турган милдеттери болуп саналган кепилдиктер. |

| | |
|---|---|
| Ишендирүү тибиндеги кепилдиктер | Аткарыла турган милдеттери болуп саналбаган кепилдиктер. |
| калдык ыкмасы | Ишкана келишим боюнча убада кылынган башка товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун байкоо жүргүзүлүүчү бааларынын суммаларын алып салуу менен операциянын жалпы баасынын негизинде бөлөк сатуунун баасын баалай алат. |
| Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше | аталыш |
| Айыл чарбасы: мөмө-жемиш өсүмдүктөрү | аталыш |
| Өзүнчө финансылык отчеттуулуктагы үлүштүк катышуу методу | аталыш |
| Финансылык инструменттер | аталыш |
| сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив | Сатып алынган же түзүлгөн, баштапкы таануу учурунда кредиттик-наркы түшкөн болуп саналган финансылык активдер. |
| Активди эсептен чыгаруу | Эгерде ишканада финансылык активди толугу менен же анын бир бөлүгүнүн ордун толтуруу жагынан акылга сыярлык ниеттер жок болсо, ишкана финансылык активдин дүң баланстык наркын тикелей азайтууга тийиш. Активди эсептен чыгаруу таанууну токтотуу окуясын билдирет. |
| Күтүлгөн кредиттик чыгымдар | Күтүлгөн кредиттик чыгымдар баалоонун ыктымалдуулугун эске алуу менен финансылык инструмент колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн ичинде кредиттик чыгымдарды (башкача айтканда, жетпей жаткан бардык акча каражаттарынын келтирилген наркын) билдирет. |
| акча каражаттарынын дефицити | Акча каражаттарынын дефицити – бул келишимге ылайык ишканага тиешелүү болгон акча каражаттарынын агымдарынын жана ишкана алууну күтүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы айырма. |
| күтүлгөн кредиттик чыгымдарга каралган резерв | Ишкана 4.1.2 же 4.1.2А-пункттарына ылайык бааланууучу, колдонулуп жаткан талаптын наркынын түшүшү болуп өткөн финансылык актив, ижара боюнча дебитордук карыз, келишим боюнча актив же кредит берүү боюнча милдеттенме же финансылык кепилдик келишими боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдарга каралган баалоо резервин таанууга тийиш. |
| Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар | Финансылык инструмент колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн ичинде дефолттун мүмкүн болгон бардык учурларынын натыйжасында күтүлгөн кредиттик чыгымдар. |
| 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдар | Отчеттук күндөн кийин 12 айдын ичинде ыктымалдуу болгон финансылык инструмент боюнча дефолттордун натыйжасында келип чыккан күтүлгөн кредиттик чыгымдарды билдирген бүткүл мөөнөт үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдардын бир бөлүгү. |
| Кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив | Финансылык актив боюнча келечектеги эсептик акча каражаттарынын агымына терс таасир эткен бир же бир нече окуялар болуп өткөндө, бул финансылык актив кредиттик-наркы түшкөн деп эсептелет. |
| Кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставка | Финансылык активдин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн ичинде келечектеги эсептик акча төлөмдөрүн же келип түшкөн каражаттарды кредиттик жактан баасы түшкөн финансылык |

| | |
|---|---|
| | актив тарабынан сатып алынган же түзүлгөн болуп саналган финансылык активдин амортизацияланган наркына чейин так дисконтирлеген ставка. Кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставканы эсептөө учурунда ишкана финансылык инструменттин (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опциондун, узартууга опциондун, колл-опциондун жана ушундай опциондордун) жана күтүлгөн кредиттик чыгымдардын бардык келишимдик шарттарын эске алуу менен күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын баалоого тийиш. |
| нарктын түшүшүнөн пайда же зыян | 5.5.8-пунктка ылайык мезгил ичинде пайданын же зыяндын курамында таанылган, ошондой эле нарктын түшүшү боюнча 5.5-бөлүмдүн талаптарын колдонуунун натыйжасында келип чыгуучу пайдалар же зыяндар. |
| модификациялоодон пайда же зыян | Тараптардын макулдугу боюнча кайра каралган же модификацияланган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын чагылдыруу максатында финансылык активдин дүң балканстык наркын оңдоп-түзөө учурунда келип чыгуучу сумма. |
| «Стресстик» сценарий | Мисалы, эгерде ишкана финансылык активдердин айрым портфелин стресстик сценарий учурунда гана сатам деп күтсө, эгерде ишкана мындай сценарий болуп өтпөйт деп негиздүү күтсө, бул сценарий мындай активдер үчүн ишкананын бизнес-моделин баалоого таасир этпейт. |
| Минималдуу таасир;<br>(таасири өтө аз) | Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсү финансылык активдин классификациясына, эгерде анын финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына таасири өтө аз болуп саналса, таасир этпейт. |
| Кредиттик тобокелдик рейтингинин деңгээлдери | Финансылык инструмент боюнча дефолттун келип чыгуу тобокелдигине негизделген кредиттик тобокелдиктин рейтинги. |
| күрөө инструменти | Финансылык инструменттин учурунда кызыкдар тараптар келишимдик мүнөздөмөлөрү бар инструменттер жагынан тынчсызданууну билдирген, алар айрым окуя болгон учурда (мисалы, эгерде эмитентте жөнгө салуучу капитал жетишсиз болсо же ал иштөөгө кудуретсиз стадияда турса) негизги сумманын же пайыздардын төлөнбөгөн суммаларынын бир бөлүгүн же бардыгын эсептен чыгарууну талап кылууда (же уруксат берүүдө). |
| негизги сумманы жана пайызды бифуркациялоо ыкмасы | Негизги сумманы жана пайыздарды бөлүү ыкмасына ылайык, эгерде финансылык активде акча каражаттарынын агымдары бар болсо, алар негизги сумманын жана пайыздардын эсебине гана төлөмдөр болуп саналбаса, бул актив аны негизги (негизги сумманын жана пайыздардын эсебине гана төлөмдөр болуп саналган акча каражаттарынын агымдары бар) жана камтылган калдык белгисине ажыратуу керектигин же жоктугун аныктоо үчүн бааланат. |
| Күтүлгөн | «Күтүлгөн кредиттик чыгымдар», «күтүлгөн нарк» жана «күтүлгөн акча каражаттарынын агымы» деген терминдерде колдонулуучу «күтүлгөн» деген термин техникалык термин болуп саналат, ал ыктымалдуулугу боюнча бөлүштүрүүнүн орточо алынган орточо маанисине кирет жана аны алда канча ыктымалдуу натыйжа же түпкү натыйжага ишкананын эң мыкты баалоосу менен чаташтырууга болбойт. |
| «толук цикл аралыгындагы» ыкмалар | Бүткүл циклдин аралыгындагы ыкмалар иш жүзүндө отчеттук күнгө карата күтүлүп жаткандардын ордуна мүмкүн болгон бир катар экономикалык натыйжаларды карайт. |

| | |
|---|---|
| Инвестор менен анын ассоциацияланган же биргелешкен ишканасынын ортосунда активдерди сатуу же төгүү | аталыш |
| Инвестициялык ишканалар: консолидациялоо талабынан өзгөчө учурду колдонуу | ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IFRS) 28ге түзөтүүлөр |
| Маалыматты ачып көрсөтүү чөйрөсүндөгү демилге | ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр |
| ФОЭС (IFRS) 15тин күчүнө кирүү күнү | аталыш |
| ФОЭС (IFRS) 10го жана ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөрдүн күчүнө кирүү күнү | аталыш |
| Ижара | аталыш |
| Ижара боюнча жеңилдиктер | Ижарага байланыштуу, ижарага берүүчү тарабынан ижарачынын пайдасына жүзөгө ашырылган төлөмдөр, же болбосо ижарага берүүчү ижарачынын чыгымдарынын ордун толтурушу. |
| Ижара келишимин модификациялоо | Ижаранын баштапкы шарттарында каралбаган, ижара келишимининин колдонуу чөйрөсүн өзгөртүү же ижаранын ордун толтуруу (мисалы, бир же бир нече базалык активдерди пайдалануу укугун кошуу же токтотуу, же келишимде каралган ижара мөөнөтүн узартуу же кыскартуу). |
| милдеттүү эмес ижара төлөмдөрү | Ижараны узартууга же токтотууга опцион күчүндө болгон жана ижара мөөнөтүнө киргизилбеген мезгилдердин ичинде базалык активди пайдалануу укугу үчүн ижарага берүүчү тарабынан ижарачынын пайдасына жүргүзүлүшү керек болгон төлөмдөр. |
| жоюу наркынын кепилдиги | Ижарага берүүчү менен байланыштуу эмес тарап менен ижарага берүүчүгө берилген ижаранын аягында базалык активдин наркы (же наркынын бир бөлүгү) белгиленген суммадан кем болбойт деген кепилдик. |
| пайдалануу укугу формасындагы актив | Ижара мөөнөтүнүн ичинде ижарачынын базалык активди пайдалануу укугун билдирген актив. |
| кыска мөөнөттүү ижара | Ижара башталган күнгө карата каралган ижара мөөнөтү 12ден ашык эмес айды түзгөн ижара келишими. Сатып алууга опционду камтыган ижара келишими кыска мөөнөттүү ижара болуп саналбайт. |
| жармакташ ижара | Анын алкагында базалык актив ижарага берүүчү («ортодогу ижарага берүүчү») тарабынан үчүнчү жакка берилген операция, мында башкы ижарага берүүчүнүн жана ижарачынын ортосундагы ижара келишими күчүндө калат. |
| өзгөрүлмө ижара төлөмдөрү | Убакыттын өтүшүнөн тышкары, ижара башталган күндөн кийин пайда болгон фактылардын жана жагдайлардын өзгөрүшүнөн улам өзгөрүп туруучу ижара мөөнөтүнүн ичинде базалык активди пайдалануу укугу үчүн ижарага берүүчү тарабынан ижарачынын пайдасына жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн бир бөлүгү. |
| ижара милдеттенмелери | Ижарачы активдерди башка финансылык эмес активдерге (негизги каражаттар сыяктуу) окшош пайдалануу укугу формасында жана башка финансылык милдеттенмелерге окшош ижара боюнча милдеттенме катары баалайт. |

| | |
|---|---|
| ижарачынын эсепке алуусу | Базалык актив төмөн наркка ээ болгон учурларды кошпогондо, ФОЭС (IFRS) 16 ижарачы үчүн эсепке алуунун бирдиктүү моделин киргизет жана ижарачыдан ижаранын бардык келишимдери боюнча активдерди жана милдеттенмелерди 12 айдан ашык мөөнөткө таанууну талап кылат. |
| ижарага берүүчүнүн эсепке алуусу | ФОЭС (IFRS) 16 ижарага берүүчүнүн эсепке алуусуна карата талаптарды кыйла даражада ФОЭС (IAS) 17ге алып өтөт. Тиешелүү түрдө, ижарага берүүчү өзүнүн ижарасын операциялык же финансылык катары классификациялоону жана ижаранын ушул эки тибин ар башка эсепке алууну улантат. |
| Мөөнөтүнөн мурда токтотулууга жатпаган ижара мезгили | Ишкана ижаранын мөөнөтүн төмөнкүдөй эки мезгил менен бирге мөөнөтүнөн мурда токтотулууга жатпаган ижара мезгили катары аныктоого тийиш: (а) ижарачы ошол опционду аткарат деген жетиштүү ишенич бар болсо, ижараны узартууга опцион каралган мезгилдер; жана (b) ижарачы ошол опционду аткарбайт деген жетиштүү ишенич бар болсо, ижараны токтотууга опцион каралган мезгилдер. |
| сатуучу ижарачы | Сатуучу ижарачы кайра артка ижаралоо менен шартталган пайдалануу укугу формасындагы активди сатуучу ижарачы тарабынан сакталган пайдалануу укугуна байланыштуу активдин буга чейинки баланстык наркынын бөлүгү катары баалоого тийиш. |
| сатып алуучу ижарага берүүчү | Сатып алуучу ижарага берүүчү активди сатып алууну тийиштүү стандарттарды колдонуу менен, ал эми ижараны ушул стандартта ижарага берүүчү тарабынан эсепке алууга карата талаптарды колдонуу менен эсепке алышы керек. |
| Рыноктук деңгээлге салыштырмалуу толук алынбай калган суммалар | Рыноктук деңгээлге салыштырмалуу толук алынбай калган суммалар ижара төлөмдөрүнүн алдын ала төлөмдөрү катары эсепке алынышы керек |
| Рыноктук деңгээлден ашык алынган суммалар | Рыноктук деңгээлден ашык алынган суммалар сатып алуучу ижарага берүүчү тарабынан сатуучу ижарачыга берилген кошумча каржылоо катары эсепке алынышы керек. |
| иш жүзүндө бекитилген ижара төлөмдөрү | Иш жүзүндө бекитилген ижара төлөмдөрү – булар формасы боюнча өзгөрүп турууну камтышы мүмкүн болгон, бирок иш жүзүндө сөзсүз боло турган төлөмдөр. |
| Пайдалануу ыкмасын аныктоо укугу | Эгерде сатып алуучу келишимде аныкталган өзүнүн пайдалануу укугунун алкагында пайдалануу мөөнөтүнүн ичинде актив кантип жана кандай максат үчүн пайдаланылаарын өзгөртө алса, ал актив кантип жана кандай максат үчүн пайдаланылаарын аныктоо укугуна ээ. |
| ижара болуп саналбаган компоненттер | Ижаранын компонентин же ижара болуп саналган же саналбаган бир же бир нече кошумча компоненттерди камтыган келишимге карата ижарачы келишимде каралган ижаранын ар бир компонентинин ордун толтурууну ижаранын компоненти боюнча өзүнчө бүтүмдүн салыштырмалуу баасынын жана ижара болуп саналбаган компоненттер боюнча өзүнчө бүтүмдүн жыйынды баасынын негизинде бөлүштүрүшү керек. |
| наркы төмөн активдердин ижарасы | ФОЭС (IFRS) 16 ижарачыга ижаранын негизинде ар бир ижарага базалык активинин наркы төмөн болгон ижара келишимдерине карата ФОЭС (IFRS) 16нын таануу талаптарын колдонбоону тандоого уруксат берет. |
| рыноктук ижара ставкалары | Негизи ФОЭС боюнча кеңеш эгерде ижарачы ижара төлөмдөрүн аныктоо үчүн (анын ичинде, мисалы, рыноктук ижара ставкасын кайра карап чыккандан кийин рыноктук ижара ставкаларынын өзгөртүүлөрүн чагылдыруу үчүн) колдонулуучу индекстин же ставканын өзгөрүүсүн чагылдыруу үчүн өз милдеттенмелеринин баасын жаңыртса, финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар |

| | |
|---|---|
| | ижара боюнча ижарачынын жагдайлары жөнүндө алда канча жөндүү маалыматты алат деген пикирде турат. |
| Портфелдик ыкма | Ижарачы кыйла окшош мүнөздөмөлөрү бар ижара келишимдеринин портфелине карата дисконтирлөөнүн бирдиктүү ставкасын колдоно алат. |
| Ишке ашырылбаган зыяндарга карата кийинкиге калтырылган салык активдерин таануу (ФОЭС (IAS) 12ге түзөтүүлөр) | аталыш |
| Маалыматты ачып көрсөтүү чөйрөсүндөгү демилге (ФОЭС (IAS) 7ге түзөтүүлөр) | аталыш |
| «Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше» ФОЭС (IFRS) 15ке чечмелөөлөр | аталыш |
| Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларды классификациялоо жана баалоо (ФОЭС (IFRS) 2ге түзөтүүлөр) | аталыш |
| *Финансылык инструменттер* ФОЭС (IFRS) 9ду *Камсыздандыруу келишими* ФОЭС (IFRS) 4 менен колдонуу (ФОЭС (IFRS) 4кө түзөтүүлөр) | аталыш |
| Инвестициялык кыймылсыз мүлктү өткөрүп берүү (ФОЭС (IAS) 40ка түзөтүүлөр) | аталыш |
| ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2014–2016-жылдар аралыгы | аталыш |
| «Чет өлкөлүк валютадагы операциялар жана алдын ала төлөө» ЭФОТК 22 түшүндүрмөсү | аталыш |
| Камсыздандыруу келишимдери | аталыш |
| Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа | Камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча активдин же милдеттенменин баланстык наркынын компоненти, ал иштеп табылбаган пайданы билдирет, аны ишкана тааныйт, анткени ал топто камсыздандыруу келишимдери боюнча кызматтарды көрсөтөт. |
| Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили | Анын аралыгында ишкана камсыздандыруу учурларын төлөөнү камсыз кылган мезгил. |
| Тажрыйбанын негизинде ондоп-түзөө | Мезгил ичинде алынган, келечектеги кызмат көрсөтүүлөргө кирген камсыздандыруу премияларына байланыштуу келип чыккан ондоп-түзөөлөр жана сатып алууну камсыздандыруу боюнча аквизициялык акча каражаттарынын агымдары жана дисконттоо ставкалары боюнча бааланууч премиялардын негизиндеги салыктар сыяктуу тиешелүү акча каражаттарынын агымдары. |

| | |
|---|---|
| Келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары | Акча каражаттарынын келечектеги чыгууларынын келтирилген наркынын ачык, калыс жана ыктымалдыкты эсепке алуу менен бааланган эсептик баалоосу (башкача айтканда, күтүлгөн наркы) минус финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү эсепке алуу менен, камсыздандыруу келишимдеринин ишкана тарабынан аткарылышына жараша пайда боло турган акча каражаттарынын келечектеги кирүүлөрүнүн келтирилген наркы. |
| Аквизициялык акча каражаттарынын агымдары | Сатуу чыгымдары, андеррайтинг жана ушул топ таандык болгон камсыздандыруу келишимдеринин порфели менен түздөн-түз байланышкан камсыздандыруу келишимдеринин тобун түзүү менен шартталган акча каражаттарынын агымдары. Мындай акча каражаттарынын агымдары айрым келишимдерге же портфелдин алкагында камсыздандыруу келишимдеринин тобуна тикелей киргизүүгө болбогон акча каражаттарынын агымдарын камтыйт. |
| Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишими | Камсыздандыруу келишими, аны түзүүдө: (a) келишимдин шарттарында камсыздандырылуучу базалык беренелердин так аныкталган пулунун үлүшүнө катышат деп көрсөтүлгөн; (b) ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга базалык беренелердин адилет наркынан кирешелердин кыйла үлүшүнө барабар болгон сумманы төлөөнү күтөт; жана (c) ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөнүүгө тийиш болгон суммалардын ар кандай өзгөрүүлөрүнүн бир бөлүгү базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүшү менен өзгөрөт деп күтөт. |
| Инвестициялык компонент | Камсыздандыруу учуру келбесе да, камсыздандыруу келишимине ылайык ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берүүгө тийиш болгон сумма. |
| Пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенме | Ишкананын, болуп өткөн, бирок алар боюнча камсыздандыруу дооматтары билдириле элек учурларды кошуп, болуп өткөн камсыздандыруу учурларына карата негизделген камсыздандыруу боюнча дооматтарды жана камсыздандыруу боюнча тартылган башка чыгашалардын иликтөөсүн жүргүзүү жана төлөп берүү милдети. |
| Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенме | Али болуп өтпөгөн камсыздандыруу учурларына карата бар болгон камсыздандыруу келишимдеринин алкагында ишкананын негизделген камсыздандыруу чыгымдарынын иликтөөсүн жүргүзүү жана төлөп берүү милдети (башкача айтканда, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин калган бөлүгүнө карата таандык болгон милдет). |
| Финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү | Ишкана камсыздандыруу келишимдерин аткарышына жараша финансылык эмес тобокелдик менен шартталган акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгуу суммасы жана мөөнөттөрү жагынан айкын эместикке жол бербөө үчүн ишкана тарабынан талап кылынган компенсация. |
| Камсыздандыруу кызмат көрсөтүүсүнүн натыйжасы | Камсыздандыруу түшкөн кирешелерин камтыган камсыздандыруу кызмат көрсөтүүсүнүн натыйжасы жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгашалар; жана финансылык кирешелер же камсыздандыруу боюнча чыгашалар |
| «эскинин ордуна жаңыны» төлөө | «Эскинин ордуна жаңы» камсыздандыруусу камсыздандыруу полисин кармоочуга пайдаланылган жана бузулган активди жаңысына алмаштырууга мүмкүндүк бере турган сумманы төлөйт. |
| Зыяндарды жөнгө салуу боюнча комиссия | Учурдагы камсыздандыруу келишимдери боюнча дооматтарды иликтөө, иштеп чыгуу жана жөнгө салуу учурунда ишкана тарта турган чыгымдар, анын ичинде юристтердин жана зыяндарды |

| | |
|---|---|
| | жөнгө салуу боюнча адистердин гонорарлары, ошондой эле дооматтарды иликтөөгө жана дооматтар боюнча төлөмдөрдү иштетүүгө ички чыгымдар. |
| Продукциянын сапаты үчүн жоопкерчиликти коргоо | Мисалы, эгерде ишкана продукция үчүн фармацевтикалык компанияларга жоопкерчиликти коргоону камсыз кылса, ошондой эле бул компанияларга инвестицияларга ээ болсо, финансылык тобокелдиктин топтолушу ошондой эле финансылык эмес тобокелдиктин топтолушунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн. |
| Бекитилген төлөмдөрү менен тейлөө келишимдери | Бекитилген төлөмдөрү менен тейлөө келишими – бул тейлөө деңгээли айкын эмес окуяларга байланыштуу болгон келишим. Мисалдар жолдордо жардам берүү программаларын жана техникалык тейлөөгө келишимдерди камтыйт, аларда кызматтарды  көрсөтүүчү бузук келип чыккандан кийин көрсөтүлгөн жабдууну ондоого макул болот. |
| Айкын баалоолор | Айкын баалоолор ошондой эле ишкана жагдайлардагы айрым өзгөртүүлөрдү байкабай калышынын ыктымалдуулугун азайтат. |
| Чагылдырма ыкмасы | Теңдеш чагылдырма ыкмасынын маңызы ишкана камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөнүүгө тийиш болгон милдеттенмелерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын ал ээлик кылган активдердин же башка базалык беренелердин жардамы менен жөнгө салууну күтүп жаткан даражада ишкана милдеттенмелерди аткаруу боюнча бул акча каражаттарынын агымдарын ал базалык беренелерди баалаган сыяктуу эле бааларында турат. |
| Премияны бөлүштүрүү ыкмасы | Премияны бөлүштүрүү методунун учурунда милдеттенменин алгачкы баасы алынган премияга барабар жана, эгерде камсыздандыруу келишимдеринин тобу оордотулган болуп саналбаса, ишкана камсыздандыруу келишимин баалоону, башкача айтканда, келечектеги акча каражаттарынын агымдарын, акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана тобокелдиктин натыйжаларын баалоо үчүн ФОЭС (IFRS) 17де колдонулуучу айкын компоненттерди аныктабайт. |
| Суммардык маржа ыкмасы | Суммардык маржа ыкмасы инвестициялык компоненттердин жана берилген кызмат көрсөтүүлөр үчүн үстөк акылардын ортосундагы айырманы жүргүзмөк эмес. |
| Камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше | Ишкана камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше͏ден ар кандай инвестициялык компоненттерди алып салат; жана ар бир мезгилдеги камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешелерди камсыздандыруу келишимдери боюнча милдеттенмелерди аткарууга жараша тааныйт. |
| Камсыздандыруу келишими боюнча милдеттенме | |
| Кайра камсыздандыруу келишими боюнча актив | |
| Натыйжалуу кирешелүүлүк ыкмасы | Ишкана калган кайра каралган күтүлгөн финансылык кирешелерди же туруктуу ставкасы бар келишимдердин тобунун колдонулушунун калган мөөнөтүнө чыгашаларды бөлүштүрүүчү ставканы («натыйжалуу кирешелүүлүк ыкмасы») колдонот. Натыйжалуу кирешелүүлүк ыкмасы – бул, «Финансылык инструменттер» ФОЭС (IFRS)  9да аныкталгандай, натыйжалуу пайыздык ставка методунун эле өзү эмес. |
| болжолдонгон кредиттик ставкасы бар ыкма | Ишкана мезгил ичинде кредиттелүүчү жана келечектеги мезгилдерде кредиттөө күтүлгөн суммалардын негизинде |

| | |
|---|---|
| | бөлүштүрүүнү («болжолдонгон кредиттик ставкасы бар ыкманы») колдонот. |
| Пайда салыгын эсептөө эрежелерине карата айкын эместик» ЭФОТК 23 түшүндүрмөсү | аталыш |
| базалык актив | Ижарага берүүчү тарабынан ижарачыга пайдалануу укугу берилген, ижаранын объекти болуп саналган актив. |
| Терс компенсациясы бар алдын ала төлөөнүн өзгөчөлүктөрү (ФОЭС (IFRS) 9га түзөтүүлөр) | аталыш |
| Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга жумшалган узак мөөнөттүү салымдар (ФОЭС (IFRS) 28ге түзөтүүлөр) | аталыш |
| Программага өзгөртүүлөрдү киргизүү, программаны кыскартуу же программа боюнча милдеттенмелерди төлөө (ФОЭС (IAS) 19га түзөтүүлөр) | аталыш |
| Бизнестин аныктамасы (ФОЭС (IFRS) 3кө түзөтүүлөр) | аталыш |
| Маанилүүлүктүн аныктамасы (ФОЭС (IAS) 1ге жана ФОЭС (IAS) 8ге түзөтүүлөр) | аталыш |
| Базалык пайыздык ставканын реформасы (ФОЭС (IFRS) 9га, ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) | аталыш |